**С.Рысбаев, К.Миңбаева**

# Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн кошумча окуу куралы

**Бишкек-2015**

**УДК 809,411.43**

**ББК 81,2 Ки я 721**

**Р-15**

**Р-15 С.Рысбаев, К.Миңбаева**

**Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар,** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн кошумча окуу куралы, Б.: 2015, ... бет

**ISBN 978-9967-20-968-2**

Окуу куралында улуттук балдар адабиятыбыздын бир катар өкүлдөрү Тоголок Молдо, А.Осмонов, Ш.Бейшеналиев, Т.Самудинов, Б.Асаналиев, К.Жунушев, Ж.Абдылдаев, Ы.Кадыров жана И.Токтогуловдун чыгармачылыгы, алардын чыгармаларындагы педагогикалык идеялары тууралуу сөз болот.

Ошону менен бирге, Токтогул менен Барпынын чыгармаларындагы адеп-ахлактык тарбия берүү ойлору да камтылган.

Ош гуманитардык-педгогикалык институтунун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен басууга сунуш кылынды

**Р4803300100-07**

**ISBN 978-9967-20-968-2** **УДК 809,411.43**

**ББК 81,2 Ки я 721**

С.К.Рысбаев,

К.Б. Миңбаева, 2015

*Баш сөз ордуна*

**Балдар адабиятыбыздын учурдагы абалы тууралуу**

**учкай сөз**

Ар бир эл улуттук балдар адабиятына эмне үчүн айрыкча маани берип келет? Анткени ал-улуттун байлыгы. Ал аркылуу улуттун келечеги болгон жаш муундун рухий дүйнөсү калыптанат. Ошол үчүн бүгүн биз дагы улуттук балдар адабиятыбыз, анын абалы, келечеги тууралуу тынчсызданып, аны менен бирге, балдарыбыздын келечеги үчүн да тынчсызданып отурабыз. Ал тынчсыздануунун жөнү да, себептери да бар. Анын биринчиси - албетте, СССР тараганы менен бирге, бирдиктүү китеп чыгаруу системасынын кыйраганы, экинчиси - республикабыздагы экономикалык каатчылыктан улам китеп чыгаруу кыйын болгондугу жана үчүнчүсү - дүйнөлүк глобалдашуунун капшабынан улам балдар жана жаштар маалыматтык технологияларга ашкере азгырылып, китеп окуу маданиятыбыздын төмөндөгөнү болуп отурат.

Өткөн күндөрүбүзгө кайрылсак, 1990-жылдардын башында кенже курактагы балдар үчүн «Мектеп» аттуу басмадан ар жылы жетимиштен ашуун наамдагы улуттук жана котормо адабият, анын ичинде, жомоктор, аңгемелер, табышмак, макал-лакаптар, балдар ырлары, дүйнөлүк жомокчу-жазуучулардын балдар үчүн мыкты чыгармалары кооз сүрөттүү болуп, миңдеген нускада чыгып турчу.

Суроо туулат: эгемендүүлүгүбүздүн 22 жылынан бери балдар үчүн жетимиш түрдүү аталыштагы китепти чыгара алдыкпы? Жок! Эмне үчүн? Анткени китеп чыгаруу маселесин мамлекет унутка калтырды. Өкмөттүк басылмалар талкаланып жок болду. Жер жайнаган менчик басылмалар кимдин акчасы болсо, эмне темадагы китепти чыгарууга буюртма алса, ошону чыгарып, балдардын китеп окуусу көзөмөлдөн чыгып калды.

Ошонун ичинде улуттук балдар адабиятыбыз да кыйынчылыкка туш келди. Элдик балдар чыгармалары менен түптөлүп, кадимки Нурмолдо, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы менен уланып, андан Совет кезинде профессионал жазма балдар адабиятыбыз түптөлүп, кийин аты дүйнөгө тараган даңазалуу балдар жазуучубуз Ш.Бейшеналиев баш болгон балдар адабиятыбыз кыйла өнүгүп келди. Орус элинин улуттук балдар адабиятын дүйнөлүк деңгээлге жеткирген С.Маршагы, С.Михалкову, К.Чуковскийи сымал, кыргыздын балдар акындары Т.Кожомбердиев, А.Кыдыров, Т.Самудинов, Б.Асаналиев, К.Жунушев жана башкалар балдарга эне тилинде тамга тааныттуудан тартып, мугалимден кем эмес кызмат кылышты, балдар чыгармаларынын бардык жанрларын орус балдар адабиятына тете деңгээлге көтөрүп чыгышты.

Алардын эмгеги улут алдында баа жеткис экендигин баса белгилегибиз келет. Тактап айтканда, Ш.Бейшеналиевдин «Мүйүздүү козу», «Мүйүзүнөн айрылган сүзөөнөк», Т.Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай», А.Кыдыровдун «Балдарга базарлык», Т.Самудиновдун «Кол чатыр», «Чаң баспасын сөздөрдү», жана башка ушул сыяктуу оригиналдуу китептери, тилекке каршы, кайрадан басылбай, библиографиялык сейректикке айланып калды.

Жакынкы эки-үч жыл ичинде Ж.Абдылдаевдин «Бал челек», Б.Асаналиевдин «Ыр куржун», Т.Самудиновдун «Ар бакчадан бирден гүл», Ы.Кадыровдун «Тамга–сандык, сөз куржун», К.Жунушевдин «Күн чубак», И.Токтогуловдун «Кап көтөргөн карышкыр», А.Карасартовдун «Табышмактар», «Кыргыз акын-жазуучулары-балдарга» аттуу эки томдук хрестоматия, «Дилазык» жана башка балдар үчүн бир катар мазмундуу китептер жарык көрдү. Ошондой эле, А. Кармышаковдун, Бек Жылдыздын, Н.Миңкаранын, Б.Абдулхамидованын К.Ураимовдун жана башкалардын аңгеме, жомок, уламыштардан турган бир нече прозалык китептери да басылып чыкты.

Учурда балдар акын-жазуучуларыбыздын жаңы мууну өсүп келе жатат. Атап айтсак, А.Кармышаков, Н.Миңкара, Б.Абдулхамидова, К.Ураимов, Б.Жылдыздар жомок, аңгеме, ырлардан жана табышмак, жаңылмачтардан турган экиден-үчтөн китептерин чыгарып, коомчулукка аты белгилүү болуп калды. Алардын чыгармачылыгына камкордук көрүү - демек, улуттук балдар адабиятыбыздын келечеги үчүн камкордук көрүү дегенге барабар.

Албетте, бул ысымдар азыркы улуттук балдар  адабиятынын кышын коюп, салтын улантуу үчүн улуулардын чыгармачыл жолуна түшүп, идеясын коштоп, тематикасын байытаар багытты тандап алуусу зарыл.

Эмесе, кезекти улуу муундагы жана учурдагы бир катар акын-жазуучулардын балдар үчүн чыгармалары, алардын таалим-тарбиялык маани-маңызы тууралуу кепке кезек берели.

Сулайман Рысбаев,
профессор, балдар жазуучусу,
КРнын Өкмөтүнүн балдар адабияты
жаатындагы сыйлыгынын лауреаты

## Токтогул Сатылгановдун дидактикалык поэзиясындагы философиялык, дүйнө таанproblem жана адеп-ахлактык ойлор

Элдик акылман идеяларды өзөгүнө сиңирген, аны кайра учкул саптар менен, дидактикалык поэзиянын курч тили менен элге жеткирген ырлар улуу акын, тоо булбулу атыккан Токтогулдун чыгармачылыгынын өзөгүндө жатат.

Мисалга алалы: «Эмне кызык» деген ырында адам өмүрүндөгү көп жаркын элестер туурасында айтып келип, жаштарды:

Эмгек этип жашыңдан,

Элге жаксаң эң кызык, — деп адал эмгекке чакырат да:

«Өмүрүңдүн ичинде

Өлбөгөнгө миң кызык»,— деп, деги эле дүйнөдөгү түгөнгүс кызыгы көп өмүрдү даңазалайт.

Токтогулдун «Гүлдөп ал» деген белгилүү ыры да, адам өмүрүн куру кол, бошко өткөрбөө керектигин сыпаттаган, жүрөккө тийген курч сөздөргө толтура. Ошондо да, өзгөчө элестүү мына бул саптарын айта кетсе болот. Андагы:

Жанып келбейт өмүрүн,

Жаш экенде гүлдөп ал,

Жалтанбагын, качпаган

Жаш ойнобос көрдө бар... —

деген афоризм сөздөрү философиялуулугу менен айырмаланып турат. Мындай философиялуулук:

Бул дүнүйө бекерсиң,

Бир күнү өтүп кетерсиң,

Опосу жок дүйнөнүн

Түбүнө ким жетерсиң, —

деген терең учкул ойлор менен башталган «Дүнүйө» деген көлөмдүү ырында андан ары улантылат. Анын аяккы сабындагы «Дүнүйө чиркин ушундай,

колуңдан качкан кушуңдай» деген философиялуу бүтүм да жаштарды дүйнөнү таанып билүүгө илимий аныктамадан да күчтүү, так элестүү туюлуп турганы жалганбы?!

Токтогулдун «Насыят» деген ырын ким гана билбейт? Андагы:

«Дениң соодо эринбей

Бекерликке берилбей

Эркиң менен жумуш кыл,

Эркинчеээк жалкоо дедирбей» —

деген саптарын кимибиз окубаган элек. Бирок, кезинде буларды Токтогул ушинтип ырдаган экен деген супсак сыпаттоо менен гана кабыл алган элек. Ал мындай супсак сыпаттоо менен эле түшүндүрүлбөйт экен. Көрсө,биз буга чейин Токтогул, Барпы, Жеңижок сыяктуу акындарыбыздын дидактикалык поэзиясынын көркүн чыгарган, улуу бирден бир каражат, курал—бул афоризмдерди элес албаптырбыз.

Мындай тарбиялык-таанып билүүчүлүк мүнөздөгү афоризмдерин атайыи жыйнап, мазмунуна жараша тематикаларга бөлүп, илимий жактан талдап, атайын анализ жүргүзүүбүз зарыл экен.

Токтогул ушул ырында, бирде:

Берекеси жок болот,

Бекеринен мал тапкан —

дел насаат айтса, бирде:

Аз өмүрдүн ичинде

Амандашкын күнүгө, —

деп, адам ариетин сактап, анын нарк-насилин  бийик көтөрөт.

Ошондой эле, терең философиялуу офоризм сөздөрү «Санат» деген дидактикалык ырында да жаш учурайт.

Аргымакты жаман деп,

Бууданды кайдан табасың!

Агайиңди жаман деп,

Тууганды кайдан табасың...

же:

Тууганына батпаган,

Душманына жылынат...

ошондой эле:

Эрди кудай урарда

Элүүсүндө жаш болот... - жана да:

Колундан келбес жумушту,

Оюң менен бүткөрбө, — дейт да;

Бузук менен муңдашпа,

Уятсыз менен ымдашпа —

деп, жолдош-дос, мамилелеш адамдын да татыктуу адамдардан болуусу керектигин кулагыбызга кумдай куят.

Акындын:

Жаман адам белгиси —

Өз камы үчүн жүгүрөт

Жакшы адам белгиси —

Эл камы үчүн күйүнөт — деген саптары («Үлгү ырлар») акындын өзүнүн да акындык жана адамдык сапатын, турмуштук поэзиясын бекем чагылтап турбайбы. Ошонусу менен ал көп жылдык өмүр-тажрыйбасынан улам келип чыккан бул туундуну балдарды тарбиялоонун бирден бир каражаты катары сунат.

Мындай турмуштук көрүнүштөр акындын «Замана», «Өмүр», «Карылык» деп аталган көлөмдүү ырларында да уламдан улам бекемделип, түрлөнүп жүрүп отурат.

Бул кыска макалада улуу акын Токтогулдун бүткүл дидактикалык поэзиясы, анын таалим-тарбия берүүчүлүк, дүйнө таанытуучулук маңызы жөнүндө айтып үлгүрүүгө мүмкүн эмес. Ошентсе да, аларды жыйынтыктап, жалпылап келип, мына буларды айткым келет: элдик акыл-ойду өзүнө

сиңирип, андан элестүү, бекем бир чулу ой туюмун жаратып, аны кайрадан элге жеткире алган бул улуу акындын өзү — кыргыз элинин акылмандыгын чагылдырган улуу көрүнүш тура. Ошондой эле ал элдик акыл мурастардын бай казынасы да экен. Ал ошондой сапаттары менен улуу экен, күчтүү экен, түбөлүктү экен, элдиу акылман акын-педагог экен.

Ошондуктан акындын балдар үчүн чыгармаларын бир-беткей талдоонун ордуна андагы философиялык, дидактикалык поэзиянын үлгүлөрүн өз-өзүнчө бөлүп талдоо, андагы афоризмдерди чогултуп, жыйнап, тематикаларына жараша анализдөө, өз алдынча изилдөөгө алуу, өз алдынча китеп кылып басып чыгаруу зарыл.

Ошондой эле, дидактикалык поэзия деген аталыштын өзү жөнүндө да эки ооз сөз айталы. Поэзиялык чыгармаларды типтерге бөлүштүрүүдө пейзаждык, сүйүү, философиялык, граждандык лирика деп гана бөлүштүрбөй, анын өзгөчө бир түрү—бул дидактикалык поэзияны да поэзия чыгармаларынын өзүнчө бир түрү катары талдап кароо туура экени көрүнүп турат.

**ОРНАМЕНТ**

**Барпы Алыкуловдун дидактикалык поэзиясынын дүйнө таанытуучулук жана адеп маданиятына тарбиялоочулук маңызы**

Ар бир, фолософиялык болобу, педагогикалык болобу, элдик ой-пикир өз доорунун туундусу болуп саналат. Ал адабий - көркөм чыгармачылыкта белгилүү бир формада берилет да, ал бир жанрды  жаратат. Ошол сыяктуу кайсы бир ойчул, акын өзүнүн дооруна, анын мүнөзүнө жараша өз ой-пикирин айтуунун да бир формасын түзөт  да, ал ой-пикирин тигил же бул формада айтат. Демек, ал да коомдук талапка жараша болот, анын жараткан чыгармасы да ошол коомдук талаптын мүнөзүнө жараша жаралат. Акын эмне жаратса, ал кандай идеяда болсо, кандай жанрга салынса—мунун баары коомдун талабына жараша адабий туунду болуп калат.

Кыргыздын элдик акындардын улуу өкүлүнүн дагы бири Барпы Алыкуловдун чыгармаларын окуп отуруп, жогорудагы ойлор аргасыз эске түшөт. Анын поэзиясы коомдук талапка - адамды тарбиялоо, калыптандыруу, жакшылыкка үндөө, акыйкаттыкка чакыруу идеяларына жык толуп турат. Бул мүнөзү акындын поэзиясынын элдик педагогикалык салттарга сугарылганын, тактап айтканда, элдик дидактикалык поэзиянын салтын татыктуу улай тургандыгын айтуубуз керек. Ошону менен бирге, акын мына ошол дидактикалык поэзиянын үлгүсүн  өз алдынча жанр катары бекем тутуп, аны кийинкилерге татыктуу өткөрүп бергенин да белгилөөгө болот.

Акындын поэзиясынын күчү да ошондо, б.а. философиялык-педагогикалык элдик салттарды поэзиянын тили менен элге жеткиргендигинде.

Акындын поэзиясы афоризмдерге өтө бай экендиги менен да айырмаланышат. Ал афоризмдердин негизинде философиялык-элдик педагогикалык туундулар жатат жана дидактикалык поэзия ошол афоризмдердин күчтүүлүгү менен өзүнүн таасирдүүлүгүн арттырып турат.

Бул акын өзүнүн акындык өнөрүн өзү жашаган коомунда атуулдук улуу парызын аткаруунун күчтүү куралына айландырган. Башынан кечирген оош-кыйыштуу дүйнө акынды турмушка философиялуу кез караштa кароого, көрүнүштөргө калыс баз берип, адамды туура жолго салууну өзүнүн атуулдук ыйык милдети катары сезген. Бул ойлор анын поэзиясы аркылуу элге жетти жана анын өзгөчөлүү почеркинин бир белгиси катары улуттук адабиятыбызда  кала берди.

Дидактикалык поэзия — поэтикалык терендиктен, көркөмдүк бийиктиктен оолагыраак болсо да, философиялык кеңдик, тунук акыл, осуят айткан накыл кепке бай экендиги менен өзгөчөлөнөт. Бул окуган ар бир эле байкалбай койбойт, ал эми адабиятты талдап түшүнгөн адамга оңой эле көрүнөт.

Бул сапат- Барпы акындын сөзгө чечендигинен, акылмандыгынан улам ого бетер көркүнө чыгат. Антпесе, көпчүлүк убакта айрым акындар акыл айтам деп, курулай, турмуштан алыс кургак дидактикага кызыгып, поэзиянын кунарын кетиришерин да практикадан көрүп жүрөбүз.

Мектеп программасында биз сөз кылып жаткан Барпынын дидактикалык поэзиясы менен төмөнкү класстардан тартып эле тааныштыруу аракеттери улантылып келатат. Окуу китептерде да анын айрым, философиялуу-дидактикалык афоризмдерге бай ырлары орун алган. Буга жалпыга белгилүү «Балдарга насыяты», «Куштардын санаты» ж. б. ырлары күбө.

Мисал келтирели. Барпынын «Балдарга насыяты» башынан аягына чейин афоризмге жык толгон дидактикалык поэзиянын классикалык үлгүсүн берет.

Бирдин көөнүн оорутуп,

Кетпегиле, балдар ай,

Түбү кандай болорун

Эстегиле, балдар ай, ... ж. б.

Мындай ырлар элдик педагогиканын ойлорун өзүнө сиңирүү менен, балдарды калыптандыруучулук, жакшы сапаттарга үйрөтүп, тарбиялоочулук күчкө эгедер.

Мында мен, өзгөчө, тарбиялоочулук жагына басым койгум келет. Тарбиялоонун фонунда, ойлоо маданиятына калыптандыруу, мамиле маданиятына, жүрүм-турум маданиятына, сүйлөө маданиятына, иштөө маданнятына үйрөтүүгө көңүл бөлөт, билимге үндөйт, заманды, дүйнөнү түшүнүүгө чакырат, нравалык тазалыкка жетелейт, чындыкты таанып өссө дейт, жоопкерчилик милдетти мойнуна артып жетилсе - дейт. Мисалы:

Чеки басып жат жерге,

Барбагыла, балдар ай,

Эс токтотуп ар ишти

Ойлогула, балдар ай —

деп, бул саптары менен ой жүгүртүү маданиятына тарбиялоону көздөсө, андан ары:

Минип турган атыңды,

Чаппагыла, балдар ай.

Киши билбестиктен сүйлөсө,

Какпагыла, балдар ай —

деп, айбан малга да, акыл-эстүү адамга да бирдей астейдил мамиле жасоого үндөйт.

Же болбосо,

Бош куржунга сук колду,

Салбагыла, балдар ай,

Бирөөнүн болсо буюму,

Албагыла, балдар ай... - деп, жүрүм-турум ыйманын эске салса,

Кеп бербеген такымчы,

Болбогула, балдар ай,

Адебиңдин пайдасын,

Ойлогула, балдар ай —

деп, сүйлөө маданиятына үндөйт, улуу-кичүү менен, тааныш-бейтааныш менен адептүү баарлашуу керектигин эскертет.

Ошондой эле:

Мээнетти чала кылбастан,

Бүтпөгүлө, балдар ай —

деп, жасап жаткан ишине да маданияттуу, жоопкерчиликтүү мамиле жасап, иштөө маданиятын көңүлүнө түйүп турат.

Илим-билим пайдалуу,

Окугула, балдар ай, —

деп, илим менен билимге да чакырат. Ал тургай:

Кеңири замаң, тең жыргал,

Ойногула, балдар ай,

Теңдик ушул жеткенин

Ойлогула, балдар ай — деп, замананын мүнөзүн түшүнө билүүнү ойлойт, түйшөлөт.

Анан да, балдарыбыз эл уулу болуп өссө экен деп:

Тоодон түшкөн ташка окшоп,

Күүлөнгүлө, балдар ай,

Күндөн-күнгө чыңалып,

Бүрдөгүлө, балдар ай, — деп алардын келечегин ойлоп, кам көрөт.

Милдетиңди ар дайым

Эстегиле, балдар ай,

Орундатпай ишинди,

Кетпегиле, балдар ай, —

деп, жасаган ишинин ийгилиги үчүн бекем жоопкерчиликтүү болууну көздөйт. Анан да:

Көпчүлүккө жакшылык

Нечен кылгын, балдар ай — деп, нравалык тазалыкка үндөйт.

Дагы бир баса көрсөтүп айтчу бир нерсе — «Куштардын санаты» деген ырында ар бир кушту өз-өзүнчө сыпаттап келет да, аларга туура сын берип, акыйкат баалап келип келип:

«Көзүмдү байлап койсо да,

Куш деп айтпайм карганы», -деп актык менен тууралыкты жерге тепсебей, чындыкты айтууну эп көрөт. Акындын бул канаттуу сөзү—анын кадимки:

Ак кымкаптан тон албайм,

Ак алтындан сом албайм,

Ар кимди барып бир мактап,

Ары жок ырчы боло албайм,—

деген анын акындык да, адамдык да жүзүн таасын көрсөтүп турган учкул саптарын дагы бир ирет эске салат.

## ОРНАМЕНТ

## Тоголок Молдонун поэма-тамсилдериндеги акыл-тарбиясын берүүнүн маанилүүлүгү тууралуу

Деги эле, дүйнөлүк балдар адабиятында башкы тема - балага акыл-эс тарбиясын берүү проблемасы болуп, ал алдыңкы планда турары белгилүү.

Мындай идея, албетте, Тоголок Молдонун поэмаларында жана тамсилдеринде өзгөчө чагылдырылган. Акын Тоголок Молдо аталган проблеманы камтыган бир нече белгилүү чыгармаларды жазып калтырды. Атап айтканда, «Кемчонтой», «Телибай тентек», «Абышка менен кемпирдин көмөчү» аттуу поэмаларын жана «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу тамсилдери буга мисал болот.

Анын атактуу «Кемчонтою» эмнеси менен баалуу? Анын баалуулугу ушунда-улуттун бала тарбиясында баланы акыл-эстүүлүккө жаштайынан тарта билим аркылуу тарбиялоонун эң сонун мисалын эталондуулукка чейин жеткирген, улуттук балдар адабиятыбызда кайталангыс үлгү образды түзүп тургандыгы.

Кемчонтойдун образынан калышпаган дагы бир поэмасы «Телибай тентек» поэмасы болуп саналат. Аталган поэмасы дагы тентек Телибай Кемчонтойдун уландысы, анык акыл-эстүү болууга үндөгөн үлгү образды чагылдырган чыгарма. Андагы Телибай да билими гана эмес, акыл-эси өсүп жетпеген, адам баласына тийиштүү акыл-парасаты жетишсиз, ары тентек, ары өз оюндагысын жасаган, иретсиз ойлонгон, эң жөнөкөй нерсе-ата-энеге, бир тууганга орундуу, акыл-эстүү мамиле жасаганга жарабаган бир макулук сыяктанган баланын типтүү образын элестетип турат.

Поэманын мазмунуна кайрылалы. Анда эркек баласы жок жүрүп, “куу баш” өтөмбү»-деп кейип жүргөн Дадаңбай аттуу киши эңсегенине жетип, жашы өткөн кезде бир эркек балалуу болот. Жалгыз эркек баласын

каалаганындай коюп, чексиз эркелетип жүрүп, ошонун кесепетинен улам, ал улуунун сөзүн укпаган, сыйлабаган, адеби жок, акылы кем болуп чоңоет.

Ал тууралуу акын мындай деп эскерет:

«Эр жеткенде Телибай,

Акылы жок жан болду.

Балам жинди болду- деп,

Дадаңбай буга дал болду. [1]

Айласы кеткен Дадаңбай «молдого берип окутсам, жиндилиги калар, тентектиги жоголсо, бир күнү тилимди алар» деген ой менен молдого алып барат. Дадаңбай молдого барып, баланын бузуку иштерди көп жазап, ишти бүлдүрүп, жанын күйдүрүп жүргөнүн айтып, жакшылап тарбиялап, тентектигин калтырып берүүсүн суранат. Бирок анын тилеги ишке ашпайт. Телибай молдонун да тилин албайт, анын айласын кетирет, дептерлерин жыртат, айтканын укпайт, аны да жадатат. Бир күнү айласы кеткен молдо аны үйүнө кубалайт.

Ошол кезде окуя кайрадан чиеленип, анык көйгөй эми башталганын акын мындай деп улантат: көрсө ошол кезде карып калган Дадаңбайды ажал тороп, бир канча күн ооруп жатып, бул дүйнө менен кош айтышат. Үйдө жалгыз энеси акылсыз баласы менен калат. Жакыр, оокаты жок болсо, карыган кемпир ишенген баласы Телибайга иш тапшырып отурганы:

Телибайдын энеси

«Балам»-деп буга кеп айтат:

---

[1] Кыргыз акын-жазуучулары-балдарга, окуу хрестоматиясы, 1-том, Б., 2010, 38-б.)

«Атаң өлдү-деп айтат.

Кепин кылар матаң жок,

Кантип муну көмөбүз,

Мындан жаман капаң жок.

Конокко соер коюң жок,

Эчтеке менен оюң жок…» (39-б.)

Албетте, ишенген эркек баланын милдети да ушул эмеспи, атасын жерге коюп, артынан ариетин жасап, жакшылап көөмүп, ырасмилерин жасашы керек. Ушул милдетти эми Телибай аткара алар бекен? Апасынын тапшырган ишин дурустап жасаар бекен?

Апасынын тапшыруусу боюнча ал турмушка чыккан эжесинин үйүнө келет, «Арманың барбы эжеке, атаң өлдү» деп айтып, эжесине атасы өлгөнүн орой сөз менен угузат. Акылы болбосо, ошол да. Кейип-кепчиген эжеси атасын коюуга кам көрүп, союшуна коюн, челпегине унун, кепинине кездемесин аябай бере турган болот. Кармай тур деп Телибайга баласын карматып, эжеси коюн сааганы кетет.

Телибай андан да акылсыз иш жасайт: бала Телибай алганда эле ыйлайт, эмнеге ыйлап жатат деген ой менен ал баланын башын сылайт. Ката элек эмгегин баамдайт. Былкылдаган эмгегин ириңдеп кеткен жара турбайбы деген акылсыз Телибай аны бекер ыйлап жатпаптыр деп, кам көргөн киши өңдөнүп, мээсин чукуп алып, кичинекей наристени өлтүрүп таштайт. Аны көргөн эжеси Телибайга атасын көмүүгө керектүүлөрдү берип, акылсыз инисин үйүнө кубалайт.

Ушуну менен акын Тоголок Молдо адамдын эң эле акылсыздыгынын бир белгисин мына ушундай далил менен сүрөттөйт.

Эжесинин үйүнөн келе жатып, Телибай коюн «кудайдын ити» карышкыр менен жарыштырып, кимиси күлүк экен деп сынагысы келип, талаага кое берди. Бул-бир. Экинчиси, андан бери келе жатып жол боюндагы булакты көрүп, «кудайымдын казаны куру эле кайнап жаткан тура»-деп, колундагы челпектик унду ага бүт бойдон салып кете берди. Аны менен эле бүтүп калбай, жыртышка деген матасын жол боюнда шамалга башын ийген камыштарга «кудайымдын келинчеги бүркүнчүгү жок эле бийлеп жаткан экен»-деп, айрып-айрып жер жайнаган камыштын баштарына байлап кете берет. Андан ары ал келесоо Телибай атасын көмүү менен иши жок, энесинин абалын билүү оюнда жок, талаалап кетип калат...

Ошондо анын башка агалары: «Бул Телибай оңбойт, дегеле адам болбойт-деп, жанына чакырып алып, мындан кутулууну ойлошот. «Тоого барып, алтын томкоруп, бай болобуз»-деп, ээрчитип алышып, ташты кызарта ысытып тоголотушат да, мунун анык акылы жок экенин көргүлөрү келет. Телибай болсо:

«Таш барып түзгө жеткенде,

Басып калды кучактап,

Териси ташка жабышты,

Тентектин эбин табышты.

Ыйкыйасаң-ыйкыйа,(40-бет)

Чыйкыйасаң-чыйкыйа-деп, ысыган ташка куйкаланып өлөт. Ошентип, атасы да тарбиялай албаган, молдо да билим берип акыл үйрөтө албаган, коомго керексиз акылы жок Телибайдан бир туугандары кутулушат.

Поэманын темасы, материалынын мазмуну эч качан эскирбеген, тарбиянын түбөлүктүүлүгүн камтып тургандыгы менен да баалуу. Бул мурда

да, бүгүн да, эртең да актуалдуулугун жоготпой, тарбиялык таасири күчтүү чыгарма боюнча улуттук балдар адабиятыбызда кала берери шексиз.

Акылдын жаш адамга да, кары адамга да керектиги тууралуу, анын негизги жашоо куралы экендигин эске салган «Абышка-кемпирдин көмөчү» поэмасы мындан кем эмес тарбиялык күчкө эгедер.

Бул поэманын каармандары, анын ичинде, өзгөчө ачуулуу кемпир кадимки А.С.Пушкиндин «Балыкчы жана алтын балык тууралуу» жомогундагы кесирлүү кемпирди эске салат. Андагы тили заар, пейили тар, ачуулуу кемпир Тоголок Молдонун аталган поэмасындагы кемпирге кыйла терс сапаттары жана кыял-жоруктары менен окшош, типтүү каарман сыяктуу образ. Экөөндө тең кемпирлер кесирлүү, абышкаларын адам катары санашпайт, күндө урушуп, абышкасын бийлеп алат, алдында турган тамактарын дурустап жасай алышпайт, бар турган тамак-аштын баркына жетпейт, колундагы ырыскыларын көтөрө алышпайт, акырында бактысынан ажырап отуруп калышат.

Акыл-эстүү болууга ар кимди үндөгөн, акыл-айланын да ар качан керектигин эске салган акындын дагы бир чыгармасы – «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» аттуу тамсили. Мында да, өз ырыскысынан аңкоолугунан улам айрылары жана акыл жана айла-амал менен кандай гана шарттан болсо да кутулууга болорун, ал үчүн эң негизгиси-акыл керек экенин дагы бир ирет ырастайт акын.

Анда оозуна тиштеп алган ырыскысы-бөдөнөдөн кесирлүү түлкү кантип айрылды? Байкап көрөлү. Түлкүнүн оозунда, курч азуусуна туш келип, өлөрүн санап калган бөдөнө акыл ойлогонго жетишкенин кара. «Арзымды уккун, түлкү аке, жесең да, адалдап же-деп, алтыга чейин санаткысы келет. Канчалык куу болсо да, эч кимге алданбаган түлкү ушул жолу акылдуу бөдөнөгө алданат, тактап айтканда, куулук канчалык күчтүү болсо да, бир күнү акылга жеңилет деген элдик накылды эске салат.

Макул-деп түлкү ынады,

Санамакка чыдады…

«Бир» десе, түлкү «бир» деди,

«Эки» десе, «эки» деп,

«Үч» десе, түлкү «үч» деди… Акырында, «акылдын анты алты эле» деп, бөдөнө «алты» дегенде, түлкү да «алты» деп оозун ачканда, бөдөнө «пыррр» эте түлкүнүн азуусунан кутулуп учуп кетет…«Оозунан алдарган» деген элдик сөз дал ушунун өзү. Албетте, оозундагы ырыскысын аңкоо гана алдырат. Ал үчүн акылдын күчү керек жана ал жеңип чыгат. Мында да дал ошондой болот.

Ушундай эле, айткан сөзүнө тура албаган, жалкоо, өз оокатын тыңдап кыла албаган, утурумдук өткөргөн күнү менен ыраазы болуп жүрө берген, акылы чолок адамдын образын берген «Иттин доолдай тиктирем» дегени аттуу тамсили да акын Тоголок Молдонун канчалык күчтүү элдик педагог экендигин, андагы кышында үшүп кыйналганда, жаз келгенде чыгынып туруп бир суук өткүс чапан согуп албасамбы, - деп кыялданганы, бирок жаз келип күн жылыганда, кышында үшүп-тоңгонун унутуп, жыргап-куунап жайлоодо жүрүп, эч кандай иш кылбай, баягы эле жалкоолугунун айынан турмушун оңой албаганы - тамсилдин негизги тарбиялык маани-маңызын түшүндүрөт.

Демек, акын, элдик педагог Тоголок Молдо мына ушундай поэмаларындагы, тамсилдериндеги оң жана терс каармандары менен баланы акыл-эстүү, ыймандуу жүрүм-турумга чакырат. Анын мындай каармандары балдарга үлгү болуу менен, элдик таалим-тарбия берерлик таасирдүү чоң күчкө ээ.

## Тыныстановдун балдар аңгемелеринин педагогикалык маани-маңызы жана анын улуттук балдар адабиятыбыды түптөөдөгү ролу тууралында

Чындыгын айталы, кыргыздын улуттук жазма балдар адабиятынын башаты Касым Тыныстановдун ысмы менен тыкыс байланыштуу. Буга анын 1924-жылы чыккан «Эне тили» окуу китеби айкын далил. Ошол китептин бет ачарында анын мындай деп жазганы бар: «Бул китепти жаш балдар үчүн арнап жазган болдук. Жаш балага арнап китеп жазуу үчүн көп устаттык, көп-көп тажрыйбалар керек экен. Жаш баланын жашына ылайыктоо үчүн, кыйын-кыйын шарттарды өтөө керек... Экинчиден, бизде мурдатан жолго коюлган адабият жок. Канчалык калк адабиятына байбыз десек да, алар иштелбеген, балдарга эптүүсүн табуу кыйын болду. Жана бизде акындарыбыздын сөзү иретке салынбагандыктан, сулуулары табылбады...».

Кичинекей үзүндү алынган бул баш сөздө, К.Тыныстановдун балдар үчүн күйүп-жанган аракети жана анын кийинки акыбетин сезип-туйбай кое албайбыз. Анткени, ал китеп кыргыз элинин бай элдик адабиятынын үлгүлөрүн терең үйрөтүү менен, балдарга ылайыкталып тартууланган майда ырларга, жомокторго жана тамсилдерге өтө бай экендигин өзгөчө баса белгилеп айтууга тийишпиз. Биз буга чейинки алгачкы деп баалап келаткан К.Баялиновдун «Ажары» 1926-жылы чыкканын эске алсак, Касымдын балдар үчүн жазган алгачкы чыгармалары, кыргыз балдарына тартууланган, кыргыз тилиндеги биринчи үлгүлөрдөн эле да. Алардын тарыхый баалуулугу мына ушунда болуп саналат.

Мына ошол биз атаган «Эне тили» китебине кирген ырлардын ичинен өзгөчө көзгө урунарлары: «Бөбөк терметкенде», «Жаз», «Бала менен чымчык» сыяктууларды бөлүп сөз кылууга болот. Анткени, улуттук професионал жазма адабиятыбыз жаңыдан түптөлүп келе жатканында элдик оозеки адабий үлгүлөрдүн күчтүү таасиринде турган жаш акын ошол кезде ушундай реалисттик адабияттын үлгүсүндө эгедер болор чыгармаларды жаратышы чоң жаңылык эле. Айталы, «Бөбөк терметкенде» деген ырында элдик салттын үлгүсүндө «Алдей, алдей, бөбөгүм...» деп баштайт да:

Энең байкуш эгинде,  
Эки эмчеги зыркырап,  
Эгин бүтпөс тегинге  
Эмчексизге жок тамак...

деп, улантып, жаңыланган замандын шартына ылайык бөбөк өсүп-чоңойгондо эмнеге умтулуусу, эмнеге карай жетилүүсү андан ары мындайча баяндалат;

...Сен да борбуй көтөрсөн,
Мектеп карай жөнөсөң.
Жашың толуп торолуп,
Ок жыландай толгонуп...
жана,
...Ай-жылдыздай тизилген,
Алыс жолго кол созсок,
Азап чеккен эзилген.
Элибизге кул болсок...

Демек, бул «Бөбөк терметкенде» ыры элдик салттан улам жаралып, жаңыланган турмушка жараша жазылган «жаңыча бешик ыры» экендигине ынанабыз. Ошону менен бирге, бул ыр далай кыргыз акындарынын чыгармачылыгына элдик сюжетти пйдаланып, аны жаңыча импровизациялап, жаңы үлгүдөгү оригиналдуу чыгармалардын жаралышына жол баштагандыгын («Жаңыл Мырза» поэмасын кошо эсепке алганда да) туябыз.

Ал эми, «Бала менен Чымчык» аттуу ыры анын реалисттик нукуралуу чыгармасы экенин тана албайбыз. Ырда жаз чыкканда, айылга жаңы учуп келген чымчык менен кичинекей баланын айтышы баян этилет. Мындай айтыш формасындагы ырлар эл адабиятыбызда мурдатан эле салт болуп келген болсо да, анын жазылышы, андагы лексика-грамматикалык каражаттар, сүрөттөө-баяндоо ыкмалары башкача. Чымчыктын «Зып-зып» этип учуп келгенин, «чырлыйт, чырлыйт» күүгө салып сайраганын ошол 20-жылдарда кандай сүрөттөлүп жазылса, бүгун деле ошондой жазылып келатпайбы. Демек, бул ырга мындай таасын сүрөттөө менен К.Тыныстанов жаңылык ачпаса да, кыргыз жазма адабиятында, накта реалисттик сүрөттөрүнүн дыңын бузган экен. Анан дагы мындай, (дагы да болсо, өз мезгилинде балдарды «тазалыкка, адал эмгекке» үндөө идеяларын келгин чымчыктын сөзү менен берүү аркылуу, бул кооз келгин чымчыктын сүймөнчүлүктүү элесин көзгө тартат) ырда бала чымчыктын татынакай канатынын кантип мынча кооз болуп жетилгенин сураса, чымчык «балит жерде эч качан баспаганын, күндө үч ирет тазаланып жуунарын» айтса;

Бала: Суулукту, зейректикти,
Мен да үйрөнүп алайын,
Жол-жобосун айтып берчи,
Кайдан издеп табайын»,-

деп, кичинекей баланын тазалыкка, тартипке умтулуусун кеп кылат. Акырында, бала ошол умтулган тазалык менен зиректик сапаттар мектепте экендигин сезүү менен, ыр жыйынтыкталат.

К.Тыныстанов баланы адеп-ыйманга, тазалык менен чынчылдыкка тарбиялоодо, алардын жалпы эле рухий дүйнөсүн калыптандырууда көркөм адабияттын ролу чоң экендигин өз учурунда эң мыкты түшүнгөн. Китепке кирген жыйырмадан ашуун  ыр-аңгемеси ошол учурга жараша жазылып, бүгүн окууга кызыксыз болуп кала турган кунарсыз чыгармалар эмес экен. Алардын ар бири балдардын адептик жана тил маданиятын калыптандыра турган тарбиялык терең мазмунга бай болушу жана да моралдык жыйынтык чыгаруу максатында ар биринин аягына элдик накыл кептердин берилиши алардын баалуулугун ого бетер арттырат.

Буларга далил «Арпа менен буудай», «Ууру», «Кичинекей акылман», «Талаага тал өнүптүр» жана «Таштанды ит», «Калпычы» деген классикалык аңгемелери окуган адамды  ойго салып, кандайдыр бир жекече ой туюмуна жетелебей  койбойт.

«Арпа менен буудa» деген аңгемеси, болгону, сегиз жолдон турганы менен, анын турушу анык элдик педагогиканын үлгүсүнө жатар накыл кепти туюнтуп турат. Ошондо да, мындай бир жагдайды, К.Тыныстановдун буга окшогон бир катар аңгемелеринен  накыл кептин да,чечендик сөздөрдүн да белгилери даана туюлат.

Мисалга алалы, «Арпа менен буудай» деген аңгемеде, арпа:

–Жүр, буудай, алтын чыккан жерге барып өсөлү–десе, буудай:

–Мурутуңуз узун болгону менен, акылыңыз кыска экен, арпам! Биз эмне үчүн алтынды издеп барабыз, алтын бизге өзү келет...– деп отурбайбы. А көрсө, автор сөздүн күчү, таамай ой менен: нандын өзү алтындан кем эмес экенин, андан өтөр байлыктын адам үчүн жок экенин эскертип айтып, айрым, алтынга намыс-арын саткан эссизди эстүү болууга чакырып жатпайбы!

Ушуга үндөш «Талаага тай өнүптүр» деген аңгемеси да – негизинде элдик накыл кеп уюп жаткан мазмундуу чыгарма. Аталышын окуп, же уккан эселек бала «Талаада тай өнмөкпү?!!» деп мыйыгынан күлүшү да толук ыктымал. Бирок, андагы Абыл деген бала: «Тай сатып бер, атаке – деп көптөн бери атасын кыйнап келиши, а атасы бир күнү дагы сураса: «Тайың даяр, талаага айдап койдум, чоңойуп калды» деп табышмактантып, баланы аргасыз, бирде таң калтырып, бирде ойлондуруп коюшу өтө кызыктуу. Анан гана, кийин аңгеменин соңунда, күзүндө алган эгинден эки кап тарууну базарга алып чыгып, баласына тору жорго тай сатып бериши – атасынын баягы айткан сөзүнүн жалганы жок экенин; аны болсо автор кургак дидактика менен эмес, сөздүн күчү, турмуштук тажрыйба менен түшүнтүп,

баланын таанып-билүүсүн, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө жасаган аракети баалоого арзырлык көрүнүш.

Адамды ыйманга чакырган дагы бир мыкты аңемеси – ал «Таштанды ит» деп аталат. Учурунда байдын мыкты короочусу болгон ит карыганда ашка жүк, башка жүк болуп калышы менен окуя башталат. Ага бай тамак бердирбей койсо, ит аргасыз уурулукка кирип, анын жазасы катары мойнуна таш байланып сууга ыргытылышы менен окуя чиеленет. Бирок, окуянын аягы таптакыр башкача чечилет. Итти сууга ыргытам деп жатып, жардын учу жемирилип кетип, бай кошо сууга түшөт. Суу билбеген бай бир өлүмдөн калып, эсине келип, көзүн ачса, баягы таштанды болгон ити башы канга боелуп жанында чокчоюп отурганы... Көрсө, өзүнүн ээси өлүмгө кабылганын туюп (макулук анын жамандык кылып жатканы менен иши эмне!) кургакка сүйрөп чыгып, эсине келишин күтүп турганы... Ошондо бай түшүнүп, акылына келип, өзүн бир өлүмдөн алып калганы үчүн, итин карыганча кастарлап баккан тура...

Мында да, аңгеменин аягында окуган адамды: «Наадандын кылган кастыгын жакшылык менен жең» деп, элдик накыл кеп менен ыйманга чакырат.

Ушундай эле таасирдүү мазмундагы «Энеге баланын алалыгы жок», «Билим – түгөнгүс байлык» деп жыйынтыкталган «Билим – түгөнгүс байлык» аттуу аңгемеси да турмуштук мисал менен далилдүү таасир этилет. Анда атанын байлыгына туйтунуп эсирип жата берип, бар өнөрдөн калган улуу баласы менен, апасынын жиберүүсү боюнча алыска барып билим алып, түрдүү өнөр үйрөнүп келген кичүү уул жана атасынын байлыгы түгөнгөн агасы эми инисине барып, андан жардам сурап жалдырап келиши бүгүнкү учурга жараша ынанымдуу эле баяндалат.

Аңгеменин тарбиялык таасири сезилерлик жана да окуган адамды ойлонтууга түртпөй да койбойт.

К.Тыныстанов ушул сыяктуу жана мындан башка аңгеме-ырларында педагог катары балдарга ар тараптуу тарбия-таалим берүүгө аракет жасагандыгына ынанабыз. Мындай таалимдердин дагы бири-тил тарбиясы, тагыраак айтканда, сөз маданиятына, анын ичинде риторикага, сөз табышмактарын чече билүүгө үйрөтүү аракети болгон десек жаңылбайбыз. Тактап айтканда, анын «Тергөө» деген аңегемеси – нагыз элдик, чечендик кептин үлгусу болуп саналат. Анын каарманы болуп эсептелинген акылман, тапкыр келип, кайни-кайнагаларынын аттарын тергөө аркылуу, кыйналыш шарттка карабай, сөздүн күчү менен: Субандын аты айтылат деп- сууну «шаркыратма» деп, Камышбайды «шуудурама» деп, Койлубайды тергеп- «маарама» деп, Бычакбайды айтпай- «суурума» деп кыйытып, ал эми

Бүлөөбайды «жаныма» деп жашырып, Карышкырды болсо «улума» деп таамай айтып, кырдаалды так түшүндүргөнүнө таң калбай кое албайбыз. Же болбосо, «Бул эмне үчүн жаралган?» деген чакан ырын алалы. Ал көрүнүп тургандай, табышмактуу суроо-жооп формасында ой жүгүртүү мүнөзүндө жазылган. Ырда толук эле келтирели:

Ооз жалгыз биздерде,
Кулак экөө - ал эмне?
Бул муну үчүн жаралган;
Анык укта, аз сүйлө,
Ооз жапжалгыз биздерде,
Көз да экөө - бул эмне?
Бул муну үчүн жаралаган:
Абдан көр да, так сүйлө.
Ооз жапжалгыз биздерде,
Кол да экөө - бул эмне?
Өзүң ойлоп, тап, билгин:
Көп иште да, аз жегин...

Көрүнүп тургандай, автор бул ырында балдары адептүү жүрүп, адал эмгек менен жаша, кыраакы болуп, так, даана, адилет сүйлө - деп, аларды адеп маданиятына чакырып отурат.

Чындыгында, автор жогоруда биз мисал келтирген аңгемлердеги адеп-ахлакка чакырган накыл кептер бир жагынан, балдарды адеп маданиятына чакырса, экинчи жагынан элдик тилди жакшы билип, маанисин түшүнө алууга, аларды кебинде орундуу, логикалуу, так колдоно билүүгө ээ кылууга аракеттенет.

Бул айтылган ойлорду китептеги «Малдардын талашы», «Кичинекей акылман», «Калпычы», «Сонун үй», «Алдар көсө менен шайтан» ж.б. аңгемелерди да далилдеп турат.

Демек, К.Тыныстанов өзүнүн жазуучулук ишкердүүлүгүнүн азгантай жылдарында аз жазса да, саз жазып, улуттук жазма балдар адабиятыбыз үчүн баа жеткис адабий мурастарды калтырып кеткен экен. Ошону менен бирге, ал элдик балдар адабиятын жыйнап, иргеп алып, аларды (өзү айткандай) баланын тили менен баяндап берүү менен да, өз алдынчалуу аңгемелерди жазуу менен да, профессионал балдар адабиятыбыздын пайдубалын түптөп берген экен. Кийинки жазуучу – акындарыбыздан К.Баялинов, К.Эсенкожоев, К.Эшманбетов жана башкалар анын жолун татыктуу улантышты.

**Акын Алыкул Осмоновдун балдарга калтырган**

**рухий мурастары жана айтар акыл-кеңештери**

«Балдар жазуучусу болуп үйрөнө албайт, ал үчүн атайын төрөлүш керек» деген да сөз бар. Албетте, бул сөз бекеринен чыккан эместир, анткени бардык эле жазуучулар баланын психологиясын туура түшүнүп, бала менен бала болуп жашап, бала болуп ойлонуп, балдардын тилин таап жаза албайт. Андай болбогондо, т.а. баланын жан дүйнөсү жашабаган чыгарма-балдар адабияты болуудан калат. Ошон үчүн балдар адабияты балдар тууралуу чыгармалардан эмес, байыртан балдар үчүн жазылган чыгармалардан улам жаралган эмеспи.

Улуу жазуучу Л.Толстой айткан тура: «ар бир жазуучунун ыйык милдети-балдар үчүн жакшы чыгарма жазып берүү» -деп. Ошол сыңары, улуу акын А.Пушкин балдар үчүн эмне деген керемет жомокторду жазып берди. Л.Толстой кедей-кембагалдардын балдар үчүн далай убактысын арнап, «Азбука» жазып, чакан аңгемелердин классикалык үлгүлөрүн калтырды. Өзүбүздүн улуттук адабиятыбызда сөз устаты А.Токтомбаев, романчы Т.Сыдыкбеков менен аты аалам кезген Ч.Айтматовдор балдарыбызга атайын кайрылып, көптөгөн мыкты аңгеме-поэмаларды берди. Алардын катарында сөзсүз түрдө А.Осмоновдун ысмы айтылбай койбойт. Анткени ал дагы балдарыбызга не деген мыкты ырларын жазып калтырып, улуттук балдар адабиятыбыздын көрөңгөсүн көбөйтүп берип кетти.

Чындыгында, А.Осмоновдун да улуу акын-жазуучулардын салтын улап, чоңдор адабиятына кандай кызмат кылса, улуттук балдар адабиятыбызга да бир топ белегин берип кеткенин атайын изилдеп көрө элек экенбиз. Байкасак, анын балдар үчүн ырлары арбын экен, мазмуну терең, тематикасы ар кыл экен.Алар тек гана «бак тигели, жүргүлө» дегендей жөн салды декоративдик ырлар эмес, ар бир сабында акыл-ой, ар бир сөзүндө таанытуу, ар бир куплетинде тарбия берүү идеялары камтылган нагыз дидактикалык поэзиянын үлгүлөрүнөн экен. Ар бир ыры курулай насаат, кургак дидактика эмес, элдик нукура нарктуу таалим-тарбия менен сугарылган, турмуштун өзүндөй, нагыз насаатчы мугалимдин тарбия саатындай мазмундуу, ар бир ыры баланын кыялын, мүнөзүн, жүрүм-турумун таасын чагылдырган, балага жакын, бирде эскертип, бирде сындап, бирде бирде эскертип, ошону менен улуулук таалим-тарбиялык сөзүн айтып тургандай жандуу ырлар экен.

Ушундай маани-мазмуну менен, 2000-жылы басылып чыккан «Балдарга» деп аталган кыргыз, орус жана англис тилдериндеги жупкадай китеп (Алыкул фонду тарабынан «ЭркинТоо» ачык типтеги акционердик коомунан чыккан, Б., 2000, 3,5 б.т.) мазмуну жана мани-маңызы менен алда-канча көлөмдүү нарктуу акыл кутучасы өңдөнүп турат. Анткени Алыкулдун жыйнакка кирген кадимки «Эне тили», «Грунья Савельевнага», «Жибек кийген эрке кыз» жана «Бүкөн» аттуу классикалык ырларын кошпогондо, нагыз балалыктын дүйнөсүн чагылдырган жыйырмадан ашык ырлары балдар чыгармалары кандай болуусу керек? –деген суроого «ушундай болушу гана керек» дегендей таасын жооп болор чыгармалар экени талашсыз.

Жыйнакты барактаган жөн эле окурман адамга айрыкча көзгө көрүнөр «Түлкү менен каздар», «Чымын-чиркей» ырлары, «Жамгыр ыры»,»Балдар жана турналар», «Эки алган Эмилбек», «Калпычы Канымгүл», «Эки метр Эсенгул», «Китептин душманы» ж.б. ырлары анын таанытуучулук жана таалим-тарбиялык маани-маңызын изилдей келген адамга алардын барк-баасы андан бетер ачык-даана көрүнүп чыга келет.

Антсе да, улуу акындын айрым ырларында ачыктык менен дааналык айкын көрүнүп-сезилип турса, айрымдарында нагыз элдик нарктуу идеяларды нукура элдик көз караш жана ширин сөздөр менен сыпаттап бергенин жеткире түшүнө албай, «бул сөздүн ичине улуу акын не деген ойлорду батырды экен?» деп, ачык даап айта албай, сөз менен ойдун тегерегинен кыйла кете албай убара да болот экенсиң. Антпесе, улуттук тилдин каймагын калпыган улуу акындын ырларындагы элдик тилдин сырын жеткире түшүнө албаган болор элек да. А биздин милдет-акындын мына ошол бай рухий мурасын терең талдап түшүнүп, табышмактарын, таалим-тарбия мурастарын балдарыбызга жеткирүүгө аракет жасообуз керек.

Эң кичинекей балдардын тилин таап, тилин гана эмес, дилин да тапкан, жан дүйнөсүнүн түпкүрүндө катылып жаткан гуманисттик сезимдерин ойготор «Түлкү менен каздар» аттуу ыры бүгүнкү күндөгү балдар китептеринин дээрлик көбүнөн орун алып, мазмунун байытып келет. Андагы каздардын балдарына катылган куу түлкү менен балдарын андан сактап калуу үчүн жан далбастаган каздын окуясын окуган бала каздын балдарына кошулуп, түлкү менен күрөшкө чыгып, ырдын ичине кире калып, түлкүнү кууп, каздын балдарын коргоп калгысын келтирет. Анткени түлкү куу да, күчтүү дагы, азуулуу тиши бар, анын үстүнө ачка. Каз болсо жалгыз, жалгыз өзү балдарын куу жана ач түлкүдөн коргоп калууга күчү келбес! Балам жаш, тие көрбө-деп жалдыраса болбой, «менин кардым ач, балдарыңды бирден

кармап жеймин» деп, ач көздөнөт. Анда учурда казга ким жардамга кетр экен? Дал ошол көз чачырап турган кезде арытан «борс-борс» үрүп, бактыга жараша, күчүк келе калбаспы! Ал түлкүгө каршы үрүүгө «башы жаш, алы аз» экенине карабастан, «баатыр болсоң, кел кармаш» деп ачык күрөшкө чыгып, куу түлкүнү кубалып, каздын балдарын сактап калганы эне казга чоң күч, бел, кубат болот.

Дегинкисин айтканда, акын Алыкулдун балдарга арнаган ырлары чоңдор адабиятындагыдай эле предметтүү да, элестүү да, образдуу дагы. Окуган адамга бала, анын турган-турушу, кебете-кешпири даана көрүнүп, жүргөн –турганы даана элестеп кетет. Буга жогорудагы эле ырдан ач түлкү, сак күчүк жана балдарын коргогон эне каздын мисалынан да күбө болдук. Мындай мисалдарга «Жамгыр ыры» да айрыкча далил боло алат. Ыр жамгырдын кызматын сыпаттоо катарында жазылуу менен, аны балдар түшүнсө экен-деп тилейт.

«Жаа,жаа,

Жамгырым, жамгырым,

Жумшарт эгин тамырын.

Кара көсөө көз ачпай,

Өлсүн каран калгырың» (19-бет)-деп, жазда кубаңдаган шамалдан катып калган жерди жумшартып, жаңы чыгып келаткан эгин эрте амал алып, тамыры жумшарган неме бат өсүп кетсе экен, ага жолтоо болчу, кара көөгө чулгап өстүрбөй коер, кара көө деген отоо чөп өспөй калса экен-деп, дыйканга болушуп, ага жан тартып отурбайбы. Андан ары «жаштайынан түйүлтүп, кызылчаны кубаттантса экен» деп күтсө, алма-өрүктү тез бүрдөтүп, текши мөмө алдыр» деп тиленет. Баарынан да, турмушта барчылык болсо, адамдын пейили кең болот, алаканы ачык болот, тасмалы жайык болсо, пейили да кең болот-дейт. Ошону эске салып, дагы да минтет:

«Жаа, жаа,

Жамгырым,жамгырым,

Жыргат элдин бардыгын.

Колу тарды март кылып,

Сандыктан нан алдыргын» (20 бет).

Албетте, жамгыр жааса, кар качат, көк чыгат, мал тоюнат, жер бети көркүнө чыгат, табият ойгонуп, элге ырыскысын чачат, жамгыр менен бирге жер бетине береке жаайт. Автор мына ушуну балдар билсе экен деп айтып отурат.

Акындын балага деген тилеги ырларында даана берилген, алар кудум балага зар акындын өз баласына каалаганы, тилегени өндөнөт. «Бешик ыры» аттуу ырында «Алдей, алдей, бөбөгүм, арка сүйөө жөлөгүм» деп, балага болгон улуу сүйүүсүн айтат. Ырда автор: «Эжекең жүрөт мектепте, Атакең жүрөт кырманда» деп, нагыз айылдын турмушун көзгө тартат. Анан да, бешикте жаткан наристеден көптү күтүп: «Белдүү жигит болорсуң, бешигиңе сыйбасаң»-деп элге кызмат кылган белдүү жигит болсо экен-деген тилегин кошот. Баарыдан да, балдарыбыз заманга жараша өссө экен, заманга кызмат кылса экен, заман талап кылгандай тарбия алса экен деп тилеп:

«Алдей, алдей, турумтай,

Алышып ойнойт кулун-тай.

Аркырап учат заманың,

Артынан калбай жулун, тай! –(22-бет) деп жыйынтыктаганы ырдын күчтүү пафосто аякташына май тамызып турат.

Эми деле болсо эске салалы, акындын балдар ырларынын тематикасы ар түрдүү. Жогорудагы үч ырда байкалгандай, бирде табияттын мыйзамдуу жашоосу (түлкү менен каздын күрөшү) тууралуу сөз болсо, бирде табияттын адам жашоосу менен карым-катышы (жамгыр жана адам турмушу) чагылдырылат. «Бешик ырында» да бешикте жаткан наристе баланы бирде турумтай кушка, бирде желеде булкунган кулун-тайга салыштырып, «болор бала бешигинде булкунат, болор кулун желесинде жулкунат» деген элдик сөздү эске салып, бала менен замандын, мезгилдин байланышын ойго алып отурат.

Табият темасындагы «Кара чыйырчык» жана «Балдар жана турналар» деген эки ыры тууралуу да кеп кыла кетели.

Кара чыйырчык көрсөңөр,

Урбагыла таш менен.

Жыгачтан уя салгыла,

Ала шалбырт жаз менен.

Кара чыйырчык көрсөңөр,

Атпагыла жаа менен,

Тал башына коОздоп,

Үй салгыла кепкенен. (23-бет) деп башталган  бул төрт куплет ырын азыркы күндө кайсы кыргыз баласы билбейт? Анын мазмуну менен маанисин талдап түшүндүрүп отуруунун зарылдыгы жок. Анткени кара чыйырчыктын кызматы адамга зор экен: ал «адамдан ырыскысын талашып», эккен эгинине кол салар зыянкеч чегирткелер менен кармашат, алма-өрүккө курт түшүрөр пайдасыз көпөлөктөрдөн коргойт, ж.б. Демек алар, акын айткандай, майда көрүнгөнү менен адам турмушуна алып келер майда кырсыктардын алдын алып, алар менен кармашкан бул кара чыйырчык дал ошол «майда күрөштүн майда баатырлары- биздин кара чыйырчыктар» экенин абдан элестүү сыпаттайт.

Ушундай эле темадагы «Куштар кетти» деген балдар сүйгөн дагы бир ыры ушул китептен орун алган. Анда чабалекей тууралуу баян этилип, кышкы кийими жок, күздө жылуу жактарга кетип калган тура, сасык үпүп да, биз сүйгөн күкүк да жок, асмандап учкан турналар жок- деп келип:

«Бизден кеткен келгин куш,

Жакшы жерге консо экен,

Кайра бизге келгиче,

Аман-эсен болсо экен- (49-б.)-деп, балдарды ойлонтуп, гуманисттик сезим-туюмдарын дагы бир ирет козгоп өтөт.

Жогоруда эскертип өткөндөй, акындын айрым саптарындагы кыргыздын нагыз элдик ырлары менен табышмактарыдагы сыпаттамалардай, сөздүн бүрү, ойдун гүлү ширелген ырларына азыр сөз кылар «Балдар жана турналар» аттуу ыры кошулат десем болот. Андагы айрым саптары, бир катар сөздөрү, жогоруда эскерткендей, элдик табышмактарды (айтмакчы, «Ай астынан өткөн жигит, алтын чоор тарткан жигит, Күн астынан өткөн жигит, күмүш чоор тарткан жигит» деген табышмак бар эмеспи, жандырмагы-каркыра, турна) да эске сала кетет. Алсак,  мындай:

-Эй, эй, каркыра, турна, кайдан келе жатасың? -деп бала сураса,

-Алтын саамай кыз алып, кыштан келе жатамын-деп жооп катат каркыра менен турна. Андан ары:

-Эй, эй, каркыра, турна, эми кайда барасың? -деп дагы сураса,

-Күмүш көкүл бала алып, күнөс жерге барамын-дейт каркыра менен турна. Ойлонуп көрөлү: мындагы «алтын саамай кыз», анан дагы «күмүш көкүл бала» деп, акын эмнени айтып жатат? «Алтын саамай кыз» денеги-кыштын ызгаарынан эми гана бошонгон табиятка көрк берер алтын жазды апкелаткан жокпу? Же жаз жадырап көркүнө чыккан табиятка дагы да көрк кошор, күмүш күндүн нуруна жаркыган, гүлдүн жытына балкыган күнөс жер-жадыраган жайга келатпасын! Ооба, ошол эмеспи акын кубанып айтып жаткан каркыра-турнанын сыры!

Тематакасын байытып, мазмунун тереңдеткен акындын ырларына, албетте, анын балдарды билимге, таалимге, тарбияга үндөгөн төмөндөгү ырлары кирет. Мисалы: «2 менен Эмилбек», «Калпычы Канымгүл», «Телибай тентек», «Эки метр Эсенгул» ж.б. Аларда акын, бирде балдардын окууга, билим алууга кылган мамилесин сындап, бирде намыстанууга чакырып, бирде аталык, улуулук, нарктуу кеңешин айтып, тарбия-таалимин аябайт. Алардын мындай жоруктары башкаларга мисал болор бекен, мындай жорукту кайталабас бекен, эстерине келип, эс-акылдуу болушар бекен, булардай болбой, үлгүлүү балдардан болуп өсүшөр бекен-деген ниетте бутанын учуна айрым тентек мүнөз балдарды мисалга тартат. Ошолордун бири-Эмилбек деген эбелектей жеңилбек бала. Акындын сүрөттөсүнө караганда, ал окуганы го «айла» жок экен, эгер «бир» деген баа болсо, тартибине «бир» коер тентек да экен. А «Калпычы Канымгүлчү»? Тили таттуу, эрке өскөн, мектепке жаңы кирген Канымгүлдүн мугалимине жооп берип отурганын карабайсыңбы.

-Кечээ неге келбедиң?-десе:

-Бутум ооюп…-деп созулат.

-Бейшембидечи?-десе:

-Муйдум ооюп…-деп мурчуят.

-Бешиндечи?-деп сураса:

-Мысыгым ооюп…- деп үлбүрөйт.

-Онундачы? –десе:

-Күчүгүм ооюп…-деп күлдүрөт.

-Үчүндөчү?-деп сураса:

-Бассым ооюп… (32-б.) -деп жүрөгүңдү эзет…

Ырды окуп отуруп, бир жагынан, Канымгүл «калпычынын» жообуна таң каласың, экинчи жагынан, калп шылтоо айтып сабакка келбей жатканы үчүн күнөөлөгүң келет, а кайра анын тилинин таттуулугуна ичиң элжирейт. Ал үчүн улуу акындын баланын тилин таап, бала болуп ойлоп, бала болуп сүйлөп, бала болуп жашап жатканына ыраазы болосуң. Ошентсе да, авторго кошулуп, Канымгүл мындан ары калп шылтоо айтып ооруп, калп шылтоо айтып сабагына келбей жатканын аяп кетесиң. Кайра, андай жоругун таштап, жакшы окуп, жакшы өсүп, жакшы адам болсо экен-деп автор менен бирге тиленип кеткениңди байкабай каласың.

Эми «Телибай тентек» биякта калсын, «Эки метр Эсенкул» кандай бала болду экен? Ошону тыңшайлы.

«Партасына отурса,

Башы чыккан Эсенкул.

Бардыгынан бөлүнүп,

Чачы чыккан Эсенкул.

Катар сапка турганда,

Мойну чыгат Эсенкул,

Башкалардан коркоюп,

Бою чыгат Эсенкул (39-б.)-деп, жумшак юмордун күчү менен Эсенкулдун сүрөтүн тартат акын. Ал - балдар ат коюп алгандай, аты-жөнү - «Эки метр Эсенкул». Ал эмне үчүн «эки метр Эсенкул» болуп калды экен? Анын тарыхы мындай экен көрсө: Эсенкул деген бала биринчи класска киргенде сабагын билбей калыптыр, экинчи класста эки жыл бою ордунда калыптыр, үчүнчү класска киргенде үч жыл бою отурган баягы партасынан дагы да жылбай калыптыр. Анан улам жыл сайын өзүнөн кичүү балдарга кошулуп окуганда, алардан жашы улуу, бою коркоюп узун болгон бала «эки метр» болбогондо кантмек?!

Албетте, бул абдан уят иш. Адамдын уятын чыгарып, элге шылдың кылуунун өзүн да оор көрүп, жүрөгү ооруган гуманист акын ырынын соңунда Эсенкулдан кечирим сурап, мындай деп жатпайбы:

Катуу айттым түшүнсөң,

Мени кечир, Эсенкул.

Окуусу өспөй, мойну өскөн,

Эки метр Эсенкул . (40-б).

Акындын ушул сыяктуу билим-таалим багытындагы ырларынын катарында «Китептин душманы», «Китепти сүй», «Биринчи сентябь» аттуу ырлары да бар.

«Китептин душманы» аттуу ыры да анчейин талдап отурууну талап кылбайт. Албетте, китептин баркын билбей, таза кармап окубай, барактарын айрып, базарда семичке, тойдо эт орогондой орой мамиле кылса, китепти сүйбөй, кадырына күйбөй, чылым ороп, жаман жерге таштап, жаман күтсө-албетте, ага билим жукпайт, акыл кирбейт, китептен таалим албайт, тарбия көрбөйт, андай адам-чындыгында китептин да, билимдин да душманы. Акын балдарга ушуну эскертип отурат. Ошон үчүн ырды акын:

«Бардыгынан ким жаман,

Китеп жырткан шум жаман.

Китеп сүйгөн балдардан

Наалат алсын ал адам» (44-б.) деп сөзүн жыйынтыктайт. Жыйынтыктайт да, «Ким китептин душманы?» деп балдарга кайрадан суроо таштайт. Балдарды дагы бир ирет ойлонтот, ырдын мазмунунан жооп издетет.

Жыйнактагы «Китепти сүй» деген ыры жогорудагы кеп кылган ырдын уландысы катары туюлат.

«Сүттөй таза тилеги,

Деңиздей кең талабы.

Көктөй тунук, акыйкат,

Анын ар бир барагы.

Таалай жолун көрсөтүп,

Чакырып турат келчи -деп.

Арамдыктан тазалап,

Жакшылыкты ээрчитет»- (48-б.) деп, китептин ар бир барагы билимге сугарып, таалим-тарбияга чакырып турарын, адеп-ыйманды көздөй ээрчитип отурарын айтат. Ошон үчүн китепти сүй, сыя төгүп булгабай, жакшы сакта»-деп кеңеш берет, акыл-насаат кебин айтат балдарга.

Жыйнактагы «Чымын-чиркей ырлары» деген топтомунда, бирде аларды таанытууну көздөсө, бирде алардын «жоруктарын» сындап, балдарга алардын мисалында тарбия берүүнү кыялданат.

«Абийири жок балитбай,

Аш-тамакты бүт булгап,

Балдар, мунун жолотпо,

Үйүңөн айда, ыраактат» деп чымын тууралуу айтып, балдарды санитардык жактан тазалыкка үндөсө («Чымын»);

Шишитип кетет этиңди,

көйнөгүңдү чеч-дебей,

Безгек деген заары бар,

Балдар, Муну койбогула эстебей («Чиркей») - деп, ден соолугу үчүн кооптонуп кам көрөт.

«Ийнелик, ийнелик,

Иш кылуудан ийменип,

Кыш болгондо карды ачып,

Жатып калат ийменип» («Ийнелик») деп, балдарыбыз ийнеликтей жалкоо болбосо экен деп санаага батып, эмгекчил болуусун тилейт.

Кумурскадай мээнеткеч жана ынтымактуу болсо экен балдарыбыз –деп самап: Кумурска, кумурска,

Кыйын экен жумушка.

Талыкпаган мээнеткеч,

Татынакай турмушта-деп жазат («Кумурска»)ж.б.

Акыйкат үчүн бир баса айта кетер нерсе- акын Алыкул улуттук жазма балдар адабиятыбызда майда жанр болуп эсептелинген дидактикалык жанрдан «Бат айтма», т.а. жаңылтмач ырларын алгач ирет жазып бергенин эсибизге алсак болот. Элдик бат айтмаларды айтпаганда, кыргыз балдарынын эне тилинде бат, көрктүү сүйлөөсүнө кам көргөн мындай бат айтма жанры Алыкулга чейин биздин жазма балдар адабиятыбызда анчейин көзгө учурабайт. Эмесе, ушул бат айтмаларынан бир-эки мисал келтирели:

Көпкөк,

Көгүчкөн,

Көгүлтүр

Көккө

Көмүлгөн.

Көрдүңбү.

Көйкөлүп,

Көрүнгөн

Көк түстүү

Көлдү өөп

Көбүргөн.

Көрдүңүзбү, бат айтмадагы негизги өзгөчөлүк: бирдей тыбыштардын кайта-кайта кайталанышы, ички уйкаштыктар, тыбыштардын «мелодиясы», муундардын ритмикасы, бирдей рифмалар, бир көрүнүштү азгантай жана уйкаш сөздөр менен логикалык жактан үзбөй ырааттуу айтып берүү, элестүүлүк… Ушунун баары- жыйнаса, көп болсо, эки узун сап ыр болор, бирок чоң бир керемет сүрөттүн кеңири полотносун тартып бергендей мааниси бар экендиги менен баалуу. А аны жаңылбай тез-тез айтып, баланын тилин бат айтууга үйрөтүп, ага жатыктырып, эне тилинде так жана таза сүйлөп машыкса экен-деп, көрктүү сүйлөөгө, ырды көркөм айтууга, чебер сөздүү болууга үндөп отурган акындын ой-тилеги андан бетер баалуу.

Албетте, мындай бат айтма ырларга, чындыгында эле, биздин акындарыбыз бүгүн деле анчейин маани бербегендей. Ошентсе да, 50-жылдардын башындагы мындай маанилүү башталыш балдар адабиятыбызда акындар А.Кыдыров, Т.Самудинов, Б.Асаналиевдердин чыгармачылыгында 80-жылдардан кийин гана кайра жанданган. Ал эми учурда жазуучу А.Муратов бул багытта жакшы иштеп жатканын белгилөөгө тийишпиз.

Мына ушундай. Алп акын Алыкул өзүнүн улуттук адабиятыбыздын көөнөрбөс үлгүлөрүн жазуучулук турмушунун бийиктигинен туруп, кичинекей балдар үчүн ошол бийиктиктен ылдый түшүп келип, ушул биз сөз кылгандай кичинекей балдар үчүн өзгөчө «чоң» ырларын жазып калтырган. Ал ырлар бүгүн да, кийин да, сөзсүз түрдө, улуттук балдар адабиятыбыздын казынасын байытып, мазмунун тереңдетип, маанисин көкөлөтүп, текчесин толуктап турары шексиз.

ОРНОМЕНТ

## Ш.Бейшеналиевдин чыгармаларындагы балдардын мүнөзүн калыптандыруунун педагогикалык-психологиялык жагдайлары тууралуу

Кимдин ким экендигинин барк-баасы, анын ичинде, жазуучунун, анын чыгармаларынын баалуулугу, же кандай гана болбосун, алардын артында калган мурастарынын сыры улам кийин ачылып бааланганынын жөнү бар окшойт. Анткени ар кандай нерсе салыштырмалуу түрдө башка чөйрөдө, башка бир учурда, башка шарттарда өлчөнүп-ченелип, баа берилет тура. Ошол сыңары, кыргыздын даңазалуу жазуучуларынын бири, айрыкча балдар үчүн мыкты аңгеме-повесть жазуунун устаты катары таанымал Шүкүрбек Бейшеналиевдин да чыгармачылык мурастарын кайрадан окуп талдасак башкача нукта көрүнүп, катылган сырлары кайра башка өңүттө ачылып олтурганын баамдоого болот.

Булар неге эске түшүп отурат? Анткени балдар прозасынын устаты Ш.Бейшеналиевдин «Аманат», «Ак тайлак», «Табышмакчы Чынара», «Ат жалында секелек» деген китептерин бир ирет окуп эле тим болуп калууга болбой турган, анын маани-маңызын заманга жараша кайра карап баа берүү керектигин айтуу ашыктык кылбайт. Өз кезегинде дүйнө балдарынын кызыгуусун жаратып «жарк» деп ажары ачылган «Кычан», «Мүйүздүү козу» повести тууралуу кеп башка.

Анын «Табышмакчы Чынара» (1960-ж.) аттуу аңгемесинде кардын эмне үчүн жана кантип жаарын, жаз менен күздүн кантип келээрин, гүл ачылып, алма кантип бышарын ойлоп, жаз тезинен келсе, тезинен саамай чачын өрдүрүп, кызыл гүл тагынып, ак көйнөкчөн болуп бакчага барар күнүн дегдеп, күн санаса манжалары жетпей күздү күтүп башын катырган кичинекей Чынара Шүкүрбек абанын эң мыкты табылга-образы экендиги талашсыз.

Анын кичинекей Чынарасы табияттын ушунча сырын ачкысы келген ички сергек ой сезими чоң энесинин табышмактарынын сырын билгисин келтирип, түпкү туюмун жаратпай койбойт.

Баса, чын эле, кичинекей сергек кыздын чоң энеси бар эмеспи. Чоң энеси ал үчүн турмуштун мектеби, үйдөгү тарбиячы мугалими жана анын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, табышмакчылык «өнөрүн» өрчүтүүчү катары кызмат кылат. Аңгемеде чоң энесинин балалык кезинде көргөндөрү, уккандары тууралуу айтканы Чынара үчүн эң сонун турмуштук сабак, өзүнчө эле ой жүгүртүү мектеби, нагыз турмуштук табышмак болот берет. Энеси болсо, аны жандырып түшүнүүгө көмөк берип турат.

Мисалы бүгүнкү шаардын турмушу менен алыскы айыл шарты, андагы кечки чырак менен шаардык үйдөгү үйлөсө өчкүс электр жарыгы, айылдын коломтосу менен шаардык үйдөгү күнү-түнү күйүп өчпөгөн көгүлтүр от, алыстан айтып келген кабар менен күндө тынымсыз жаңылык айтып отураган радио менен телевизор… Ушунун баары чоң эне менен кичинекей сексек чач кыз Чынаранын табышмактары… Бири айтып, экинчиси жандырмагын таап, керели–кечке эригишпейт.

Чынында, турмушту таанып-билүүнүн өзү адам үчүн түбөлүктүү табышмак экендигин автор ушундай турмуштук мисалдар менен көркөм бере алгандыгы кыргыз адабиятынын өткөн кылымдын 1960-жылдар үчүн баа жеткис таанытуучу маанилүү эмгек болгонун унутпашыбыз керек.

Айрыкча, чоң эненин жаңгак жөнүндөгү («асты–таш, үстү–таш, ортосунда–бышкан аш») жана мурундун каны («кызыл көйнөкчөн кыз») тууралуу айткан табышмактары кичинекей сергек кыздын ой жүгүртүүсүнө жол ачып бергени бар. Ошондон баштап, үйдөгү радио, идиш-аяк салган үкөк (буфет) «караса өзүн көргөн» күзгү, нанды, этти кескен бычак, Москвадан атасынын келерин билдирген “кагаз–телеграмма” жана башкалар тууралуу Чынаранын айткан табышмактары көбөйөт. Каарманынын көңүлү

шат, сексегей кыздын мындай табышмактар аркылуу ой жүгүртүүсү өсүп, кыялы байып, ар нерсеге акыл менен баа берип, кайра аны өз сөзү менен жеткире айтып, ички дүйнөсү, таанып-билүүсү күн сайын байып баратканын автор даана көрсөтүп берип отурат.

Автордун мындай ыкмасы–жөн гана фантазия эмес экендигин бүгүнкү күндөгү биздин турмуш далилдеп отурганы түшүнүктүү нерсе. Карасаңыздар, учурда балдар телеканалында балдардын дал ошол Чынараныкындай айткан табышмактарын ата-энелери, улуу адамдар таба албай айлалары кеткенин далай ирет көрүп жүрөбүз. «Биз балдарды, улуулар, «акылы тайкы, ой жүгүртүүсү төмөн дейбиз. Жок, алар азырынча кичинекей гана, тажрыйбасы гана аз», деп Н.Г.Чернышевский айткандай, биз балдардын кыял дүйнөсүнө жеткире баа бере албагандыгыбыздан аны өстүрбөй ушундай керектүү китептерди керектүү кезинде чыгарып бербей, зарыл учурунда аларга «Табышмакчы Чынаранын» акылман чоң энесинчелик көмөк бере албай келе жаткандыгыбыз албетте, кечиримсиз.

Дүйнөгө аты белгилүү «Сүзөнөөк козу» повестинде (1965-жыл) автор баланын ички руханий эволюциясын психологдун терең изилдөөсүндөй ача билген чеберчилиги, анан да, азырынча тажрыйбасы аз, турмуштун оош-кыйышын, өйдө-төмөнүн түшүнө элек баланын жана ага параллель түрүндө «сүзөнөөк» козунун образын эң сонун ачып берген.

Чындыгында эле, кичинекей Азиз менен анын сүзөнөөк дондошу бири-бирине окшош, Азиз да кичинекей, тажрыйбасыз, ички дүйнөсү таза, алдынан тоскоолдук чыга элек наристе, сүзөнөөк дондош козу да ошондой тажрыйбасы аз, кыялы курч, тоскоолдукту көрө элек, көзүнө көрүнгөндү сүзө берет. Ошонун айынан өзүнөн чоң мүйүздүү кочкор менен сүзүшүп отурбайбы. Бул анын алдынан чыккан алгачкы чоң турмуштук тоскоолдук болду.

Ошондо курчтугунан, майда текебердигинен, тажрыйбасыздыгынан улам мүйүзүнөн айрылды. Бирок ал дагы эле жеңилгиси жок. Бала да ошондой, козусунун мүйүзүнөн айрылганы ал үчүн психологиялык зор төңкөрүш болду. Балалык кылып, чоң турмуштан буга чейин жей элек соккуну жеди. Турмуштун эң биринчи соккусунан жеңилүүгө учурап, козусу экөө өмүрдү жеңүү менен эмес, жеңилүү ызасы менен, алга эмес, артка чегинүү менен башташабы?

Бул чоң проблема–сакадай бою бар чакан повестке батып, ага зор күч, улуу дем берип отурган жокпу?

Чындыгында ошондой болду. Автор аталган повестинин уландысы катары жазган «Мүйүзүнөн айрылган сүзөнөөк» аттуу бөлүгүндө («Мектеп», 1980-ж.) Азиз атасы менен апасынан, ал тургай, ветврачтан, чебелене сурап, козусуна кайрадан мүйүз чыгабы–деп самап, кийин, аны күнү-түнү жемдеп-чөптөп багып, акырында түбүнөн омкорулбай, үстүртөн гана сынган кемирчек мүйүз кайрадан, мурдагы өзүнүкүндөй болбосо да мулуйган томпок мүйүз өсүп, Азизди алдыда чоң тагдыр кубантып отурат. Ошондо күчүнө жаңы толгон сүзөнөөк жаш бала кочкор бир жылдан бери картая түшкөн баягы Султандын чоң кочкору менен кайрадан сүзүшүп, аны чоң беттеште жеңип чыгат! Бул – чындыгында эле эрегишкен эки спортчунун кайра таймашуусундай эле болду!

Бул кармаш, андагы чоң жеңиш, болгондо да, Азиздин туулган күнүндө болбодубу. Азиздин бала кочкору Султандын карт кочкорун жеңип, ээси Азиздин туулган күнүнө чоң сүйүнүчтүү белек кылды. Азиз да жеңишке жетип, буга чейинки психологиялык жеңилиш артта калып, символикалуу түрдө, туулган күн жаңы күн болуп башталып берди. Буга баары: Азиздин атасы да, Султандын атасы да күбө болушту. Баарынан жакшысы, эрегишүү, душмандашуу сезими жок болуп, эки бала кучакташып дос болушту!..

Кыргыз жазуучуларынын ичинен балдар үчүн проза жазуунун нагыз устаты Ш.Бейшеналиев мына ушундай керемет чыгармасын англис кызы Викторияга (кыргызча–Жеңиш, Жеңишгүл–автор өзү да ушинтип түшүндүрөт) арнап жазуу менен, дүйнө балдарына мыкты бир чыгарманы белек кылып калтырганы-анын сөзсүз улуу жазуучу экендигин тастыктайт. Анткени аны окуган жана Азиздин, анын бала кочкорунун жеңишине кубанган ар бир бала жеңишке өзү жетишкен сыңары кубанып, эргип-жыргап алары шексиз. Ошондон улам, кезегинде анын көкүрөгүн дүйнө балдар адабиятынын шедеври Г.Х.Андерсендин сүрөтү түшүрүлгөн алтын медалдын жаркыратып турганы бекеринен эмес болчу.

Ш.Бейшеналиевдин 1976-жылы жарык көргөн «Аманат» повести - тоолук кыргыз баланын нагыз кыргыз мүнөзү, нагыз кыргызча жан дүйнөсү, бир орунга турбай, тынчыбай, кандайдыр бир нерсени үйрөнгүсү келген алга умтулуусу, ынтызарлыгы, ички жигери бар Аманат аттуу жеткинчек баланын ички жетилүү эволюциясы тууралуу баян эткен чыгарма. Анда да ага турмуштук мектеп, улуу сабак болуп, табигый билимдерди үйрөнүүнүн, дүйнөнү таанып-билүүнүн мектеби болгон, нагыз кыргызча жан дүйнө менен жашаган эки адам: балпайган Батма чоң эне жана элдик күүлөрдү, ырларды билип, баланын жан дүйнөсүнө пайдубал болор маалыматтарды бере алган Нурак чоң ата… Деги эле, бул повесть-андагы айылдан алыс чыкпаган кичинекей Аманаттын психологиясы, тартынчаактыгы, энөөлүгү, уялчаактыгы, райондук, андан ары республикалык конкурстарга чейин таптап өстүргөн артист Жунус Шеровдун эмгеги менен анын талантуу комузчу болуп жетилип чыга келиши, Кыргызстандын 1970-жылдардагы тоолук балдарынын өсүп-өнүгүшүн көркөм чагылдырган, ошол мезгилдин чыгармасы катары бааланууга татыктуу.

Бир нерсени байкоо керек деп ойлойбуз: биринчиден, Ш.Бейшеналиевдин чыгармаларындагы бала жана анын жан дүйнөсү, адам болуп жетилүүсү, анын жетилүүсүнө өбөк болор улуу адамдар, тагыраак

айтканда, турмуштук чоң тажрыйбанын ээси - чоң эне менен чоң ата, экинчиден, балага атаандаш болгон жана анын жетилүүсүнө, эркинин курчушуна таасир эткен күчтүү каарман. Мындай мотивдер Ш.Бейшеналиевдин балдарга арналган дээрлик бардык чыгармаларында өзөк болуп берген.

Ушул айтылгандарга мисал болор «Ак тайлак» жана «Ат жалында секелек» аттуу повесттери тууралуу да бир аз сөз кылалы.

«Ак тайлак» (Фрунзе, 1955-ж.) повестинде да шаар менен айылдын ортосундагы социалдык айырмачылыктар, баланын шаардагы тарбиясы менен айыл тарбиясынын келишпестиктери, бирок да, баланын рухий тарбиясындагы айыл тарбиясынын мааниси айрыкча ачылып берилген десек жаңылышпайбыз. Шаарды канчалык жактырса да, айылдын турмушу экзотикалуу көрүнүп, чоң атасы энчилеп берген Ак тайлагы, анын айланасындагы окуялар Осмон аттуу беш жашар наристе балага турмушту таануусунун чоң сабагы болгондугу талашсыз.

Ш.Бейшеналиевдин балдардын психологиялык жактан жетилишин эң жогорку деңгээлде көркөм сыпаттаган «Мүйүздүү козу» повестинен кийин эле анын жеткинчек монгол кызы Бадма тууралуу баян эткен «Ат жалында секелек» аттуу ( Москва, 1971-жыл) повести экени талашсыз.

Повесттеги окуя Монгол жергесинде, Бадмочер менен Аюштун кызы Бадманын жана анын атаандашы Доржинин айланасында өтөт. Тоодо өскөн Бадма кичинекей кезинен тарта күлүк ат минип чоңоёт. Адегенде, Бадманын Кулагерин кунан кезинде Доржи деген бала жарышка чаап, алдыга озуп, эл алдында урмат-сыйга бөлөнүп, Бадманын атасы Бадмочерден чоң белек алышы Бадманы чыйралтат, ал тургай, «өз күлүгүмдү өзүм жарышка чапмакмын», «ушул чоң белекти өзүм алмакмын» - деп ызаланып, Доржи менен катуу атаандашууга өтөт. Алардын психологиялык таймашы күлүктөрдүн жарышына чейин эле курчуп жетилип, жарыш кезинде

апогейине жетет. Акыры республикалык чоң мелдеште Кулагери менен эки жүз аттын жарышында алдыга озуп, Доржини утуп чыгат. Китепте эки чабандестин ортосундагы мындай психологиялык кармаш аттардын жарышынан да алда канча күчтүү сүрөттөлгөнү - автордун психолог-жазуучу экенин, анын ичинде балдардын психологиясын, атааандаша жашап, атаандаша ойноп, атаандаша өскөнү, намыска бекем болуп, самаганына жетүү үчүн болгон күрөшү-балдардын жан дүйнөсүн мыкты билген жазуучу экендигин окурман журтуна дагы бир ирет далилдей алды.

Бул сөздөрүмдү «Мүйүздүү козу» повестиндеги: «Адамдын гана эмес, айбандын эр жүрөк азаматтары да күч салышканда сырттандык намыстарын алдырбоого кайраттана кармашат тура» [2] деп белгилейт чыгармада. «Ат жалында секелек» повестиндеги: «Намыстуу адам самаганына эртедир-кечтир жетпей койбойт»[3] деген канаттуу саптары сөзсүз далилдей алат.

Башкасын коёлу, Ш.Бейшеналиев учурунда «Кычан» аттуу повестинде бүткүл союздук деңгээлде кыргыздын Кычан аттуу намыстуу, коомчул, элдик, эр жүрөк мекенчил уулунун образын түзүү менен, кыргыздын канчалаган балдарын коомчул жана мекенчил кылып тарбиялоого салымын кошкон. Биз аны эгемендик алган кезибизде саясий баа берип, анын барк-баасын төмөндөтүп койгондой сезилип турабыз. Жок, мына, дал ушул бүгүн бизге Кычандай коомчул кыргыз баласын тарбиялоо зарылдыгы ачык сезилип турган чакта, аталган повестин эгер автор көзү тирүү болгондо, кайрадан иштеп чыкса, балким, ал кыргыз үчүн дагы да далай кызмат кылмак. Ошентсе да, ал туурасында учурдун талабына ылайык мезгил сыны кайрадан дагы бир ирет баасын берет деген ойдобуз.

---
[2] «Тандалмалар» жыйнагы, Ф., 1987-ж., 423-б

[3] Жогорудагы китеп 387 бет

## Ш. Садыбакасовдун бала көңүлүн шат кылган аңгемелериндеги ыймандык тарбия берүү идеялары

Шатман Садыбакасов белгилүү драматург да, кара сөз чебери да эле. Анын калеминен жаралган «Ак боз ат» драмасы кыргыздын улуттук тарыхый драма жазуу тажрыйбасын байытууга белсемдүү үлүш кошкон жана анын алтын тизмесинде өчпөй кала берер авторлорубуздун бири экени шексиз. Кара сөз жаатында да өзүнүн жүзү, өзгөчөлүктөрү бар жазуучу катары аты айтыла берет. Ошентсе да, ал кыргыздын балдар адабиятына да өчпөс салымын кошкон, билинбеген балдар жазуучусу болчу. Өзү да бала кыял, дили таза, жарык маанайынан бала аттууга нуру төгүлгөн, жаркын адам эле. Ошол жарык жүзүнөн төгүлгөн нуру бөбөктөр үчүн не бир сонун бир шиңгил аңгеме болуп калеминен төгүлүп берген экен –десек жарашчудай.

Анын бөбөктөр үчүн «Күзгү» жана «Сонун бала» аттуу эки жыйнагы улуттук балдар адабиятыбыздын текчесинде өз ордун азыр да татыктуу ээлеп турат.

Балдар үчүн аңгеме жазса эле, балдардын күндөлүк майда кыялдарын курулай тизмекке алган баян болушу керек эмес экенин жетик туюп-билген жазуучу Ш.Садыкбакасовдун балдар аңгемелеринде башкаларга окшобогон өзгөчөлүү бир стиль бар экени аны иликтеп көргөн көзгө даана байкалат. Эмесе, анын аңгемелериндеги ошол өзгөчөлүү сапаттары тууралуу бир аз сөз кылалы.

Ал өзгөчөлүү стиль - баланын психологиясын, тилин жана да дилин түшүнө билгендиги. Түшүнгөндө да, аны стандарттуу сюжет менен: «ал мындай эле», «анан ал мынтип-тигинтип» деген көнүмүш ыкка салбай, каармандарынын сүрөтүн кыймыл-аракети менен тартып, аны сөз менен таасын бере алгандыгы.

Сөзүбүздү «Ишенбөө» деген аңгемесинен баштайлы. Аңгемеде ит мышык менен дос болгусу келгенин карабайсыңбы. Ит ошол күнү көңүлү

жай болуп отуруп, таап алган бир кесим куйрук майды тиштеп алып мышыкка чуркап келет. Мышык болсо иттин андай жакшы оюн кайдан билсин, шыбырт алып эле качып жөнөйт. «Токто, мен достошкону келдим!– дейт ит. Анын сөзүнө мышык ишенмек беле, качат. Ит артынан сая кууйт. Ал акыры тал башына чыга качат. «Ит,–дейт ал,–иттигиңди койбодуң...» десе, сен «Мышыктыгыңды койбодуң...» деп, экөө бирин-бири күнөөлөйт. «Алдап жатат» дейт оюнда мышык... Ошентип алар бири-бирин кекетишип, жамгыр алдында кала беришет...

Бир карасаң, бул аңгеме тамсил сыяктанып кетет. Сөздүн күчү менен ачылган ит менен мышык тууралсындагы көркөм жаңы элести бекемдейт. Баланын гана эмес, чоң кишини ууртунан аргасыз жылмайтат. Турмуштагы элдешкис эки антиподдун образын эч кимге окшошпогон кылдат деталь менен кайра бир ирет далилдеп берген.

Өз ара ишеним болбосо, айбандардын гана эмес, адамдардын арасында да мамиле болбойт деген мындай идеяны Ш.Садыбакасов «Калп жаман» деген аңгемесинде андан да жогорку деңгээлде ачып берген.

Аңгемеде Чынара «Бүгүн менин туулган күнүм» деп курдаштарын калп айтып үйүнө чакырып келген. Алар белектерин көтөрүп алып келишет. Чынара болсо билмексен болуп, белектерин алат. Ал үчүн апасы катуу уятка калат. Бирок бир аз күн өткөн соң, Чынаранын чын эле туулган күнү болуп отурбайбы. Чынара эми чындап курдаштарын чакырып, апасы болсо дасторкон даярдап аябай күтүнөт. Бирок Чынаранын жалганчылыгы үчүн таарынып калышкан курдаштары келишпейт.

Аңгыча короодогу күчүк үрүп калат. «Курдаштарым келди»–деген ниетте Чынара сүйүнүп эшикке чыкса, эч ким жок экен. Анда, өзүнүн айыбын билбеген Чынара күчүгүн жемелеп, чаап отурбайбы: «Эмне калп үрөсүң? Калп жаман болот» деп. Карачы, калп жаман экенин Чынара эми гана билдиби же, дагы деле билбей, калп үргөн күчүгүн жемелеп отурабы?

Автор аңгемесинин аягын суроо менен аяктап, балдарды сөзсүз ойлонууга чакырат.

Кантсе да, баланын «ичте катылган» психологиясын ачууга жана аларды ойлонтууга жем таштаган, мындай аңгемелер кыргыз балдар прозасынын ажарын гана ачат.

Адамдын табият менен байланышын, ага гумандуу мамиле жасоо керектигин, табият деле адам сыңары жабыркап, ыйлап, ооруп кыйнала турганын, «жакшы» балага дос экенин, «жаман» балага таарына турганын «Ат жакшы көргөн бала», «Бир түп буудай», «Гүлдөрдү ким жакшы көрөт», «Чымчыктар», «Күзгү» деген аңгемелеринде эң сонун ачып берген.

«Ат жакшы көргөн балада» эртели-кеч сууга сугарып, арык жээгинде откозуп, көкүлүнөн сылап, башка-көзгө чапкылабаган Асылтайды ат дагы жакшы көрөт. (Албетте бул - анын элдик таалим-тарбия эмей эмне?) Ат анын колдорунан жыттап, ийнине башын жөлөйт. Аны көрүп Абылтай «Мени да жакшы көрсө экен» деп атка барат. «Эй ат, мени жакшы көр» – деп сөөмөйү менен көзгө саят атты. Ат жакшы көрмөк турсун, селт этип үркөт. «Эй ат, мени дагы жытта»–дейт да, Абылтай аттын мурдуна муштумун такап кыйкырат. «Жакшы көрбөсөң өлтүрөм»–деп, чөнтөгүнөн мык алып чыгып, мурунга сайып жиберет. Ат үркүп секирип качат... Ушундай баланы ат жакшы көрүп, жыттамак беле? Жыттамак турсун, карааньн көргөндө эле кошкуруп качат. Муну менен автор турмуштун оош-кыйышын, табияттын сырларын, адамдын андагы орду өз мамилесине жараша болорун, адам андан же «сый көрөрүн», же «сыйрышарын» кыйытып айтып отурат.

Ушундай эле тентек баланын тентектигин анын кылган иш-аракети аркылуу өзүнө көргөзө сүрөтүн тартып берген аңгемеси –«Бир түп буудай». Бул аңгемеде Мирлан деген баланын буудай менен диалогу аркылуу нан деген ыйык нерсе экенин, буудай деген нандан алынаарын, мээнеткеч

тырнактай кумурсканын эмгегин да, өмүрүн да аяш керектигин балдарга жеткиликтүү кылып айтып берет.

«Гүлдөрдү ким жакшы көрөт» аңгемеси бир үзүм болсо да, балдардын гүлдү жакшы көрүүсү - аны үзүп алып терезесине коюп алуу эмес экенин, аны багып, сугарып, күндө коргоп, бирөөгө тепселетпей, жакшы мамиле жасоо»–экендигин түшүндүрөт.

Балапандар да чымчыктардын баласы экендигин, алар дагы адамдын балдары сыяктуу эле энелери болорун, энелер балдарын жакшы көргөн сыңары, чымчыктар да балапандарын жакшы көрөрүн «Чымчыктар» аттуу аңгемесиндеги Сережа кеч түшүнүп отурбайбы. Аңгемеде чымчык уктап ойгонгон Сережанын жаздыгына келип конуп алып: «Эмне үчүн... балдарымды өлтүрдүң?»–деп мончоктой көзүнөн жашын тамчылатып, канаттарын титиретип, оозун араң ачып ыйлап жатпайбы. Сережа ошондо өзүнүн айыбын сезип, чымчыкка кошулуп, эчкирип ыйлап жиберет...

Көрсө, Сережа колу шок бала турбайбы. Сережанын мындай мамилесине таарынып, токойдун чымчыктарынын баары кайдадыр качып кетишиптир...

Ойлонгулачы, чымчык жок токой да токойбу! Чымчыктардын чыркылдаган үндөрү жок токой көңүлсүз, ал тургай Сережага коркунучтуу болуп кетти. Анан Сережа ыйлап жиберди...

Мындай эч кимдикине окшобогон сюжет куруу, эч кимде айтылбаган нукуралуу көрүнүштү Ш.Садыбакасовдой чыныгы гуманист жазуучу гана жаза алмак! Ал сөздүн күчү жана табияттын бир макулугунун көз жашы менен бүтүндөй табияттын аянычтуу үнүн баланын сезимине жеткирип отурат. Ал аркылуу бүтүндөй балага: «Чымчыктын баласын  да ая... ал дагы сендей эле бала» деп  эскертип турат.

«Күзгү» деген аңгемесинде болсо, «Ала Тоо бермети» деп аталган даңктуу Ысык-Көлүбүздү – «биздин күзгүбүз» деп небересине чоң энеси эң

сонун элестүү түшүндүрүп берет. Анткени аңгемеде автор Ысык Көлдү - «кыргыздардын адеп-ахлагынын күзгүсү»-деп мүнөздөө менен, аны булгабоо, тазалыгын сактоо жөнүндө кам көрүү керектигин эскертет.

Автор аңгемесинде «Күзгү» деген эпитетти эзелки элдик уламышты эскертүү менен да бекемдеп кетет. Анда: перилер тоодон-тоого карай бийлеп учуп жүрүп күзгүсүн түшүрүп жибергенин, күзгү жерге түшкөндө көлкүлдөп ээрип, ошондон Ысык-Көл жаралганын, ошол күзгүдөн тоолор да, асмандап учкан самолеттор да көрүнөрүн көркөмдөп айтып берет.

Ошол үчүн «күзгүбүздү» булгабайлы, таза күтөлү-дейт... Ошол үчүн көл ыйык-дейт. А кичинекей Алисага көлдүн шыбырты «энесинин шыбыраганындай угулат, колун сууга салса энесинин коюнундай жагымдуу, жылуу туюлат...

Бала кезинен тарта ар бир бала өз улутун сүйүп, анын ыйык белгилерин аздектеп күтө билүү, аны сыйлоо керектигин билүүсү да ыйык элдик тарбия эмеспи. Андай ыйык буюмдарыбыз – боз үйүбүз, аталарыбыздын ак калпагы, энелерибиздин элечеги, демек, аларды бирөөгө алмашып жибербей, алдаса алданып берип койбой, тебелеп-тепсебей, акчасын көрсөтсө-кызыгып сатып жибербей, урматтап сактай билүүбүз керек–деген ойду эскертет автор. Ушундай ойду ал «Марат деген бала» аттуу аңгемесинде кызыктуу кылып аңгемелеп берет.

Аңгемеде Марат деген бала атчан тоодо жүрөт. Алдынан «фотоаппарат асынган», «мурдунун үстүнө жалбырак жабыштырып алышкан» «бети-башы түктүү» туристтер жолугат. Атчан баланы отура-тура калышып сүрөткө тартышат. Анан бирөө башындагы тумшугу шукшуйган чаар шапкесин шокалад, сагыз кошуп сунуп, Мураттын башындагы ак калпагын «алмаш» деп сунат. Марат болсо, «атамдын ак калпагын бирөөнүн сасыган чөнтөгүнө салган сагызына алмашпайм»-деп болбой коет.

Ошондой эле баланын аруу тилек-кыялдарын «апамды багам», «апамды үшүтпөй үстүн жабам» деп камкордук кылып жатып өзү апасынан мурда уктап калган Токторбай да («Апамды багам»), көкөлөп учкан көгүчкөндөрдү көрүп, «Мен дагы учат элем» деп машина тигип отурган апасынан канат тиктирип алууну эңсеген Гүлай да («Учат элем») кыялдарынын канчалык аруу, таза экенин туюнтат. Эгерде мүмкүн болсо балалык дүйнөгө кетсемби деп кыялданууга түртөт. Чын эле, азыр кайрадан бала боло калсаң, мындан да сонун кыялдарды ойлоп, ал кыялдарга бат эле жете калууну эңсетет. Чынында, балдар гана ушундай кыялдана алышат жана балдар гана турмушта кыялдардын турмушка ашарын далилдешет... Балалык-ошонусу менен улуу! Ошон үчүн да, аңгемеде канат тигип берчи деген кызына апасы: «Эртең учасың»-дейт жөн гана. Ал «чоңойсоң, анан кыялың жеткен жерге чейин көкөлөп учасың. Сенин келечегиң баары алдыда» деген философияны туюндуруп турбайбы.

Ошондой эле баланын балалык жоруктарын, анын ичинде, калп сүйлөп, ушак уккан баланын кулагы эшектин кулагындай узарып кетерин «Кулагы эмнеге узун» деген аңгемесинде образдуу баяндап берсе, төргө отуруу үчүн сакалдуу болуу керектигин ойлоп, бала атасынын сакалын сураганы, сакалдуу болуп төргө отуруу үчүн, адегенде чоңоюу керектиги тууралуу айтып, адепке чакырганы («Кантип» деген аңгемесинде), шымын түзүктөп кие албай, бир багалегине эки бутун тең салып алып, «бузук шым экен» деп шымына таарынган Асылбайдын («Сонун бала» деген аңгемесинде) да, уй баласы музоону тааныбай, «Уйга окшош экен» деп уят болгон шаардык кыз Розанын («Роза» деген аңгемеде) да балалык портрети эң сонун тартылып берилген.

Кансе да, улуттук балдар адабиятыбызда балдар аңгемесине атайын белсенип киришкендерден К.Эсенкожоев, Ш.Бейшеналиев, Д.Сулаймановдор бир топ чыгармаларын балдарыбызга арнаганы белгилүү. Ошентсе да, аларга салыштырмалуу аз жазса да, атайын балдар жазуучусу болбосо да, ушундай

жаркын чыгармаларын балдарга арнап калтырып кеткен Ш.Садыбакасовдун мындай нагыз элдик тарбия-таалим үлгүлөрүнө ширелген эң мыкты аңгемелери атайын сөз кылууга арзыйт. Ал тургай, балдар адабиятыбыздын тарыхында да атайын сөз кылуу, андагы тал чачтай болсо да ордун белгилеп айтуу орундуу болот.

**ОРНАМЕНТ**

## Т.Самудиновдун ырларында баланы интеллектуалдык жактан өнүктүрүүчүлүк идеяларынын берилиши

Балдар акыны Т.Самудиновдун ырларында башка акындар А.Кыдыров, Б.Асаналиев, К.Жунушев, Ж.Абдылдаев, Ы.Кадыров, И.Токтогуловдордон айырмаланып, балдарды дүйнө таанытуу, билим берүү жана жалпы эле интеллектуалдык жактан өнүктүрүү идеялары мүнөздүү. Акындын бул сапатын чыгармачылык бөтөнчөлүгү, өз алдынчалыгы катары мүнөздөсө болот. Ал өзгөчөлүк ар бир ырында даана байкалып турат. Ошондуктан, мугалим акындын ырларын окуп-үйрөнүүдө дал ушул жагдайларды туура түшүнүү, андагы дүйнө таанытуу, билим берүү жана жалпы эле баланын интеллектуалдык өсүшүн камсыз кылуу идеяларын туура табуу, аны окуу-тарбия иштеринде максаттуу колдонуу керектигин айткыбыз келет.

Эми акындын соңку чыккан «Ар бакчадан бирден гүл» (2012) жыйнагын дагы бир ирет барактап чыгып, жогорудагыдай педагогикалык идеяларын талдоого алып көрөлү.

Аннотацияда айтылгандай китеп балдар адабиятындагы ар кандай жанрлардан куралып түзүлгөн. Автордун оюу боюнча, кичинекей бала канткенде өз эне тилин сүйөт, канткенде эне тилин кызыгып үйрөнөт? - деген суроо коюлат. Мындан сырткары кичинекей баланын тили кантип таза чыгат, канткенде туура жазууга машыгат, эне тилинин сырларын канткенде түшүнөт, ата-бабадан келе жаткан, көбү унутулуп калган сөздөрдүн маанисин кантип түшүнөт, аны кебинде кантип колдонот жана да өзү жашап жаткан чөйрөнү эне тилинде кантип өздөштүрүп, таанып билет деген бир топ проблемалуу суроолор коюлат.

Жалпысынан алганда, акын Т. Самудиновдун ырларында таалим тарбия берүүнүн көп кырдуу проблемалары эске алынган.

Биринчиден тарбия берүү маселелеринен алсак:

1) Патриоттук тарбия;
2) Гуманисттик тарбия;
3) Эмгек тарбиясы;
4) Экологиялык тарбия;
5) Акыл-эс тарбиясы;
6) Адептик тарбия;
7) Гигиеналык тарбия берүү маселелери козголот. Ал тарбия маселелери ар бир ырында таасын ойлор жана мисалдар менен берилген.

Ал эми билим берүүчүлүк жагын алсак:

1) Сөздүн маанисин түшүнүү;
2) Ой жүгүртүп өздөштүрүүгө үйрөтүү;
3) Билим алуу жолун билүүгө машыктыруу;
4) Сөз табышмактар аркылуу грамматиканын сырларын жана сөз жазуунун жолдорун үйрөтүү;
5) Тамгалардын жазылышын, графикалык түзүлүшүн үйрөтүү;
6) Уйкаштырып сөз табуу машыктыруу жана башкалар;

Ошондой эле дүйнө таанытуу боюнча алганда:

1) Жан-жаныбарларды таанытуу;
2) Сөздүн маанисин таанытуу;
3) Айлана-чөйрөнү таанытуу;
4) Туугандык мамилелерди үйрөтүү жана башкалар.

Булардан сырткары акындын чыгармаларында баланын ой-жүгүртүүсүн, кыялын жана предметтерди, сөздөрдү салыштырып түшүнүү, көрүнүштөрдөн бир бүтүн ой туюмун чыгаруу билүүгө машыктыруу сыяктуу өнүктүрүүчүлүк педагогикалык проблемаларды чечүүгө батынуу мүнөздүү.

Демек, мына ушулардан улам акын Т. Самудиновдун балдар поэзиясын интеллектуалдык поэзия деп атасак мыйзамдуу болчудай.

Эми жогоруда сөз болгон тарбия маселелери акындын чыгармаларында кандайча чагылдырылгандыгын мисалдар менен иликтеп көрөлү. «Мага кымбат баарынан» аттуу ырында акын мындай деп жазат:

Ата… ата конушуң,

Ата… Ата Мекенин.

Ал да туура эгерде

Ата Журтум – десе ким

Мага кымбат баарынан

Ала-Тоонун өз элим (161) (аталган китеп 4-бет)

Демек мында, баланын ата конушу, Ата Мекенин жана Ата Журтун ассосациялуу түшүндүрүп баланы ата конушун сүйүүгө чакырат. Ушундай идеялар «9-май» күнү аттуу ырында андан ары уланып, Улуу Ата Мекендик согуштагы эрдикти даңазалап мындай деп жазат:

Жоодон коргоп эл-жерин,

Жеңиш алып келгенин.

Көргөн сайын эстеймин,

Чоң атамдын орденин (5-бет)

Ал эми, «Чоң ата» аттуу ырында (8-бет)

Аппак сакал ал кары,

Айылыбыздын ардагы.

Өзү багып өстүрөт

Өрүк чие, алманы – деп, карыя болсо дагы эмгек кылып чарчабай бакча өстүрүп жатканын ырга кошот жана:

Чакырбай тим кирбейбиз,

Саламдашпай жүрбөйбүз.

«Чоң ата» - деп айтабыз,

Бирок атын билбейбиз, - деп карыяга болгон гумандуу мамилесин билдирет.

«Эшек» аттуу ырында эшектин эмгегин, адамга болгон кызматын айтат да «бирок, тилде туура эмес бирөөлөрдү эшек деп» жазат да балдардын бири-бирине гуманисттик мамиле кылууну эскертет. Акындын ырларында адеп тарбиясы да айрыкча эске алынган. Буга ылайык «Тырмоо» деген ырында мындайча сөз болот:

Бала коңшу атанын тырмоосун сурап келип чөп тырмайм деп дүмүргө чалынтып алып, анын эки тишин сындырып алат. Ошондо, бала тырмоонун эки тиштерин сындырып алганы үчүн уятка калып мындай деп турат:

Болгонума кейиймин,

Ал атага уяттуу.

Тырмоого эми тиш чыкпас,

Менин тишим сыяктуу. (40-бет)

«Барабан» деген ырында мындай дейт. Аскат деген бала ата-энесинин тилин албай барабан саттырып алат. Ага апасы кейип, башка аспап издебей, ушул барабанды алдыңбы? Барабандын үнүнөн эл кыйылат десе, бала мындай дейт: - Уруп ойнойм мен аны силер уктап калганда.

Акын кээде балдарды ойлонтуу үчүн жана өз алдынча жыйынтык чыгара билиши үчүн ирониялык кеңеш түрүндөгү ырларын да жазган. Буга мисал «Терс кеңеш» аттуу ырын алсак болот. Анда балдардын ой жүгүртүүсү үчүн мындайча терс кеңештерин айтат:

Жакшылардан сураба,

Жалкоолордон акыл ал.

Болбош үчүн убара,

Бутуң чечпей жатып ал.

Кошунаңдын тоогун

Уруп өткүн таш менен…, же болбосо:

Тумакты ойлоп кайгырба

Суук түшөр учурда.

Чачыңды түк алдырба,

Жылуу болот кышында – деп балдардын терс жоруктарын айтуу менен балдарды ойлонууга чакырат. Албетте, «Эки жолу эки алсан – төрт деген баа алганың» (54 -бет) – десе бала “эки” деген баа менен “төрт” деген баанын айрымасын түшүнүп, кеңеш берип жаткан акынга мыйыгынан жылмайып, алдап жатканын түшүнүп: «Алдап жатасың экини эки жолу алсаң төрт болбойт, жалкоолордон акыл сураганга болбойт, төшөккө бутуңду чечпей жатпаш керек, анткени – адепсиздик, кошунанын тоогун таш менен урган уят, чачын алдырбай саксайып, чачын алдырбай жүрүү да болбойт ал - маданиятсыздык», - деп бала сөзсүз ойлонот, адеп ыйманга үйрөнөт.

Акындын балдарды адепке, ыйманга, үндөөгө чакырган методикалык ыкмалары түрдүүчө. Анын ар бир ыры мугалимдин мыкты сабагы өңдөнөт. Ар бир ырында тарбиялык бир кеңешти айтат, ар бир ыры мугалимге бир тарбиялык сабактын материалы болуп берет.

Буга мисал катары жогорудагы «Терс кеңеш» деген ыр сыяктуу дагы бир «Оң кеңеш» деген ырын мисалга алалы. Анда да балага тамашалуу кеңеш

айтып кайрылуу менен рогатка алып чөнтөгүнө таш толтурган баланы мынтип шакабалайт:

Кырсык басып кокустан,

Күнгө тийсе ташыңар,

Ысык неме куюлуп

Күйүп калат башыңар – деп шакабалайт. Ошону менен бирге рогатка менен ойноп ээнбаш кылуунун зыяндуулугун жазат.

Адеп ыйманга чакырган ырларында кээде башка жаныбарлар менен адамдын жүрүм–турумун салыштырып айтканы бар. Мисалы, бир ырында:

Жакшы адамдын оозунан,

Сөздөр чыгат алтындай.

Сен да сылык сүйлөй бил,

Эшекке окшоп айкырбай. (71-бет) десе, кичинекей бөбөк менен чоңойгон баланын жүрүм-турумун салыштырып дагы да мындай деп жазат:

Телчиге элек кездерде,

Бөбөк басат телпеңдеп.

Бирок бойго жеткенде,

Баскан жаман селпеңдеп. (84-бет)

Т. Самудиновдун интеллектуалдык ырларында тазалыкка, иреттүүлүккө жана да тазалыкка, гигиеналык эрежелерди сактоого үйрөтүүчү ырлары көп. Мындай ырларын пайдалануу менен мугалим кенже жаштагы окуучуларды «Таза жүргүлө, убагында жуунгула, тырмагыңарды алдыргыла, тырмагыңардын ичин тазалагыла»,-деп кургак насаат айтып турганча

акындын төмөндөгү «Меймандостук» аттуу ырын окуп берсе кыйла элестүү болчудай. Мисалы,

«Ичсеңер!» - деп Жамалбек,

Жарма куюп сыйлады.

«Ичпегиле!» - дегенсийт,

Кирге толо тырмагы.

Албетте мындагы кирге толгон тырмак Жамалбекти уяткарып олтурат. Анткени, ким гана болбосун бирөөгө тамак берерде идиши таза, колу таза болушу, тамакты да эрежеси менен суна билиши керек. Себеби, тазалык бул биринчиден маданияттуулук, экинчиден ден соолук, үчүнчүдөн адамдын адептүүлүгү болуп саналат. Булар адамдык сапаттардын негизги белгилеринин бири.

Т. Самудиновдун ырларында ар бир кесиптин пайдасы жөнүндө айтуу менен балдарды кесипке багыттоо жагы да каралган. Мисалы, «Өтүкчү» аттуу ырында эски бут кийимди жаңыдай оңдогон, айрыгын жамаган, майрыгын түзөгөн өтүкчү:

Таба билет дайыма,

Ар адамдын көңүлүн.

Ал узартат врачтай,

Батинкенин өмүрүн. (84 -бет)

Демек мындан өтүкчүлүк кесиптин адамдын турмушундагы маанисин, өтүкчү адамдын кызматын айтуу менен балдарды да ушундай адамга керектүү кесиптин ээси болууга үндөйт.

Жогоруда айтылгандай акын Т. Самудиновдун ырларындагы эң башкы өзгөчөлүк – бул балага дүйнөнү таанытуу, ар кандай жаныбарлардын

аттарын билдирүү, жашоо-шартын үйрөтүү, өзгөчө белгилери тууралуу маалымат берүү. Мунун өзү акындын нагыз мугалим, тактап айтканда акын – падагог экенин билдирет.

Дегинкиси, балдар поэзиясынын өзгөчөлүгү ушунда анда поэтикалуулуктан мурда–дидактикалуулук мүнөздүү экендигин балдар адабиятын изилдөөчүлөр туура белгилешет. Анткени, балдар адабиятынын табияты ушунда. Ушул багыттан алганда акын Т. Самудиновдун көптөгөн ырларынын түрмөгү жогоруда айтылган ойлорго түздөн-түз мисал боло алат. Мисалы, «Билебиз жана билбейбиз» аттуу ырында күн нуру айлананы кулпунтаарын, кар кетсе жашыл жаз келерин, жаз келсе, булбул сайраарын ырга кошот да бирок, Мелис деген тентек баланын сабактан кандай бааны алып келерин билбейбиз – деп тамашага салат.

Албетте, педагогика, психология илиминде таанытуусуз билим берүү мүмкүн эместиги туура айтылат. Т. Самудиновдун таанытуучу мүнөзүндөгү ырлары да балдарды табият таанытуу мүнөзүндөгү билимдердин башаты сыяктанат. Мисалы, «Чөптөн өргөн уйкаштар» аттуу ырында жалаң кыргыз жериндеги чөп аттуунун дээрлик көпчүлүгүн ырга кошкон, анда биз атын билген жана билбеген элүү жети чөптүн атын уйкаштырып тизип чыккан. Мисалы:

Төө жалбырак карынтыс,

Ала бата уйгактар

Миң дубана, көбүргөн,

Тулаң кара тырмактар. (28 -бет)

Ошондой эле, «Канаттуулар базары» аттуу ырында кыргыз жериндеги жалаң канаттуу куштардын алтымыш үч түрүн тизмектейт. Тизмектеп эле тим койбой алардын баарын уйкаштырып ыр түрүндө берген. Мисал келтирели:

Бактек, кузгун, бабыраң,

Күйкө, кыргый, кашкалдак,

Жору, бүркүт, кара кур,

Чыйырчык, борчун, ак чардак.

Балта жутар, таз кара,

Кыргоол, аңыр, булбулдар,

Сүтак, суксар, бөдөнө,

Мукур, тынар, думбулдар… жана башка. (161) (19 -бет)

Бул ырлардын педагогикалык мааниси эмнеде? Бул ырда биз жашаган чөйрөдөгү, өсүмдүктөрдү таанытып, алардын аттарын билдирсе, экинчи жагынан канаттуулардын түрлөрүн үйрөтүү менен алардын аттары аркылуу сөз үйрөтүү маселесин комплекстүү чечүүгө аракеттенип олтурат.

Жогоруда айтылып өткөн иш аракеттер, «Үндөр», «Көңүлдүү грамматика», «Төрт аты бар бир буюм», «Кай жаныбар кантет», «Биле жүр», «Жылгын, Булгун, Туйгун», «Кайда укташат» аттуу ондогон ырларында жазылган. «Үндөр» аттуу ырында: Чырылдаган бул эмне деп суроо коет да анан жообун чөп ичинде чегиртке деп таанытат. Курулдаган бул эмне деп суроо коюп, там түбүндө кур бака деп, кур баканы таанытат. Дырылдаган бул эмне деп суроо коюп, шире издеген ийнелик деп жооп айтып ийнеликти тааныштырат. (38-бет)

«Төрт аты бар бир буюм» аттуу ырында айыл жеринде кыздар – балдар сууну ийинге салып көтөргүч бакандын: ийиндегич, бакан, апкич, суу көтөргүч – деген аттарын ырга кошуп:

Билбей жүрсө ким мурун,

Уксун сөзүн чындыгын.

Бар болгону бул деген-

Төрт аты бар бир буюм (67-бет).

Мындай таанытуучу ырларынын катарын дагы да улантса болот. Мисалы, «Кай жаныбар кантет» деген ырында:

Бул жаныбар коөздойт,

Ошондуктан төө дейт.

Муну болсо уй дейт,

Ал боздобойт, мөөрөйт.

Акын андан ары бакалар сазда чаардай турганын, чегиркелер чырылдай турганын, каман менен чочконун коркулдай турганын, каркыралар менен турналар кыйкурлай турганын, бүркүт көктө шаңшый турганын, суур дөңдө аңкуштай турганын, карышкыр-бөрү улуп, сагызган шакылыктай турганын, аюу, жолборс күрүлдөп, каз-өрдөктөр каркылдап, жылан ышкырып, булбул торгой сайрап, көгүчкөндөр гүүлдөй турганын таанытат. (71-бет) Албетте, бул ырлар мугалимдер үчүн баа жеткис материалдар адабий окуу, кыргыз тили же мекен таануу сабактарында гана эмес, ортоңку, ал тургай жогорку класстардагы табият таануу, зоология жана биология сабактарында да чыгармачылык менен пайдаланылса болот.

Мына ушундай табият таануу багытындагы акындын ырларына «Биле жүр» жана «Жылгын, Булгун жана Туйгун» деген ырларын да кошууга болот. Булар да жапайы айбанаттардын аттарын чечмелеп, унутта калган эне тилибиздеги сөздөрдү эске салат. Биз бул ирет аталган ырлардагы айбанаттардын жана дарактардын аталыштарын талдап олтурбай эле, түшүнүктүү болушу үчүн сөздүк түзүүнү сунуш кылалы. «Биле жүр» ыры боюнча:

Аркар – ургаачысы

Кулжа – эркеги

Куран – эликтин баласы, эркеги

Телки – эликтин баласы, ургаачы

Чаарчык – эликтин жаңы туулган баласы

Каркыра – эркеги

Турна – ургаачысы

Чүрөк – өрдөктүн эң сулуусу, ургаачысы

Кайырма – өрдөктүн эркеги

Күкүк – эркеги

Зейнек – ургаачысы

«Жылган, Булгун, Туйгун» ыры боюнча:

Туйгун – куштун түрү

Жылгын – талдын түрү

Булгун – териси баалуу жапайы жаныбар.

«Кайда укташат» деген ырда жан-жаныбарлардын кайсы түрү, кайда, кантип укташаарын үйрөтөт.

Бул ырларды окуп олтуруп автордун адистиги биологбу деп ойлоп кетесин. Кантсе дагы акын адабият аркылуу табиятты таанытуу маселесин кичинекей балдар үчүн чоң педагогикалык проблема катары көтөрүп чыкканы абдан баалуу. «Кайда укташат» деген ырында мынтип жазат:

- Мамалактар кайда укташат?

- Токойдогу чээнинде

- Каз өрдөктүн балдарычы?

- Көк ирим көл жээгинде. – дейт да, кичинекей кенгурулар энесинин чөнтөгүндө укташаарын; пилдин балдары уктаганда турган калыбында бир – бирине ыктап жанаша туруп уктаарын: жарганаттардын балдары жар бооруна асылып укташаарын; көпөлөктөр жалбыракка жабышып уктаарын айтып өтөт. (81- бет)

Албетте, кичинекей балдар тууган-туушкандардын, алыс-жакындардын аталыштарын кичинекей кезинен тарта биле жүргөнү дурус. Айрыкча шаар жериндеги балдар ата-энесинен башка жакындарынын аталыштарына көп маани бере бербегендиги белгилүү. Көпчүлүк убакытта орус тилинин таасири аркылуу ага-ини, эже-карындаштан башка баарын «племянник» катары эсептеп айылдык балдарга күлкү болушаарын ушул ырдан улам да түшүнсө болот. «Жакындарың жакшы бил» деген ушул ырда аке, байке, ага жана аба ким болорун; Эже, жезде, аяш эне ким болорун; эне-сиңди кыздары бири-бирине бөлө болушаарын, апаңдын бир туугандары тай аке, тай эже болушаарын айтуу менен соңунда:

Билип алдың айырмасын,

Бөлө, жээн, тай акенин.

Демек эне тилиңди,

Сыйлаганың ал сенин. (88-92 -беттер)

Акын Т. Самудиновдун бул интеллектуалдык ырындагы дагы бир өзгөчөлүк сөз оюндары болуп саналат. Мында, сөз оюндарынын түрлөрү катары төмөндөгүлөрдү эсептесең болот:

1) Сөздүк ыр;
2) Табышмак ыр;
3) Сөздүн маанисин түшүндүрүү;

4) Синоним жана антоним сөз эсеп ыры;
5) Так сүйлөөгө үйрөтүү;
6) Оң тетирисинен окуп сөз табуу;
7) Шарада;
8) Омоним ырлар;
9) Көңүлдүү грамматика;
10) Физкульт мүнөттөр;
11) Сөз курак айтуу;
12) Сөздүн маанисин айтуу;
13) Тамгаларга жараша ырларды айтуу;

Эми булардын ар бирине бирден мисал келтирип өтөлү. «Гүлдөр» деген ырда:

Ар нерсени эзелки,

Атын эстээр кез келет.

Розаны, мисалы

«Раушан» гүлү деш керек

Аталарга ардагер

Тартуу кылып бере жүр.

Сүйгөн гүлү алардын,

Гвоздика – чече гүл деп,

«Незабудка» деген гүлдү – Эсте секет

Гвадиолус – Барчын гүл

Тюльпан – Кызгалдак

Сирень – Бөртө

Лютик – Саркалдак- деп ыр менен түшүнүк берет.

Сөз маанисин чечмелеген “Коңур деген сөз” аттуу ырын окуп көрөлү:

Коңур деген –

Кара күрөң түс болот,

Коңур деген –

Салкын тарткан күз болот.

Коңур деген –

Жумшак назик мүнөздө

Коңур деген –

Жагымдуу үн жүрөккө

«Синоним менен антоним» аттуу ыры башталгыч класстарда кыргыз тили сабагында өтүлүүчү ушул сыяктуу темадагы окуу материалына түздөн – түз үндөшүп турат. Алсак, синоним деген эмне же антоним деген эмне? Алардын айырмасы кандай? Мына ушул суроолорго акын Т. Самудиновдун «Синоним менен аноним» деген аттуу ыры эң сонун мисал боло алат. Ырдан мисал алалы:

Айтылышы түрдүүчө,

Маанилери жалкы сөз.

Бул – синоним.

Антоним –

Бир – бирине каршы сөз, - деп эреже катары аталган терминдерге түшүнүк берет дагы андан соң ар бирине мисалдарды келтирет. Мисалы, синонимге:

Тепши, таштек, чылапчын,

Туура, анык, ырас, чын.

Ашуу, дабан, бел-белес,

Малакай, тумак, кулакчын.

Антонимге мисал:

Алыс – жакын, жай – чапчаң,

Ачык – бүркөк, жер – асман.

Арык – семиз, ийри – түз,

Баатыр – коркок, жөө – атчан.

Албетте, сабакта мугалим менен окуучу окуу китептеги мына ушундай мисалдарды окуп-үйрөнүү менен чектелип кала бербейт. үлгүгө таянып, окуучулар андан ары проблемалуу суроолорду коюп, сөз маанилерин салыштырып, чыгармачылык менен мисалдарды табышат, сүйлөмдү түзүшөт, чакан тексттерди иликтешет. Мына ошондо жогорудагы үлгүлөргө таянып, өз алдынча иштөөгө багыт алышат. Балким мугалим окуучуларга проблемалуу суроолорду таштап, «Ким синонимдерди көп айтат? Ким антонимдерди көп айтат?» деген суроолорго жооп таптырып, издентип окуучуларды чакан тайпаларга бөлүп, жарыштырып иштетиши мүмкүн.

Мындай таймаш ыкмасы окуучуларды ойлонтуу менен өз алдынча иштөөгө стимул түзөөрү бышык.

Акын Т. Самудинов да аталган ырда мугалимдин ролун өзүнө алып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарат:

Мындай асыл сөздөрдү,

Ой сандыктан алып чык.

Ким көбүрөөк таба алат,

Анда эмесе жарыштык. (41 -бет)

Ушул сыяктуу «Омоним» аттуу ырында дагы аяк, аңыз жана айбан аттуу сөздөрдүн омонимдик маанилерин ачуу менен нагыз кыргыз тили сабагынын мисалындагы иш аракетти эске салат. Мында да акын мугалимдин милдетин өзүнө алып, омонимге мүнөздөмө берет да сөздөргө мисал келтирет.

**Аяк** сөзүнүн омонимдери:

Төрт аягын тең шилтеп,

Чуркайт жылкы жаныбар.

Аяк – аяк кымызын,

Ичесиңер баарыңар.

Эми **аңыз** деген синоним сөздүн омонимдери:

Эгини эчак жыйналган,

Талааны айтат аңыз деп.

Элде жашайт эзелтен,

Уламыш кеп, аңыз кеп. (61-бет) жана башка.

Эми эсеп ырларына көңүл бөлөлү. «Энелерди эстейли» аттуу ырда тил менен бирге математикалык эсепти чыгарууга, болгондо да, риторикалык көнүгүүлөр сыяктуу логикалык тапшырма жана ага жооп алуу аталган ырдын өзөгүн түзөт. Чындыгында эле ыр кенже балдар үчүн интеллектуалдык оюн же ыр-эсеп таймашы сыяктанат. Ырды окуйлу:

2 тайлак, 1 бото,

5 коңнек, 5 бөжөк.

4 балапан кошулду

10 жөжөнү көп десек.

Анда эмесе жообун

Өзүңөрдөн күтөлү.

Энелери булардын

Алтообу же үчөөбү. (47 -бет)

Чындыгында эле ойлонууга туура келет: 2 тайлак менен 1 ботонун, 5 коңнек менен 5 бөжөктүн жана 4 балапан менен 10 жөжөнүн энеси канчоо болот? Алтообу же үчөөбү? Бул жерде математикалык тапшырмабы же риторикалык тапшырмабы?

Байкабаган бала бул тапшырманы математикалык тапшырма деп ойлоп бул алты жаныбарлардын алты түрдүү энеси бар демек, алтоо деп айтып салышы мүмкүн.

Жооп турабы? Жооп туура эмес анткени, автор бул жерде балдардын ой жүгүртүүсүн текшерүү иретинде төөнүн баласынын тайлак жана бото аталышын, коендун баласынын коенек жана бөжөк деп аталышын жана да канаттуунун баласынын, балапан жана жөжө деп аталышын атайын бирге берип, логикалык ой жүгүртүүсүн текшерип олтурат.

Ой жүгүртүүсү күчтүү окуучу мындай риторикалык тапшырманы бат эле таап, төөнүн, коендун жана канаттуунун балдарынын аттарын туура таап, булардын энеси үчөө экенин жаңылбай айта алат.

Т. Самудиновдун ырларынын ичинен сөз оюндары, алардын катарында сөздөрдү оң тетирисинен окуп сөздүн маанисин табуу ырлары өзгөчөлөнүп турат. «Тетирисинен, оңунан» деген ырын окуп көрөлү:

Окуй берем буларды

Тетирисинен,

Оңунан.

Баштагы эле сөздөрдү,

Кайда баштан жолугам:

КАР АК

КАЛАК

КҮЧҮК

КУДУК  (57- бет)

Акындын «Шарада-табышмак» ырлары да окуучуларды ойлонтууга түрткү берет. Ушул туурасындагы бир жаныбар менен бир буюмдун аталышынан башка бир буюмдун аталышы келип чыккан көрүнүштү белгилейт. Суроо мындай: Илгертиден адамга канат болгон жаныбар кайсы? Албетте, ат. Оозубуздун ичине чыккан эмне ал? Албетте, тиш. Эми тапшырма мындай:

Кыйындыгы жок тура,

Эми экөөнү кошкула

Кошкондо эмне деген сөз чыкты? Демек **ат** деген сөздү **тиш** деген сөз менен кошкондо күндөлүк чарбалык ишибизде колдонуучу **аттиш** деген мык сууругуч сөзү келип чыкты. Бул ырдагы, жеке эле адабий окуу сабагында эмес, кыргыз тили сабагында зат  атооч темасын же болбосо татаал сөз темасын өткөндө ыйлайыктуу пайдаланса болот.

Демек, балдар акыны Т. Самудиновдун биз тандаган ырлары өзүнүн интеллектуалдык балдар поэзиясы деп айтаарлык өзгөчөлүгү менен

белгилүү. Биз аны жогору далилдүү мисалдар менен жетишерлик талдадык. Андагы тааныттуучулук, үйрөтүүлүүчүк жана билим берүүчүлүк жагдайларын ачып берүү менен, аларды балдарга жеткирүүнүн жолдорун, ыкмаларын да мугалимге сунуш кылууга аракеттендик**.**

## ОРНАМЕНТ

## Б.Асаналиевдин чыгармаларындагы этнопедагогикалык тарбия берүү жана дүйнө таанытуу идеялары

Б. Асаналиев – улуттук балдар адабиятыбыздагы чыгармачылык салттуулукту карманган акындардын бири. Анын бир белгиси–тематиканы ар тараптуу жана да балага дүйнө таанытуу, балалык кыял-чабыттарын, балалык дүйнөсүн поэтикалуу чагылдыруу, ошону менен бирге эриш-аркак, ажырагыс түрдө улуу катары таалим тарбия, акыл-насаат берүү идеяларынын мол экендиги талашсыз. Акындын чыгармачылындагы мындай багыттар анын алгачкы эле чыгармачылык чыйырынан байкалган. Анын «Жаз боегу» аттуу биринчи жарыяланган жыйнагында («Жаз боегу», фрунзе, «Мектеп», 1967) жогоруда айтылгандай, баланын кыялы, таттуу тили, ички табияты, психологиясы эне менен баланын эмоционалдык байланышы, табият менен адамдын алакасы, ага жылуу мамиле жасоо, балдардын табият табышмагын билүүгө болгон куштарлыгы, бала жашап жаткан коом, анын балдардын аң-сезимине тийгизип жаткан таасири, эмгектин ролу, эмгекчилдикке тарбиялоо, жана башка багыттардагы таанытуучулук мүнөзүндөгү педагогикалык идеялары чагылдырылган.

«Ашым» деген ырда конфет жегиси келген бала энесине ооруп турат башым» деп шыбырайт. Энеси анын каалаганын берген соң, башы оорубай эле ойноп кетет. Же болбосо, «Жыгылуунун себеби» деген ырында «кийим башы кар болуп» үйгө кирип келип, «Бутка муштап жылгаяк, жыгылдым деп жылмаят» айлакер Жумалы. Талант деген бала, «Бир да ыйлап койбойт» деп куурчагын мактайт. Алым болсо «туурап таргыл мышыкты» бетин жууйт («Мышыкты туурап»), «Ыйлап жатат ак самоор, сооротуңуз бачым» деп Касымбек («Ыйлаак самоор”) чайы кайнап жаткан самоорду айтышы ж.б. Буларда жеке эле бала кыялын чагылдырылган жок, баланы ой жүгүртүүгө түртүү менен, ички сезиминде билинбеген өзгөрүүлөрдүн жүрүп жатканын, ал аркылуу анын ички дүйнөсүндөгү сапаттык жаңылануулар болорун автор кыйытып айтып отурат.

Табият менен адамдын «киндиктеш» сезим-туюмун, анын «табышмактарын» табууга умтулуп, түкшүмөлдөп түшүнүп, бирок айтууга «тили жетпей» турган баланын абалын бул ырларында мындайча берет.

«Тишим түшүп» деген ырында кичинекей бала чоң энесине»: Айтчы чоң эне мен карыдымбы?...деп сурайт кайрылып, а көрсө анын тиши түшүп калыптыр. Мына-бала үчүн улуу табышмак! Өзүнчө поэтика! Бала дүйнөсүнүн поэтикасы! Же болбосо «Сый кылып” аттуу ырда кичинекей кыз көк козусун ээрчитип ойноп жүрүп, ал козусу «Айгүл эже, берчи жем»,- деп жалооруп тургансып сезилгени–анын али кичинекей болсо да, жан дүйнөсүнүн табиятка жакындыгын билдирет («Сый кылып»). Ал эми «Ынтымак» деген ырында табияттын эң сонун бир жандуу портретин

«Музоо жалайт күлүктү,

Күчүк каппайт ыркырап.

Кээде бирге укташат,

Көрчү кандай ынтымак! деп тартып, ошонун өзү да балага сүйкүмдүү көрүнгөнүн, ынтымактын күчү кандай экенин кыйытып («Ынтымак») айтып отурат.

Б.Асаналиевдин ырларындагы дагы бир өзгөчөлүк – баланын жан дүйнөсүн, анын рухий портретин сөз менен тартып, таза дилин, ширин тилин мыкты бере алгандыгы талашсыз.

Мунун мисалы катары акындын «Атырдан артык», «Чычкан жеп коюптур», «Ташымдын тапкычтыгы», «Бөбөгү менен байкеси», «Жардам», «Бөбөк тили», «Күлкүсүнөн» жана башка ондогон ырларын алсак болот.

«Атырдан артык» деген төрт сап ырында чоң эне жаңы төрөлгөн бөбөккө Кеңеш «атыр куялы» десе, «өзү эле атыр эмеспи» деп бөбөктү не деген сыпат менен сыпаттап отурушу-акындын аталган жыйнагынын көркүн

чыгарып, ажарын ачып турат десек жаңылышпайбыз. Же болбосо, ойноп жүрүп батинкесин жыртып алган Эсенбек атасына көрсөтүп,–«Коюптур түндө чычкан жеп» (Чычкан жеп...») десе, ал эми Ташым деген бала атасынын башы «тең бөлүнүп ооруп турса», «таңайын» деп жоолук сурайт апасынан.

«Жардам» аттуу ырда болсо мындай деп жазат:

«Кичинекей Гүлмира,

Колуна алып шыпыргы,

Улагадан баштап ал

Төргө карай шыпырды»...

Бирок Гүлмира ушул эң алгачкы эмгегин апасына арнап жатпайбы! Анан да “Бөбөк, тилиң кабарчы?”

Кумар черим таратты.

Сенин үнүң укканда

Сезбейм ооруу, жаратты!–деп жазат акын «Бөбөк тили» аттуу ырында. Бөбөктүн аруу дүйнөсүнөн үйгө келген бакытты эң эле жумшак, эң эле поэтикалуу кылып, «Күлкүсүнөн» деген ырында мындай деп айтат:

Көөдөй түндө бөлмөдө,

Көрүнгүс шам күйүптүр.

Көшүп жатып бешикте,

Көрсө бөбөк күлүптүр.

Күлкүсүнөн бөбөктүн,

Күн балбылдап тийиптир.

Жаркыратып үй ичин

Жарык кылып ийиптир!...

Ушундай поэтикалуу ырларында элдик тарбиядагы «Бала–үйдүн шам чырагы», «Балалуу үй базар», «Бала–падыша» деген ыйык сөздөр менен баланы сыпаттоо, аны чексиз сүйүп, бөпөлөп мамиле жасоо сыяктуу тарбиялык идеялар, поэтикалык образдуу саптар уюп жатат, ал идеялар чоңдор үчүн эмес. Албетте, мында: балага улуунун насааты катары бөбөктүн аруулугун алардын ага-эжелерине айтып билдирүү идеясын камтып турат.

Ушулардын өзүнөн эле акын Б.Асаналиевди баланы чексиз сүйгөн, балалыктын акыны-деп баалап айтсак түк жаңылышпайбыз.

Акын балага жумшак юмор менен кайрылып, аны тарбияга чакыруунун да устаты десек жаңылбайбыз.

Сабакка кирип келген мугалим мынтип айтат Бердиге:

–Ошентип да турабы–

Окшоп суроо белгиге.

Түз турганга үйрөнчү,

Жанындагы Тилектей

Карачы анын турганын,

Түптүз болуп илептей!

Мындагы «суроо белги» менен «илеп» белгиси аркылуу баланын турган турушун сүрөттөп берүү элестүү берилген. Ошондо да, балага ошол интонациялык белгилердин элеси, ага окшоп туруунун кандай болоорун айтуу менен баланын алдына проблемалуу суроону коюп отургань ырда көрүнүп турат. Ушунун өзүндө да чоң педагогикалык идея катылып жаткансыйт.

Же болбосо:

«Жакшы окуган баладан

Дайым келбейт бөлүнгүм,

Жалкоо, тентек балдарга

Такыр келбейт көрүнгүм» деп «5» баасынын айтып турганы да баланын психологиясына таасир этпей койбойт.

Балдар ырларынын устаты болгон бул акындын ырлары үч тарабынан көрүнөт, тактап айтканда, ***анын бир салаасы*** – балдарды курчап турган дүйнөнү, андагы жан-жаныбарларды, үй-айбандарын таанытуу, күндөлүк колдонуп жүргөн буюмдардын маани-маңызын билдирүү тууралуу болсо, ***экинчи салаасын*** аларга болгон баланын аздек мамилесин, гумандуу сезим-туюмдарын калыптандыруу, эне тилин билүүнүн ролун, сөз маанилерин, ата тарбиясынын асылдыгын үйрөтүү ээлесе, ал эми ***үчүнчү салаасын*** бөбөктөрдү улуу-кичүүгө болгон адептүү мамилеге, күндөлүк турмуштагы ыймандуу жүрүм-турумга, ата-энени, бир туулган айылды сүйүүгө тарбиялоо тематикасы чагылдырат десек жаңылбайбыз. Ошентсе да, бардык ырларында баланын кыялы, сөзү, көз карашы, ой жоруусу менен туюмдары таттуу тил менен берилип, сөз гүлдөрү менен сыпатталган. Акындын ыр куруу техникасын, сөз менен иштей билүү чеберчилигин да ушул ырларынан байкоого болот.

Мисалы: «Менин энем» аттуу ырында бала энесин «Менин энем күнгө тең» деп сыпаттаса, «Апа» деген ырда «Апа бизди төрөгөн,

Ал-күн!

Тийген төбөдөн» (269-б.) деп, эненин ким экендиги менен анын асыл эмгегин андан ары тереңдете сыпаттайт.

Китептеги орчундуу тематика – бул табиятты, андагы жан-жаныбарларды, тагыраагы арстан, керик, аюу, зебра, карышкыр, жылан, пил, маймыл жана башкалар менен балдарды тааныштыруу, анын кандай экендигин, жашоо-шартын, тиричилигин билдирүү. Ал эми «Жаңы ырлар» түрмөгү улуулар көп маани бербеген, балдар жазуучуларына гана тиешеси бардай туюлган, ит, күчүк, мышык, чычкан, торпок, уй, коделек менен тааныштырган чакан-чакан ырлары да эң кенже балдар жаттап ырдачу, тилин өстүрөрлүк, ийкемдүү ырлардын катарын толуктап турат.

Ушул эле тематикада балдарга чоң ата, чоң эне деген ким, таене, таята дегендер да кимдер экенин шаардык балдарга таанытуу тууралуу сындагы ырлары да өзгөчө кызыгууну жарататат, тагыраак айтканда:

«–Таене деген ким болот?

–Ал –Энеңдин энеси.

–«Бабушка» деп шашылбай,

Байкоо керек эмеспи». (315-б.)

Балдарды ыймандуу, адептүү болууга үндөгөн ырлары китептин басымдуу бөлүгүн ээлейт. Андагы «Ыйман деген эмне?», «Азиз адам баратты», «Чоң эне менен небере», «Көпүрө», «Жакшы китеп», «Ырысбек», «Кубан, бөбөк», «Мурас» жана башка көптөгөн ырлары мисал боло алат.

«Көпүрө" деген ырда: «Тажабастан тере бил, татынакай сөз гүлүн, «жетик билбей тилиңди, жек көрүнбө элиңе»,- деп насаат айтып келет да, балдарга сабак болор кылып: «Күмөндүк болсо сөзүндө,

Күнөөнүн баары өзүңдө.

Байкасаң, ушул эне тил,

Башка тилге көпүрө» (289-б)-деп, балдарга, адегенде, эне тилиңди бил, андан соң башка тилди үйрөн, эне тилиңди

жакшылап үйрөнсөң, башканы үйрөнүү оңой болот»,- деген педагогикалык идеяны айтып, жыйынтыктайт.

Же болбосо: «Кубан, бөбөк» аттуу ырында карыя катары балдарга мындай деген насаатын айтат: «Өбөгүмсүң сен менин,

Өзүм дебей, эл дегин.

Арттырат деп даңкымды,

Артат үмүт эл-жериң». (312-б.)

Анан да «Мурас» деген ырында бүгүнкү чет элдик фильмдерге кызыгып, улуттук сапаттарыбызды унутуп, атыбыз кыргыз болуп туруп, затыбыз башка болуп кетер коркунуч алдында, рухий бөксөлүк улуттук нарктарыбыздын кадырын кетирер чакта балдарыбызды нагыз кыргыз атанын наркы менен болуусун самап, мындай деп жазат:

«Ар бир кыргыз баласы,

Ак калпакты кийишсин.

Ак боз үйдө олтуруп,

Комуз черте билишсин.

Элин-жерин сүйүшсүн!» (326-б)

Акындын эне тил тууралуу ырлары өзүнчө эле сабак болор ырлар. Анын «Балдар неге күлүштү», «Айырмалай билели», «Ойго алгыла» «Сары гүл», «Балдардын баары каткырды», ж.б. ырларында балдар гана эмес, алардын ата-энелерине да кеңеш айтып жаткансып, бирде эне тилин ыйык тутуп, атаны ата, апаны апа деп жерибей айтып үйрөнсө деп, сөз билбестердин эл алдында күлкү болорун эскертип, бирде сөздүн маанисин чечмелеп, бирде эне тили мугалиминдей балдарга ар бир ыры менен сабак өтүп жаткансыйт.

Мисал келтирели: «Папа» десе, атаны,

«Мама» десе- апаны,

Ала-Тоолук бала үчүн,

Аябай чоң ката бу! (272-б. «Ойго алгыла»)

Акын ушул кезге чейин эле өзүнүн элдик акыл-насааттарын балдарга, же катарлаштарына ырлары менен ушинтип айтып келет. Акындык салттын өзү да ушундай. Ошол акындык парзын, эл алдындагы карызын айтып бүгүн мынтип 70 жаш кутман куракка келип отурат. Ал бүгүн да акындырыбыздын эң алдыңкы сабында, «жакшы ыр чыкпаса, бул турмушта жашаганын жалгандай» («Акын», 16-б) деп, кыялында, бул дүйнөдөн кандай гана таланттар өткөнүн ойлоп, алардын баркын Ата-Журту унутпай, элеси жылдыздай болуп, Ала-Тообуздун асманында өчпөй жанып турганына, өзү да эл ичинде жүргөнүнө, кылган эмгегине ыраазы болуп, аман-эсен жашап келе жатканынан кубат алат.

Балдар акыны Байтемир Асаналиевдин элине эмгеги сиңип, Ала-Тообуздун ар бир уул-кызы кереметтүү ырларын окуп, таалим-тарбия алып, ыраазы боло беришсин!

«Балдар неге күлүштү» ыр жыйнагы дүйнө таанытуу идеяларына өтө бай.

«Балалык курак адамзаттын өнүгүшүнүн башат булагы, анын ядросу»- деп улуу жазуучу Ч.Айтматов образдуу түрдө эң сонун баалап айткандай, балалык курак тууралуу медиктер да, психологдор да туура баалап, балалык курак адамдын таанып-билүүсүнүн башаты экендигин, ал кезде баланын таанып-билүүсү жана ар нерсени үйрөнө билүүсү активдүү болорун изилдөөлөрүндө далилдеп көрсөтүшкөн. Бул ойлорду турмуш практикасы ар качан далилдеп келүүдө.

Мына ушундан улам, ар улут өзүнүн «келечегим» деп эсептеген кенже балдарынын акыл-эсинин калыптанышына жана адеп-ахлакынын түптөлүшүнө, жашаган чөйрөсүн таанып билүүсүн кам көрүп, түрдүү табышмактарды катып, ойлоосун өстүрүп, жаңылмачтарды айтып, тилин жатыктырып, жомокторун ойлоп таап, ырларды жаратышкан. Анын өрнөгүн улантып, акын-жазуучулар да балдардын ар бир курагына жараша ар дайым ырлары менен аңгемелерин жазып, алардын акылынын өнүгүшүнө камылга көрүп келишүүдө. Ошону менен бирге, адамгерчиликтин элдик этикалык нормаларынан тартып, коомдук чөйрөдө баланын өзүн-өзү алып жүрүшүн да, жашаган чөйрөсүн таанып-билүүсүн да ыр-аңгемелеринде чагылдырып келишет.

Бул ирет Б.Асаналиевдин таанытуу идеяларынын бир катарына мисал болорлук **«Балдар неге күлүштү»** (Бишкек, «Кыргызстан», 1998) аттуу жыйнагы тууралуу сөз кылууну туура таптык.

Акындын аталган жыйнак китеби ички тематикасы боюнча “Токой жомогу”, “Айбанаттар паркында”, “Табышмактар”, “Жанылмачтар” жана “Калптар” аттуу чакан бөлүктөргө бөлүнгөн жана ушул тематикаларга жараша ырлар топтолгон.

Эми ушул аталган багыттарда сөз учугун улайлы.

Адегенде, жыйнактагы табият таанытуу, анын ичинде, токой өсүмдүктөрүн таанытуу жаатындагы ырларын талдоого алалы. Акындын аталган тематикадагы ырлары «Токой жомогу» деген ырлар топтомунда берилген. Аталган топтомдо токой дарактарынын сулуусу - ак кайың, падышасы - карагай, жыпар жыттуусу - арча, тикендүүсү - ит мурун, назигишилби, бараандуусу - четин, кычкылы - чычырканак, мырзасы-терек, ар нерсеге керек майда тал туурасындагы ырлары кирген.

“Токой жомогу” деген ырын:

Араласаң токойду,

Ар жыгачтын түрү бар.

Сурап жүрбөй ар кимден,

Аларды өзүң билип ал-деп баштайт акын. Андан ары токойдон токойго кирсең, ал сени «коногундай тосуп алып» эң керектүү мөмө-жемиштерди жайнатып берип «тосуп аларын» айтып, андан ары көңүл буруп «токой жомогун» угууга чакырат.

Албетте, балдар ак кайыңды дарактардын эң эле сүйкүмдүүсү, сулуусу экенин, күмүштөй кабыгы жаркырап турарын, кыздын чачындай бүчүрлөрү ар жаз сайын бүрдөй тургандыгын поэтикалык тил менен элестүү кылып айтып берет да, токой дарактарын ирети менен тааныштыра баштайт.

«Арча» деген ырын алалы: чынында, бардык эле балдар арчанын адам турмушунда кандай пайдасы бар экенин толук биле бербейт. Окуп көрөлү: албетте ал жайы-кышы жапжашыл, а бирок «А бул арча жапалак, андан комуз жасалат», дейт акын. Демек, токой арчасынан комуз да жасалат экен. Андан кийинки тааныштыруу кезеги карагайга келет. «Баса түшсөң аралай, Бакжаят көркөм карагай» деп келип, анын да адамга далай ишинде керегине жарарын өзүң айт дегендей ой менен бүтүрөт. (14-б).

Ой жүгүртө билген бала андан ары өз алдынча адам турмушунда карагайдын кандай орду бар, ал кандай кызмат кылат, карагайдын тактайынан адамдар өзүнө кандай кооз эмеректерди жасай ала турганын ойлоп тапса болот.

Тааныштыруу кезеги «Ит мурунга» келет:

«Мунун аты-ит мурун.

Билбептирбиз биз мурун.

Канча ооруга дары дейт,

Кайнатып ашын ич мунун».

Чынында, биз тикенектүүсүнөн улам аны баалабай, үйгө жакын жолотпой келчү ит мурундун ашы адамга өтө керектүү экенин соңку жылдарда биле баштадык. Медицинада андан кайнатылган сироп балдарга суук тийгенде ичүүчү жагымдуу дары болорун, ал тургай көңүлдү сергитер шербети (компот) андан бетер дары экенин билип алуубузду эскертип отурат.

Андан ары «кабыгы кат-кат түлөгөн» шилби, «жаралгандай жалындан, жайнатып шуру тагынган» кыпкызыл четин, «ачкылга окшош даамы, бир канча дартка дары чычырканак (15-б), «асмандаган көк терек, тирүүлүккө көп керек» деп терек тууралуу тааныштыруу менен анын адамдарга пайдалуу экендигин санап өтөт. Ошондой эле, акырында тал тууралуу айтып келип:

«Талды эсиңе бек түйгүн,

Түптүз талдан жасалат,

Керегe, уугу боз үйдүн» - деп «Токой жомогун» жыйынтыктайт.

Китептеги ырлардын кийинки топтому – “Айбанаттар паркында” деп аталат. Анда жогорудагы табият таанытуу идеяларын андан ары улантуу аркылуу жаныбарлар менен тааныштыруу максатын көздөйт.

Адегенде, акын балдарды «Айбанаттардын паркына» алып барат да, кайсы жаныбарлар менен тааныштырарын:

«Эчен түрдүү айбанат-

Айбанаттар паркында.

Алгач көргөн таң калат,

Айтоор, бары бар мында» (32-б) дейт да, айта баштайт.

Адегенде айбанаттардын падышасын: «Кыска, коюу жалы бар, айбаты бар, жаалы бар», деп сыпаттап келип, «амалдуу да адамдар, аны үйрөтөт эп менен» деп, арстан канчалык күчтүү, каардуу, ашкан жырткыч болсо да, адамдар аны үйрөтүп, эпке келтирип, циркте балдардын черин жазаар сонун, түрдүү оюндарды көрсөткөн, айтканды аткарган мээримдүү жаныбар болуп каларын айтып берет.

Андан соң кезек «кейпи күлкү келерлик» Носорогго келет.

«Муну кыргыз Керик дейт,

Биздин жерде кезикпейт.

Түрдүү өсүмдүк бутагын,

Жана түрүн терип жейт» (23-б)-деп, акын адегенде биз «Носорог» деп атап көнгөн мойну кулачтай жоон, өсүмдүктүн бутагынан тамактанган, этин адам жей турган бул жаныбарды кыргыз эли “керик» деп айтып келишкенин эскертет. Чындыгында, носорогдун керик деп аталарын биологдор эмес, кыргыз балдарына дал ушул акындарыбыз ырлары менен тааныштырып отургандыгын да айта кетсек ашык болбос. Албетте, улуу «Манас» дастанында керик деген жаныбар болгону, аны душмандар согушта колдонушкандыгы тууралуу айтылып кеткен жери бар, ошентсе да, анын аты кыргызча «керик» экенин балдар акындары адегенде Т.Самудинов «Чаң баспасын сөздөрдү» (Бишкек, 1994) аттуу китебинде таасын айтып ырга кошкон. Андан соң биз сөз кылып отурган сүйүктүү акыныбыз Б.Асаналиев аталган китебинде балдарга дагы бир ирет «Айбанаттар паркынан» тааныштырып олтурат.

Тааныштыруу кезеги эми «күрөңү да бар, агы да бар, ал тургай карасы да бар» деп алма жечү аюуга келет. Көрсө, аюунун жүнү түрдүү болорун, анан да, анын жемиш жээрин, жемиш менен эле чектелбей, чөптүн тамыры менен тамактанарын да бул ырдан балдар таанып алышат.

Кыргыз балдары качан болсо, ак боз, жээрде, кара, көк же кашка жылкы балдарын көрүп эле жүрүшөт, бирок, «канаты бар сыяктуу тез жүгүргөн», «кооз атты» сүрөтүнөн эле көрбөсө, албетте өзүн кыргыз жеринен көрбөстүгү анык. Ал эмне? Ал, албетте, «куйрук, көкүл, жалы бар, ала була бул жылкы, алыстан эле таанылар»-деп, зебраны тааныштырып өтөт.

Карышкыр деген атты балдар жомоктордон көп эле угуп келишет, анын жырткыч, итке окшош экендигин билишет. Ошентсе да, акын карышкырды «байкабай ит экен деп албайлы» деп, аны:

Көгүш түстүү жүнү бар,

Көп жырткычтан күлүк ал.

Кароосуз малды бүт кырган,

Карышкыр - ушул, билип ал» (25-б) деп, аны толугураак тааныштырып өтөт. Айыл балдарына жандык-малды кечинде ойноп жүрүп албай, өз убагында чогултуп алууну, талаада калган кароосуз малды карышкыр аябай турганын да эскертет. Оокатка бүйрө болуп, ар нерсенин убагында аткарып көнүүнү эсине салып, кыргыз макалы «Жаман бала оюнсаак, жакшы бала малсаак»,-деген элдик макалды да эскерте кетет. Ушул сыяктуу эле жырткыч, бирок сойлоп жүрүүчү жаныбар жыланды да балдар көп ирет талаа-түздөн көрүп эле жүрүшөт. Жыланды көргөндө балдар эле эмес, улуулар да сестенип, аны тез арада жок кылууну ойлошот. Ошентсе да, бул «күмүш аркандай» болгон жыландын да адамга пайдасы бар экенин айтып өтөт, терисинен ар кандай буюм жасаларын, анан да андан анча эле корко берүүнүн кереги жоктугун, аны менен циркте, кинолордо адамдар денесине ороп алып, түрдүү оюндарды да ойной турганын айтат. Демек, жылан көп деле жырткыч, коркунучтуу эмес, аны да арстандай эле үйрөтүп алса, адамга дос болуп каларын көңүлгө салып өтөт.

Пил жөнүндөгү ырдан балдар анын  мекени Африка менен Индия экендигин укканда анча деле укмуштуу жаныбар экенин сезбейт, анын салмагы  5 тонна экенин укканда мына кызык тамаша! Сүрөтүн эле чоң тартып койгон тура – дегендей эмес, бул пил дегениң-чоң машинадай көлөмү бар тура!-дешип таң калышпай койбойт. Анан да, адамдар пилди колго үйрөтүп алышып,  кызмат кылдырганы сонун тура дешип дагы да таң калары бышык. Булардан сырткары, «Жакын барсаң жалооруп, жаңгак сурап кол сунган», маймылды балдар билет го, ошентсе да, анын жаңгак жей турганын, «орангутанг", "шимпанзе» деген түдүү түрлөрү бар экенин бардык эле балдар биле бербес. Ал эми узун моюн Жирафты бардык эле балдар сүрөтүнөн, мультфильмдерден көп эле көрүшөт. Ошентсе да, анын кыргызча аты- акыра экенин биле беришпес. Анан да кызыгы - анын кыргыз малдары (уй, кой)  сыяктуу ача туяктуу экендиги.

Демек, булардан балдар  акыны тааныштырып өткөн жан-жаныбарлардын ар бирин, сүрөтүн көрүп, өзүн үстүртөн  билип жүрүшсө да, жаныбарлардын өзүнүн өзгөчө бир сапаттары аркылуу таанып–билгени албетте, балдарга ары кызык жана да ары пайдалуу болору бышык. Анткени ар бир адам өзү жашаган чөйрөсүндө көрүп-билгени менен гана чектелбей, дүйнөнүн бүтүн бир нерсе экенин туюп, биз жашаган жерде аталгандар,ал эми  бизден алыскы континентте тигилер жашайт тура деген глобалдуу билим алып отурганы, ага көмөктөшкөн акындарыбыз да мектептеги таалим-тарбия берген мугалимдерибиз сыяктуу эле акын-педагог экендиктерин, тактап айтканда «элдик педагог» экендиктерин  өздөрү далилдеп отурушат десек жаңылышпайбыз.

Эми сөз кезегин акындын китебиндеги  кыргыз рухун таанытууну көздөгөн тематикадагы ырларына берели. Жыйнакта бул багыттагы: «Боз үйдө», «Чоң энем», "Балдар неге күлүштү», «Айырмалай билели»,  «Ойго алгыла»,  «Ыйман»  аттуу ырлары кыргыз наркын, адеп нормаларын, улуттук азем буюмдарын жана  да элдик нарктуу кеп-сөздөрүн кенже

балдарыбыз биле жүрсүн–деген ниеттеги улуулук накыл кептери баян кылынган.

«Боз үйдө» аттуу ырын автор:

Түндүгүнөн боз үйдүн,

Түнкү асман күрүнөт.

Ошол дүйнө сырга бай,

Ойлондурат көбүрөөк-деп баштайт да, окуган баланы ойлондуруп коет: Чын эле эмне деген сыр жатты экен?-деп, анын сырын чечкиси келет. Чоң аталарынын боз үйүнө баргысы келип, анын чындап эле ырда жазылганындай экендигине ынангысы келет. Андан ары ачык турган түндүктөн асмандан учкан жылдыздын жылт эткен жолун карайт. Ал жылдызда адам жашайт болду бекен?-деп ойлонгон эзелки чоң аталарынын оюн улайт бала. Ал жылдыздар баланы өзүнө чакырып жаткансып, ансайын жымыңдайт…, баланы түнкү асман көптөгөн кыялга батырып жатып, уйкуга көшүлтөт.

«Чоң энем» деген ыр мурдагы ырдын учугун улантып кеткенсийт:

«Жакшы жери-чоң энем,

Жомокторду көп билет.

-Дагы айтсаң деп сурасам,

-Тойбойсуңбу?-деп күлөт.

Мына кызык, ал кээде,

Сүйлөп коет ойлонбой.

Ыр, жомогу, же ал бир,

Токоч беле тойгондой (12-б.)

Ырдагы небере менен чоң эненин эзелки ынтымагы ушинтип чагылдырылат. Чоң эне небересине эзелки жомокторду айтып берет. Небереси аны уккандан тажабайт. Өзү айткандай, «жомок курсак тойгузбайт. Антсе да, ал кулакты тойгузат, рухуна азык болот. Неберелерин чоң энелер эзелтен ушинтип өстүрүп, ушинтип тарбиялап, ырда айтылгандай: «адам бол» деп үйрөтөт дайыма.

«Балдар неге күлүштү?» аттуу ырында тематика андан ары уланат. Анда жайлоого жаңы келген Камчыбек кымыз жасаган сабаны бышканды «мен да күйшөйүн» деп алып, күлкүгө калат. «Кымызды кыргыз күйшөбөйт, кымызды бышат, арпаны күйшөйт» деп, кыргыздын сөзүн кыргыз баласы туура айтып үйрөн деп эскертет.

«Күйшөгөндүн», «бышкандын»,

Маанилери ар башка.

Камчыбекче жаңылып,

Сөздү сөзгө алмашпа!» (20-б.) деп ыр жыйынтыкталат.

«Ойго алгыла» деген ырда учурдагы тили орусча чыгып калган бир муун кыргыз баласынын тилин сынга алган, ата-энени кыргызча атап үйрөнгүлө деген идеяны тартуулаган элдик педагогикалык нарк чагылдырылган.

«Папа» десе-атаны,

«Мама» десе - апаны,

Ала-Тоолук бала үчүн

Аябай чоң ката бу!» - дейт шаардык балдарды, алардын ата-энелерин сынга алып. Чындыгында, ырда айтылгандай, балдар да, алардын ата-энелери да сөздүн «айырмасын билбегендей» мамиле жасап келүүдө. Эне тилин сыйлоо, аны сактоо, коргоо, коомдук турмушта бекемдөө тууралуу

дамаамат айтылып жаткан бүгүнкү күндө бул ыр, албетте тарбиялык нуска катары өтө маанилүү. Ошол максатта автор ырын:

«Папа», «мама» орусча,

«Ата», «апа» орусча.

Ойго алгыла, бөбөктөр,

Силерге ушул бир нуска» (21-б.) деп аяктайт.

«Ыйман» деген ыры автордун жогоруда сөз болуп келе жаткан жыйнактагы «кыргыз духун» жыйынтыктаган сыяктуу туюлат.

«Сурайт менден бөбөгүм:

-Ыйман деген эмине?

-Эмесе, жооп берейин,

Кулак салгын кебиме – деп, берилген суроого карата улуулук оюн айтып, ыр андан ары уланат: улууга салам айтканды, кичүүнү ызаат кылганды – эзелтен азамат-деп, ыймандуу бала экен-деген эзелки элдик нарк экендиги, автобуста баратканда улуу киши түшсө, ага илбериңкилик кылып орун бошотуп берүү да адептүүлүктүн белгиси экендиги, өсүп турган татынакай гүлдөрдү тепселебөө, жаш бутакты сындырбоо, уяда жаткан темир канат, кызыл эт балапанды мыкаачылык кылып өлтүрбөө, улууларды урматтап, дайыма айтканын аткарып тил алуу-ушунун баары ыймандуулук-деген улуулук кеп айтылат.

Демек, Б.Асаналиевдин аталган жыйнагы өзүнүн мына ушундай таанытуучулук бай мазмуну менен балдар үчүн баалуу жыйнак болуп саналат.

## К.Жунушевдин ырларында балага дүйнөнү, ал жашаган чөйрөнү таанытуу идеяларынын берилиши

Дегинкиси, ырларынын мазмунунан караганда К. Жунушевдин дээрлик чыгармаларынын мазмунун баланын мейкиндик, мезгилдик ой жүгүртүүсүн өстүрүү, тарбиялык-таанытуучулук проблемалар, анын ичинде алардын биологиялык, астрономиялык, түшүнүктөрүн калыптандыруу, алардын адам турмушундагы орду, күндөлүк, турмуш, баланын ден соолугу, жүрүм туруму, тартип, тазалык, адеп ыйман, улуу-кичүүлөргө жасаган мамиле адеби жөнүндөгү педагогикалык ойлор түзөт.

Биз изилдөөгө алган «Күн чубак» (2012») аттуу көлөмдүү жыйнагы биз жогоруда айткан мазмундагы чыгармаларды камтыйт.

Адегенде, автордун сүйгөн темасы, табият кубулуштарын камтыган ырларынын таанытуучулук жана билим берүүчүлүк туурасындагы сөздөн баштайлы.

«Күн чубак» аттуу бет ачарында күндүн дүйнөдөгү жана адам турмушундагы кызматы, андан энергия алып жаратылыштын жана адамдын жашашы, өсүмдүктөрдүн өсүшү жана башкалар тууралуу мындай дейт:

Жалындаган күн чубак,

Жайылтса кызыл жашалан. . .

Бүт өсүмдүк жемиш бак,

Сиңирип алат акырын.

Ошол үчүн алма бак,

Күндөй кызыл сары да.

Ошол үчүн жемиштер,

Ден соолукка дары да. (4-бет)

Бул ырдын башталгыч класстын окуучуларынын гана таанып билүүчүлүк билимин өстүрүүдөгү эмес жогорку класстын окучуларынын да билимин өстүрүүгө берер тасири чоң сыяктанат. Анткени, бешинчи класстагы табият таануу сабагынан алуучу күндүн пайдасындагы билим, алтынчы класстагы ботаника сабагынан жер жемиштер, алардын өсүшү, жалбырактардын, чөптөрдүн, жер жемиштердин күндүн нурунан улам түркүн түскө боңлушу жана да 7-8-класстагы физика сабагынан алуучу күндүн энергиясы темасындагы фотоэффект тууралуу окуулар сөзсүз эске түшөт. Демек, бул ыр аталган предметтердин типтүү темаларын мугалимдер бири–бири менен байланыштырып тактап айтканда, адабият менен айкалыштырып интеграциялап түшүндүрүүдө бул ыр чоң практикалык жардам берери чексиз. Ушул эле ойду улаган «Жашасын күнүм жашасын» аттуу ырында жана «Күн жаркырайт», «Канча күн бар?», «Күн желе» ж.б. ырлары дал ушул күндүн кызматын балдарга түшүндүрүүдө айтылар ойду улам-улам тереңдетип олтургансыйт.

«Жашасын күнүм жашасын» деген ырында автор:

Эй караңгы, караңгы

Жоруктарың жаман бу.

Коркутасың жөнү жок

Уктай элек баланы - деп жазат да:

Желмогуздай түрүң суук,

Жес кемпирдей саксайып,- деп сүрөттөп келип,

үйүң жок батпайт экенсиң,

үңкүрдөн башка эч жерге,- деп күндөн качкан караңгылыктын орду каерде экенин мынтип айтат:

Жарык чачкан дүйнөгө,

Жашасын күнүм жашасын. (4-бет) деп караңгылыкты кубалаган күндүн ролун, күн деген жашоо экендигин, күнсүз жашоонун, тирүүчүлүктүн болбой турганын сүрөттөйт.

«Канча күн бар?» деген ырында бала асмандагы жылдыздарды карап мынтип ойлонот, бул күн менен ай кантип жаралган? Жылдыздарды жыбыратып асманга аларды кантип тагып койгон? Жылдыздар күндүзү каякка кетет? Алар асманда деги канча? Бул жылдыздар дагы ар бири айдан күндөн чоң дейт. Чоң болсо эмне үчүн күндөй болуп жарык бербейт? Эгер ар бири күндөй чоң болсо анда ааламда канча күн бар?

Баланын мынтип кичинесинен аалам тууралуу ой жүгүртүүсү – мыйзамдуу көрүнүш. Анткени ал али жаш, аалам сырларын түшүнө элек. Мына ушундай мазмундагы, тематикадагы ырларын талдап олтуруп акын К. Жунушевдин почерки башкача, стили өзгөчө экендигин, Т. Самудиновго, Б.Асаналиевге, Ж.Абдылдаевге, И.Токтогуловго, Ы. Кадыровго караганда чыгармачылыгыгын тематикасы дагы да кең, бай экендигин байкоого болот. Бул сөзүбүздү далилдөө үчүн төмөндөгү ырларын дагы мисалга тарталы. «Мен деле» аттуу сегиз сап ырын толук келтирели:

Космикалык кораблдей,

Күндү айланат жер эне.

Мүмкүн эмес учкан жердин,

Ылдамдыгын ченөөгө - деген сөздөн ой келет.

Күндү айланса жер эне

Күнгө кошо жер менен

Айланат окшойм мен деле. (6-бет)

Бул ырга дагы баланын аалам мейкиндиги, жер менен күн, жердин күндү айланышы туурасындагы мектепте алган билими тууралуу, табышмактуу ой жүгүртүүсү чагылдырган.

Чын эле ырда бала туура ойлонуп жатпайбы. Күндү айланып баратып жерде таң атып, кеч кирген ылдамдыгын бала кантип ченейт? Күндү жер айланып баратса, жерде жашаган бала аны менен кошо күндү айланып баратканы ырас. Ушул ырга мазмундаш К. Жунушевдин «Тамга чыгып» аттуу ыры бар эле. Анда мындайча бир жагынан тамаша сыяктуу, экинчи жагынан баланын кыялы сыңары жазган эле:

Асмандагы жылдызды,

Бирден терип санадым.

Жакыныраак болсо деп,

Тамга чыгып карадым.

Бул ырда дагы кичинекей баланын аалам кубулуштарын, табышмактуу сырларын үйрөнүүгө кылган далалаты, умтулуусу тууралуу баяндап турат.

Кыргыз элинин түшүнүгүндө күндүн суткалык убактысын 12 саат менен түшүнүүдөн алда канча кеңири 22 экиге бөлгөн түшүнүк бар. Ошентсе да акын К. Жунушев «Айланат» деген ырында күндүн бир суткалык убактысын 12 мерчемге бөлүп төмөндөгүчө түшүндүрөт:

Иңир кирген кез,

Күн батып, көз байланган кез,

Жылдыз чыбырап түн кирген кез,

Түн ойгонгон кез,

Чымчык сайрап калган,  таң куланөөк аткан кез,

Жандыктар бүт ойгонуп, таң сүрүлүп аткан кез,

Балдар мектепке жөнөөр,   эртең мененки убук,

Жумушкан кайнаган чоң шашке убак,

Күн төбөгө келген,  чак түш мезгили,

Айлана мемиреген түш ообо кез,

Күн салкындаган бешим,

Бададан  мал келген күүгүм талаш  (5-бет) - деп сутканын мерчемдүү мезгилдерин саат менен эмес, күндөлүк аткарган интервалы менен кошо түшүндүрүүгө аракет жасап, логикалык жыйынтык катарында ырды төмөндөгүдөй бүтүрөт:

Саатымдын жебеси

Чык – чык этип айланат.

Кеңири кирип карабаң,

Күн батып көз байланат.

К. Жунушевдин дагы бир темасы балдардын санитарлык сабаттуулугуна кам көрүү экендиги бир катар ырларынан байкалат. Бул багыттагы ырлары «Момпосуйдун тилеги», «Жуулбаган алмадан», «Чымын» жана башка ырлары күбө. Мисалы, «Момпосуйдун тилеги» деген ырында мени ким көп жесе, тишин оорутуп, озондотуп ыйлатам десе. «Самын» деген ырында:

Тазалык деген бир гана,

Тилегим бар оюмда.

Балдарга кир жугузбай,

Көбүрүп турам колунда. (12 бет)- деп, анан да тиш, щетка, паста деген достору бар экенин алар дагы балдардын тиштерин тазалап, ден соолук

тартуулай тургандыгын ырга кошот. Ал эми «Чымын» деген ырында тазалык душман экендигин ар дайым ким жерде жүрүп, таштандыга конуп, ачык турган тамакка конорун, жаза жерден качаарын айтып балдарды таза болууга чакырат. Аны акын мындайча сүрөттөп жазат:

Тазалыктан качамын,

Келбейт таза жашагым.

Тандап алам жашоого,

Балит жерди атайын.

Бул ырларды дагы мугалим окуу тарбия иштеринде ыктуу колдонсо, биология сабагы менен, адабият сабагын интеграциялап өтсө балдарга санитариялык билим–таалим иштери, максаттуу жана да натыйжалуу болору шексиз. Ушундай эле тазалыкка үндөгөн дагы бир ырын окуйлу. «Топмун, топмун деп бака» деген ырда, бака топмун деп секирип, баткакка ыргып түшөт. Баткакка түшкөн баканын эртең менен энеси кийгизген ак көйнөгү кайда калды, ак жакасы эмне болду? Ошентип бакадай болуп баткакка түшкөн бала эмне болот? Тартиптүү таза балдар антпейт, дайыма таза жүрөт, булганыч жерде ойнобойт – деп балчыкта жүргөн бака менен таза жерде ойногон баланы салыштырып таза болууга үндөйт.

Ал тургай жогорку класста биология сабагында түздөн-түз колдонууга болор «Жуулбаган алмадан» деген ыры болуп саналат. Автор бул ырды жазууда өзүнүн биология боюнча алган билимин кенже балдар менен бөлүшүп олтурган сыяктанат. Ырда жуулбаган, кир колу менен кармаган, таза эмес алмадан жайнаган микробдорду көрдүм дейт. Ал микробдор:

Кээ бирөөсү топтон чоң

Кээси коргоол сакадай,

Кескелдирик бакадай

Ал эми кээ бирөөсү,

Тарбалаңдап чуркаган

Жөргөмүштүн дал өзү. (12- бет)

Акын К. Жунушевдин чыгармаларында балдарды эмгекчил болууга, адептүү болууга, эненин эмгегин сыйлоого, билим алууга үндөгөн ырлары да балдар үчүн кыйла таасирдүү жазылган. Анын «Жумурткасын жегенде» деген ыры баланы эмгекчил болууга, жалкоолуктун айынан уят болоорун эскерткен төмөндөгүдөй ойлор айтылат. Ырда кичинекей баланы эжеси тоокко жем чачып кой деп жумшаса, «Мен эмне жем чачкыч белем» деп жалкоолонуп ойноп кетет, бирок оюндан келгенде эжеси жумуртка бышырып бергенде бала уялып мындай дейт:

Уят болдум кийин мен,

Ошол чаар тооктун

Жумурткасын жегенде. (16- бет)

«Орозбайдын калпагы» деген ырда Орозбай деген бала ойногон жеринде калпагын таштап коет. Аны көргөн тоок жылуу – жумшак уя экен деп ичине туруп таштайт.

Акын эмгекчилдиктин пайдасы тууарасындагы ырларында «Алсыз болот сол колдой аз иштеген жалкоодой» - деп балдарды эмгекчилге чакырса («Сол колдой» 17-бет) десе, дагы бир ырында жалкоо мындай дейт. «Түндө дайым түшүмдө катуу иштеп коңмун эми эс алып олтурам» (18- бет).

К. Жунушевдин ырларындагы бир өзгөчөлүк жаратылыш көрүнүшү менен табиятты таанытуу, ошентсе да аны өзүндөй сүрөттөп олтурбай балдардын түшүнүгүнө ылайыктап жумшак юмор, тамаша менен берүү мүнөздүү. Буга «Бир орундуу самолет», «Стадиону жок», «Жоогазынга», «үлүл», «Жатып алып башканы», «Чычкан», «Короз» ж.б. ырлары күбө. «Бир

орундуу самолет» деген ырында тампыс коңузу самолеттой дыңылдап асманга учуп чыгат. Аны көрүшкөн курт-кумурскалар таң калып, суктанып, бизди дагы ала кет, канатыңа кондура кет деп кыйкырышса, анда коңуз мындай дейт:

Бош орун жок эч кандай

А бу учуп жүргөндөй

Бир орундуу самолет

Өзүм эле баткандай. (8-бет)

«Короз» деген ырда айыл көрүнүшүн, айылдагы короого жарашкан кызыл гүлдөй таажысы бар, корозду сүрөттөө менен:

Койколоңдоп жүргөнү,

Корозго жарашат.

Ошол короз кыйкырса,

Ошондон кийин таң атат (26-бет)-деп жазса, «Шашпай эле» деген ырында мышык бир күнү той берет. Мышык той берсе чакыргандын баары келет, бирок чычкан деген досум бар эле ал эмне үчүн келбей калды деп таарынат. Ал эми, «Жерге түшүп калыптыр» деген ырын толук эле келтирели. Анда мындай дейт:

Күчүк эмен жалбырагын

Казга тиштеп барыптыр:

Мобул сенин таманың го

Жерге түшүп калыптыр. (28-бет)

Ырдагы эмен жалбырагынын жерде жатканын көрүп, күчүктүн таң калганы ырас. Анткени, эмен жалбырагынын түзүлүшү каздын таманына

окшош. Аны күчүк кана эмес балдар дагы окшоштуруп түшүнүшү мүмкүн. Бул жерде акын күчүктүн образы менен жумшак юмор түрүндө табияттын окшоштугун айтып жатат.

«Чычкан» деген ырында эгин талаасында буудай чаап жүргөн комбайнды көргөн чычкан мынтип ойлонот: «Буудайдын баарын жей бербей, бизге деле койбойбу»(30-бет) десе, «Жарганат» аттуу ырында жаргак канат жарканат өзүм чычканга окшошмун, бирок каяктан канат бүтүп мынтип учуп калдым деп өзү-өзүнө таң калат. (31-бет).

«Стадиону жок» аттуу ырында шаардан айылга барган бала сайгактап жүргөн уйларды көрүп «Стадиону жок эле жарышып чуркай береби» (32-бет) деп күлсө. «Мактанып» деген ырда мындай деп жазат:

Коңуз дайым мактанып,

Менин ишим мыкты-дейт,

Бирок кылган жумушу-

Кечке тынбай кыкты жейт.(33-бет)

Ушул төрт сап ырга кайрылалы ырда кык жеген коңуз эмне үчүн менин ишим мыкты деп мактанып жатат? Албетте, коңуздун мактанаар жөнү бар. Аны агроном – автор далилдеп берет. Себеби, биз айылда болсун, шаарда болсун, аңызга төккөн жер семирткич (кык) дал ошол коңуз жеп кайра иштетип, чыккандан кийин мыкты жер семирткич болоору практикада белгилүү. Муну бүгүнкү күндөгү социалдык-экономикалык жактан тез өзгөрүп кеткен Кыргызстандын ар бир эмгекчи жараны түшүнүүсү керек. Ушул эле сыяктуу «Сөөл жылан» аттуу ыры да табияттын бир өзгөчөлүгүн түшүндүрөт. Ырда сөөл жылан жаандан кийин эшикке чыгат да башы бар, куйругу бар жан-жаныбарларды көрүп намыстанып мынтип ойлойт:

Аяк-башым куйрук.

Кудай мага бербептир

Тоголок башты буйруп (80- бет)

Ушул эле сыяктуу табияттын дагы бир көрүнүшү катары козу карындын түзүлүшүн мынтип сүрөттөйт:

Козу карындын калпагы кандай кооз. Өзүнө кандай сонун жарашып турат. Өзүнө да абдан чак. Талашып да ала албайсын. Бирок ошол калпактын алдында башы барбы, жокпу? билбедим. (76-бет)

Мына ушундай табият менен адам турмушун байланышта сүрөттөгөн ырларында табиятка карата гуманисттик мамилесин да бирдирип турат. «Жөжө» деген ырда мындай деп жазат:

Бир айга да жете элек,

Кичинекей эселек.

Канаттары өсө элек,

Жөжө ээрчип энесин.

Апа мага качан-дейт,

Бантик тагып бересиң.

Анда кичинекей жөжөнүн кыялын сөз менен билдирүү аркылуу жөжөгө салыштырмалуу кичинекей бөбөктүн да кыялын жана тилегин берип жаткансыйт. Анткени кичинекей наристе дагы бат эле чоңоюп, бакчага барып, мектепке барып, эжелериндей болуп башына бантик тагынгысы келет эмеспи. Ушундай эле гуманисттик идея «Көпөлөк» аттуу ырда мындай деп берилет. Ырдын ички логикасы эки бөлүктөн тургансыйт. Биринчи бөлүмүндө көпөлөк кармап ойногон баланын ыры берилип, көпөлөктү кармап алып, анын кызыгына батып, аны өлтүрүп алары менен түк иши жок эселек баланын психологиясы берилсе, экинчи бөлүмүндө көпөлөктү аңо, ага

аяр мамиле кылуу, көпөлөк менен достошуу, көпөлөктү дагы табият эненин бир перзенти катары көрүү, жыйынтыгында экологияны коргоо сезимин ойготуу сыяктуу идеяларды айтып, мындай деп жыйынтыктайт:

Конбо, конбо көпөлөк!

Консоң кармап алабыз.

Конок досум экөөлөп

Анда учпай каласың

Ай – асманда көкөлөп. (74-бет)

Акындын адеп-ыйманга чакырган ырлары дагы арбын. Алардын катарында «Ордумду бердим бошотуп», «Белгини калабай», «Эбим жок», «Адептүү күчүк», «Мен эле», «Уялып кетем», «Адепсиздик», «Ай, балам, ай» ж.б. ырлары кирет. «Ай, балам, ай» аттуу ырда Керим деген бала иштен чарчап келдиби же оюндан чарчап келдиби ким билет? Бутун чечпей ак шейшепке күп эте кулады. Ушул туурабы? Албетте туура эмес, ошентсе дагы энеси баласынын жоругуна кападар болбостон кайра ага айткан сөзү бул болду «Ай, балам ай» деп кейиген болуп, оюндан чарчап келген баласын аяп кетти. (15-бет)

«Белгини карабай» деген ырында машиналар өткөн чоң көчөдөн Эшим деген бала кесип өтүп бараткан эле. Аңгыча чур эте ышкырыктын үнү чыгып, машиналар каршы-терши токтоп калышты. Аз жерден кырсык болбой жүрөк түшүп баарыбыз коркуп кеттик:

Көрсө Эшим туура эмес,

Жолдон өтүп алыптыр.

Карабай ал белгини

Чоң көчөнү жарыптыр.

«Өтүп эле кетем» - деп.

Даана жазып ошондо

Тартып чочко сүрөтүн

Илип койдук газонго

Албетте, бул ырда жолдо жүрүү адеби жана эрежеси тууралуу сөз болуп жатат, ошондуктан бул ырды адабият сабагында эмес башталгыч класстын адеп сабактарында да колдонсо ылайыктуу экендиги байкалат.

«Адептүү күчүк» аттуу ырында эки күчүк жана эки бала жөнүндө сөз болот. Кумайык деген эки күчүк жолдон жолугушуп калышып, ыркырашпай дос болуп калышат. Ал эми Айтбай аттуу деген эки баланын жоругун окуп көрөлү. Биринчи Айтпай Жайылдан экен, экинчи Айтпай Суусамырдык экен. Эмесе экөөнүн таанышканы мындайча болуптур:

-Суусамырлык боломун,

Сурасаң атым - Айтпаймын.

-Сен айтпасаң атыңды,

Анда мен да Айтпаймын…

Аттары уйкаш эки Айтпай

үрпөңдөшө түшүштү.

Жактырып калдым ошондо

Адептүү эки күчүктү (68- бет)

Бул ыр дагы жогорудагы ыр сыяктуу адабий окуу сабагында эмес, адеп сабагындагы “таанышуу адеби” аттуу теманы өтүүдө дидактикалык материал катары колдонулса болот. Мында адабият сабагын адеп сабагы менен өз ара интеграция ыкмасы менен өтүп, эки мугалимдин бирөөсү ырдын адабий

жагын, экинчиси ырдагы этикалык маселени чечмелеп үйрөтсө, тарбиялык максатка абдан ылайык келет.

«Ордумду бердим бошотуп» аттуу ырында шаар жериндеги коомдук автоунаада кездешүүчү күндөлүк окуялар баяндалат. Албетте көпчүлүк убаккытта коомдук автоунаада айрыкча жумушка, сабакка келер же үйгө кайтар мезгилде эл жыйма болуп,орун жоктугунан улуу кишилерге орундук жок болуп калган кырдаал түзүлөт. Ал эми көпчүлүк жаштар улууларга орун бербей тетири карап олтуруп алган учурлар көп. Андайда адептүү, ыймандуу балдар гана улууларга орун беришет. «Коомдук жайда жүрүү адеби» аттуу тема адеп боюнча окуу китептеринде атайын берилген. Мына ушундай материалдарды өтүүдө ушул ыр сыяктуу тексттер өтө зарыл экендиги айтпаса да түшүнүктүү. Аталган ырда автор адептүү бир баланын элесин сөз менен мындай деп жазат:

Кадалат көздөр мага тик!

Карабайын кай жакты.

Өзгөчө, бирөө желкемди

Өткөрө тиктеп баратты.

Ай ошондо өзүмдү

Аябай катуу жекирип

Бошотуп бердим ордумду-

Коюңуз,- деп,- кечирип.

Акын К. Жунушев адеп ыйман темасындагы ырлар менен катар баланын билимин, акылын өстүрүү сыяктуу проблемаларды унутка калтырган эмес. Буга «Компьютер», «Санап берсеңер», «Алиппе», «Оюнду гана окутуп», «Тааныйт экен» сыяктуу жана башка ырлары бар.

«Компьютер» деген ырды толук эле келтирели:

Компьютер деген досум бар

Акылдуу, менден зээндүү

Эсепти өзү чыгарып, эс алдырат мээмди

Чоң атам айтат: - Сен деле

Болот элең зээндүү,

Эсепти өзүң чыгарып,

Көнүктүрсөң мээңдин. (56- бет)

«Санап берсеңер» деген ырлар түрмөгүндө мындайча айтылат.1-ырында: Бизде сексен улак бар,

Так секирген чунактар,

Кана санап берсеңер –

Канча аларда кулак бар?

Канча аларда туяк бар?

Албетте, суроолорго жооп салсак -180 кулак жана 320 туяк бар.

2 - ырды окуйлу:

Азыр жашым тогузда,

Жакында онго толомун.

Жылына тиксем үч бактан,

Алтымышка чыкканда,

Канча бак тиккен боломун? (57 - бет)

Математика сабагынан маселелерди так чыгарып көнгөн бала тогуздан онго чейин бир жаш, ондон алтымышка чейин элүү жаш болорун эсептеп жалпы элүү бир жылдын ичинде, жылына үч бактан тигип олтурса жалпы жүз элүү үч бак тигерин эсептеп чыгат. Демек, мындай ыр-эсеп табышмак ырларын кыргыз тили сабактарында сан атооч темасын өткөндө жана математика сабагында маселе чыгаруу учурунда мугалим ылайыктуу колдонсо эмнеге болбосун?

Акындын таанытуу багытындагы ырлары да арбын. Анын «Өмүр болуп калышты» аттуу ырында асмандагы жаандын мөлтүрөгөн кооз тамчыларынын айрымдары жалкоолонушуп, татынакай өңүбүздү бузгубуз келбейт деп жерге түшпөй коюшат, ал тамчы мындай дейт:

-Аний, аний барбайм, - деди бир тамчы,

Бузгум келбейт татынакай өңүмдү

А калган тамчылар шатыра – шатман болуп, булакка окшоп жарышып, жердеги дыйканды кубантуу үчүн, эгин талаасындагы эгиндин, бакчадагы жемиштердин көркөмдүгү үчүн, суусап турган эгинге жан киргизүү үчүн шашыла жөнөштү.

Ошол жерде акын мындай деп сүрөттөйт:

Кандай сыр бар тамчылардын күчүндө,

Жан киргизген жеңиш данга жүзүмгө.

Алар эми өмүр болуп калышты,

Айланышып берекелүү түшүмгө. (96-бет)

Ушул сыяктуу жамгыр анын пайдасы туурасында «Жер тамырын балкытып», «Булут», «Жаа, жаа, жамгырым». Ал эми жан-жаныбарларды таанытуу, алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн сүрөттөгөн көптөгөн ырлары бар. Аларга: «Чегиртке», «Көк торомпой», «Аюу», «Карышкыр» үйүнө

өзүнөн башка эч ким батпаган «үлүл», көп кампа куруп алууну кыялданган «Чычкан», кыдыңдаган эмгекчил «Эшек», тооктун жумурткасынан жөжөсүнүн качан чыгышын күткөн «Түлкү», калп эле кечке үрө берген балтек «Күчүк», узун кулактары дабышты тыңшаган «Коен», токойду зыяндуу курттан арылткан «Тоңкулдак», саздагы кечки хорунан кечигип бараткан «Бака», коңкок мурдунан уялып, ак чардак болууну эңсеген «Коң карга», кечке кылар иши жок ышкыргандан башка билбеген «Суур», жөжөлөрдү жейм деп шилекейин агызган «Соргок сагызган», бир жумурткасын башка уяга жашырган, өз атын чыгарган «Күкүк», шамал сууктан коркпогон, карышкыр камандан качпаган «Топоз» жана башкалар жөнүдөгү ырлары бар.

Акын К.Жунушевдин чыгармачылыгы тууралында кеп кылууда анын балдар үчүн юмор жазуунун да устаты экенин эске албай коюуга болбойт. Акындын юморлору балдардын турмушунан алынган, алардын сүйлөгөн сөзүндөгү, кылган ишиндеги, башкаларга жасаган мамилесиндеги ж.б. бырс эттире күлкү чакырган майда-майда окуяларын элестүү чагылдырып турат.

Юмор да тарбия-таалимдин бир куралы. Юмор аркылуу адам турмушунун башкалар байкабаган жактарын ачык алып чыгып, ойлонтуп да, ойготуп да коюуга болот. К.Жунушевдин да юморлору ошондой тарбиялык таасирге эгедер экенин эске алып, анын үйрөтүүчүлүк, таанытуучулук жана тарбиялык маанисине кайрылалы.

“О болот” деген аталыштагы юмор да Жанболот аттуу баладан сегизди экиге бөлгөндө канча деген сан чыгат деп сурап калат. Жанболот сегиз деген санды көргөндө: сегизди экиге бөлгөндө окшош эки нөл чыгат. Дагы бир «Кантип алат» деген аттуу ырында бала атасынын сөзүн ар бир койдун башынан беш килоодон жүн алам деген сөзүнө: койдун башын карасам бир чымчым деле жүн жок го, анан кантип койдун башынан беш килоо чыксын деп таң калат. «Командир» аттуу ырында кой баштаган серкесин мактап:

серкем бар менин ушундай сексен койго командир деп мүнөздөйт. «Мен койлорду кайтарсам» деген ырда мен азыр кичинекеймин жайлоого чыгып кой кайтарсам атам мени кайтарат дейт. Мындай тамашалуу юморлуу ырларында сөз тапкычтыкка, сөз маанисин түшүнүүгө үйрөтүү жана башка максаттарды көздөйт. Жалпылап айтканда К. Жунушевдин ырларындагы табияттын өзүн тааныштыруу, андагы кубулуштарды үйрөтүү, аалам көрүнүштөрүн, андагы телолорду тааныштыруу, балдардын аларга болгон ынтызарлыгын баяндоо жана башка тематикалары бай, өзүнчө стили, алдына койгон педагогикалык максаттары бар. Албетте, алардын билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук маани-маңызы жогорку окуу жайларында, мектептерде да окуп-үйрөнүүнүн негизи болуп берээринде шек жок.

## ОРНАМЕНТ

## Ж. Абдылдаевдин « Бал челек» аттуу жыйнагындагы билим берүү жана тарбия идеялары

Ырас, улуттук балдар адабиятыбыздын бүгүнкү өнүккөн бийиктигине жеткирген акын-жазуучуларыбыз Ш.Бейшеналиев, А.Кадыров, Т.Кожомбердиев, Т.Самудинов, М.Жангазиев, А.Осмонов, Б.Асаналиев, К.Жунушев, С.Рысбаев жана башкалар экендиги талашсыз. Алар өздөрүнүн аңгеме-жомоктору, ыр-уламыштары менен балдар адабиятыбыздын көрөңгөсүн көбөйтүп, китеп текчелерибиздин көркүн чыгарып келди десек жаңылышпайбыз.

Албетте алардын чыгармалары тууралуу бир катар изилдөөлөр жазылып, китептер макалалар жарыяланып келет. Адабиятчылар М.Сулайманов, М.Түлөгабылов, педагог окумуштуулар С.Рысбаев менен А.Муратовдор балдар адабиятыбыздын өнүгүшүнө атайын көз салып балдар чыгармаларындагы мыкты көркөм туундуларга жана педагогикалык идеяларга атайын баа берип келишүүдө.

Бул тууралуу дагы да сөз кыларбыз, азырынча,балдар акыныбыз Жакынбек Абдылдаевдин балдарга арналган **«Бал челек»** деп аталган жыйнагы тууралуу оюбузду айталы.

Ж.Абдылдаевдин арналган китеби «Гүлчанар» басмасынан 2008-жылы жарыкка чыккан. Андан бери «Бал челектин» балын сүйгөн кыргыз балдары китеп дүкөндөрүнөн таап алышып, сүйүп окуп жатышканы бекер эмес экенин, биз дагы барактап чыгып ынандык. Китеп кенже курактагы балдарга арналган ырлардан турат. Анда балага эң жакын адамы-эне аны сыйлоо, энени сүйүп урматтоо, баланы билимге чакыруу, адеп-ыйманга үндөө, табиятты кастарлоо ошол да эң негизгиси-балдар курчап турган дүйнөнү таанытуу сыяктуу педагогикалык ойлор камтылган.

Чындыгында, мындай идеяларды камтыган чыгармалар балага да, алардын мугалим-тарбиячыларына да, үйдөгү ата-энелерине да эң эле керек.

Анткени балдар өзүнө ылайык ошондой чыгармаларды окуп-табиятты тааныйт, чөйрөнү билет, билими бекемделет, сөзү өсөт, көз карашы байыйт. Адептин-ыймандын мыкты үлгүлөрдү да ушундай чыгармалардагы идеялардан, образдардан алат. Мына ушундай идеяларды өзүнө камтыган бу «Бал челек» жыйнагы да маниси жогору, мугалимдер, тарбиячылар жана баланын ата-энеси үчүн пайдалуу экенин белгилей кетүү зарыл.

Эмесе, ушул ойлорубузду китептеги далилдер менен бекемдегибиз келет. Китептеги биринчи эле «Тиш оорунун дарысы» (3-б) деген тууралуу кеп кылалы баланын тиши ооруп, улактай туйлап, көзүнөн жашы мөлтүлдөп куюлуп, айласы кетип турганда-энеси эркелете сооротуп, жылуу алаканы менен баланын жаагынан сылайт. Ошол тууралуу айтып келип, акын ырды мынтип жыйынтыктайт:

«Сөздүн керек кыскасы,
Жардам берди апасы.
Алаканы апамдын-
Тиш оорунун дарысы».

Демек, эненин колу бала үчүн-эркелетип коёр эле эмес, ооруп калса дарыдай жардам нерседей сүрөттөгөнү туюлат. Эненин мындай эмгеги тууралуу «Ким биринчи ойгонот?» деген кызыктуу дагы бир ырында мындайча жазат. Сергек көңүл Азамат аттуу бала күндө: «Биздин үйдө ким биринчи ойгонот? деп ойлоно берет. Анткени, өзү канчалык эрте ойгонсо да апасы ойго жүрөт. Үй жыйнап, тазалап, балдарына тамак даярдап жүргөн болот. Ошондо Азамат ойлонот: Таң заарынан кыйкырып элди ойготкон короз биринчи ойгонобу? Талаада кош айдап жүргөн атабызбы? Борсулдаган күчүкбү же мышыкпы? - деп ойлонуп, канткенде да «Таң атканда биринчи апам эле ойгонот (17-б) деп жыйынтыкка келет.

Баланын мындай ойлогону - эненин эмгегин түшүнгөнү, кадырын билгени, аны сыйлаганы эмеспи. Ушундай эле адилет ойлор, энени сыйлоого чакыруу автордун ырында эң сонун берилген. Дагы бир ырда Элчибек деген бала «Токоч сатып келчи»-деп жумшаган энесине: «Балмуздакка жеткидей акча кошуп берчи»-деп жатпайбы? Бул анын энеси менен соодалашып, бекер баскысы келбей жатканын айтат автор. Ошондо мындай дейт:

«Сатып келип тамак-аш;
Үй оокатка каралаш.
Чындыгында эч ким жок
Балмуздакты самабас.
Элчибектей, а бирок

Соодалашкан жарабас»-деп, эненин эмгегин сыйла, элпек бол, тилин ук, айтканын аткар деп улуулук насаатын айтат. Эне жөнүндөгү мындай ырлардагы тарбиялык идеялар акындын адеп-ыйман тууралуу ырларындагы андан ары терең дегени байкалат.

«Белгилүү иш» аттуу ырында Алманбет аттуу бала бети-колу шишип жүгүрүп келет. Көрсө бети-колун аары чагып салыптыр, ошон үчүн шишиптир. Аны акын мындай дейт:

«Сураштырбай бардыбы
Иштин жайын билишти.
Бал уурдаган турбайбы-
деп шылдыңдап күлүштү(4-б)

Мындан автор «уурулук кылбоо, анын зыяны, канчалык уурулугуңду жашырсаң да баары бир айыбың бир күнү ачылат» - деген элдик идеяны айтып турганы айкын байкалып турат. Ушул эле ойлордун «Бал доолаган

аарылар» аттуу ырында андан ары уланткандай көрүнөт. Анда « уурдап алган балды бер»-деп Алмаз деген баланын артынан аарылар ызылдап кубалап алганы айтылат.

Баланын тентек кылмайы ырас да. Ал тентектик кылганы менен иши эмне? Шоктук баланын күн сайын кылар иши. Бирок анын пайда-зыянын, бала өз убагында түшүнөбү? «Тентек улак» деген ырда автор ушу тууралуу кеп кылар. Анда так секирип аскага чыга качып, жыгылары менен иши жок, таш куласа-бирөөгө тиери менен да жумушу жок. Бирөөнү сүзөм деп качырары да бышык. Ошенткен тентектигин-албетте, бирөөнү сүзүп, анан мүйүзү ооруганда гана билер, ага чейин тентектик кыла берер-деп жыйынтыкталат ыр (18-б).

«Кайрымдуу бол», «Теледеги Элизад» аттуу ырларда да балдарды адепке чакырган идеялар камтылган. “Кайрымдуу бол” - деген ырда апасы Кемел аттуу уулуна кыргыздын наркы-деп, бирөө менен бир сындырым нанды болсо да бөлүшүп жеп жүр деп, кайрымдуу бол, ал сенин ыймандуулугуңдун белгиси»-деп насаат айтса, «Теледеги Элизадда» балчыкта оонап жаткан чочко өзүн телевизордон көрүп алып уялып жаткандыр» дегени да балдар үчүн тарбиялык таасири бар экенин билдирип турат. Ал эми «Кежир атка конбогун» деген ырда айылда энеси алып келчи десе-тилин албай жаткан Бекиш балдар «муз тээп ойноп келели» десе ошол эле суу жакка чуркап жөнөгөнү балдарды сөзсүз күлкүгө чакырбай койбойт. Тарбия-таанытуусуз болбойт, ал тургай таанытуусуз-билим да болбойт. Таанытуу менен билим бири-бирин толуктап, балдарды билим алууга жетелейт. Баарыбызга белгилүү - мектептеги ар бир сабак баланы дүйнөнү таанытууга үндөйт. Алсак, «Алиппе» - тамга танытуу менен билимге барар жолду таанытат, «Мекен таануу»-мекенди таанытат, «Биология»-табиятты таанытат, «География»-дүйнөнү таанытат. Ушул сыяктуу таанытуучу идеяларды камтыган ырлардын мүмкүнчүлүгү андан бетер кеңеет. Мына

ушундай ойду көздөгөн акындын аталган жыйнактагы ырлары да мазмунга бай, тарбиячы менен мугалимдин жардамчысы болору шексиз.

Атап айтканда, жирафтын-акыра деген кыргызча аталышын да жогоруда атын атап өткөн акындар Т.Самудинов, А.Кадыров жана Б.Асаналиевдер менен бирге, акын Ж.Абдылдаевдин ырларынан балдарыбыз үйрөнүп келет. Бул ирет акын Ж.Абдылдаев жирафтын-акыра экенин гана таанытпастан, «Кыш түшкөндө бир топ моюн орогуч моюнуна араӊ жетер» (7-б) деп, анын моюнунун узун экенин элестүү кылып айтып отурат. Ал эми кыш күнүнүн кыска экенин карапайым сөз менен эмес элестүү берүүгө аракеттенген:

«Жылуу кийгин сен кышта,

Жылгаяк теп, кел музга!

Ажайып кооз кыш күнү

Аттигинин, эн кыска»(11-б) деп, кышында муз тээп ойноп, кар киши жасап, коньки, лыжа тээп кенен ойноого убакыт бат өтөрү, кышында күн кыска, түн узун экенин поэтикалуу берип отурганы да мугалимдин сабакта колдоноор мыкты дидактикалык материал болуп берееринде шек жок.

«Үлүл» (13-б) деген ырында «Бир комната үйү бар, сыртта калаар мейманы»-деп үлүлдүн «үйү» тууралуу айтса, «көпөлөк» деген ырында “байлап койгон бантикке окшогон” көпөлөктүн «сүрөтүн» тартат (14-б). «Зебра»-матрос (18-б) аттуу ырында Зебра аттын матростун кийимин кийип алгансып чаар ала экенин, «замочкасы жок кийим» аттуу ырында мамалак замочкасы жок тон кийгенин көркөмдөп (20-Б) ырга кошкон.

Акын Ж.Абдылдаев балага тамга таанытып, сөз үйрөтүүнү да көздөгөн, ырлары менен «сабак өтүп», баланын сөзүн өстүрүүнү көздөгөн педагог-акын экенин да аталган жыйнагында билгизе кеткенин байкаса болот.

Бул ойлорго акын «Тамга үйрөттүм досума», «Котормочулар», «Эгиз тамгалар», «Жыгылган тамга», « Чоочун сан» аттуу ырлары ачык күбө.

**«Тамга үйрөттүм досума»** аттуу ырда автор кыргыз тилиндеги ө,ү,ң, тыбыштарынын сөз маанисин өзгөрткөн табиятын эн сонун бере алганын айрыкча баса айтууга тийишпиз. Бул ыры балдар жазуучусу, педагог С.Рысбаев белгилегендей, «кыргыз тилчи мугалимдин таанытуучу эн сонун сабагынан айырмасы жок». Башкасын коёлу, «ң» тамгасы тууралуу айткан жеринен бир үзүндү алалы.

Анда мындай дейт:

«ң» тамгасы жок болсо,

«чың» дебей, «чын» демекпиз.

«миң» дебей, «мин» демекпиз,

«Мең,»дебей, «мен» демекпиз.

«кең» дебей, «кен» демекпиз,

Кыскасы, кыргыз тилинде

Тамгабыз жок керексиз (12-б).

Ошондой эле, «Котормочулар» аттуу ырында мындай дейт.

«Катар» десек жылдызга

«Лук» дегенди кыргызча,

Оозунда эле турганбы,

«Жаа» болот-деп жылмайды.

Анда тигил Ниязбек

Айтып калды «пияз» деп

«Пияз», «жаа»…деп, «лук» деген

Талаш чыкты бүтпөгөн…(18-б)

Албетте, **лук** деген орус сөзу-кыргызча «жаа» деп да, «пияз» деп да айтылат эмеспи. Аны байкабастан балдар бири «пияз» деп, бири «жаа» деп айтаары талашсыз. Ошондуктан бүгүнкү кыргыз балдары келечекте кош тилди билүүсү керектиги, анын мааниси тууралуу далилдүү айтып берген.

«Эгиз тамгалар» аттуу ыры мындан да кызык. Анда 36 тамганын ичинен ырда Оо, өө Уу, ҮҮ тамгаларынын созулмалар экендигин айтат да, алардын кош тыбыш менен берилерин белгилөө менен, аларды «созулма» дебей эле, «эгиз» тамгалар деп койбойлубу-дейт Жеңишбек деген бала.(26-б).

Табиятты сүйүүгө үйрөткөн ырлар да жок эмес. Андагы «Данек» аттуу ырында автор:

«Апам берди бир өрүк,

«Чагып же,-деп данегин.

Көпкө турдум түнөруп,

Чаккым келбей а менин….»(3-б)

деп, сезимтал баланын данекти чагып жеп алгысы келбей кыйылып, ойлонуп турганын, анан аны дарак болуп өссө, көктөп бою көтөрулүп гүл ачып, анан ушундай кызыл өрүк болуп мөмөсү бышып төгүлсө-деген ниетте, күрөгүмдү алдым да көөмүп койдум данекти деп ырдын жыйынтык алышы окуган адамдын жүрөгүн жылытпай койбойт.

Мында-табиятты сүйүү, аны аёо, коргоо, сактоо идеялары жатканы дароо байкалат. Ушундай эле ой «Жамгырдан соң» деген ырдан да байкалат. Ырда жамгыр төгүп өткөндөн соң, күндүн күмүш нуру чачырап, ысык аптапты кубалап, абаны тазартып, чаңдан арылтып, көңүлдү көтөрүп

жибергени сөз болот. Анын себеби-табияттын «атыры»-жыпар-жыты, керемети-жайкы аптаптагы жамгыр экенин эске салат.

«Тирүү аппарат» ырында табияттын адам андап биле алгыс бир «табышмагы» тууралуу, тактап айтканда:

«Чөп жесе сүт жасалат,

Демек уйдун ичинде

Бар окшойт бир аппарат»(29-б)-деп уйдун өзү, анын сүтү, сүттүн кантип жасалары тууралуу ой жүгүртөт.

Аталган жыйнакта мындай таалим-тарбия берер ырлары арбын. Албетте балдар ырларында поэтикалуулуктан дидактикалуулук күчтүүрөөк сезилет. Ошентсе да, анын Ж.Абдылдаев дидактикага эле айрыкча берилбей ырларында поэтикалык ыр саптарды бере алганы байкалат. Мисалы, буга жогоруда эле айткан «сээп бүтүп атырды», «күмүш нуру чачылды»(«Жамгырдан соң») деп, табиятын керемет суротун тартканы, же «Душка түшүп алышты»деген ырында жамгырдан соң:

«Өсүмдүктөр чаң баскан

Бир киринип алышты»-деп(10-б) жамгырдан кийин чаң баскан өсүмдүктөр таптаза болуп, мөлтүрөп чыга келгенин көркөм баяндап берген.

Демек, Ж.Абдылдаев мындай мазмундуу ырлары менен улуттук балдар адабиятыбызга өзүнүн мыкты үлүшүн кошорунан умут арттырат. Ошону менен бирге эгемендүү улуттук балдар адабиятынын мындан ары өсүп-өнүгүшүнө, анын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүгүнүн артуусуна кол кабыш кылар акын-педагог катары калыптануусунда да шек жок экендигине ишендирет.

## Ы.Кадыровдун ырларындагы балдардын таанып-билүүсүн өстүрүү идеялары

Акындын «Түстөн чыккан түрмөктөр» аттуу ырлар топтомунда салттуу жана оюн ырлары киргизилген да, турмуштагы түркүн түстөрдүн табиятын балдарга көркөм сөз менен жеткиликтүү баян кылып берген. Анда: ак, ала, боз, буурул, жашыл, кара, кашка, кер, коңур, кочкул, көк, куба, куу ж.б. жыйырма беш түс тууралуу балдарга таанууга аракет жасаган. Албетте, китепчеде баян этилген мындай түстөрдү, жалпы жолунан алганда балдар тааныганы-таанлыбаганы бар, бирок, Ы.Кадыров аларды маанилерине жараша мисалдары менен элестүү, жеткиликтүү айтып берүүгө жетишкен.

Айталы, биринчи эле «ак» деген түстүү чечмелеп берүүдө бул сөздүн он беш маанисин таап берген. Андагы, лингвистикалык жактан алганда, сөз маанилеринин жылышын эске алганы, анын омонимдик маанилерди туура бергени, иши кылса, балдардын көз карашын да, билимин да, түшүнүгүн да, сөз байлыгын да өстүрүүгө кылган аракети баалоого татырлык.

Тактап айтканда, ак түс–кардын элесин, суунун акканын, тазалыкты, айран-сүттүн жалпы аталышын бергени, ак батаны, ак жоолук түшүнүгү менен аялзатынын сыпатталышын, ак жаан, ак алтын, жалкоолуктун ак кол деп айтылышын, ак дил, ак көңүл, ак жолтой, ак марал, ошондой эле, баардык жакшылык түшүнүгүн туюнтаарын бергени эң эле кызык. Ал эми «Кара» деген сөздүн 20дан ашык түшүнүк бергени мындан да кызык. Мисалы, «Кара» деген сөз менен – көмүрдүн, чачтын өңүн, кара–деп бир жакты кароого буюрууну, көп элди, ири малды, түшүнтүүнү, кара жанга калп күлүүнү, муз тоңбос кара сууну, ошону менен бирге, суунун чоңун туюнтууну эске салган да, кара ниет, кара өзгөй адамдык сапатын, кара күчтү, караа жаак сөзмөрдүн бир атын, жүрөгүндө кара жок–деп баатырдын эрдик сапатын айтарын да далилдүү мисал менен элестүү бере алган. Жана да:

«Кызыл ат деп аталат,

жылкы аппак түстөгү,

кызыл деп айтылат,

Эгин–түшүм күздөгү»-деп, кызыл сөзүнүн ондон ашык маанисин кеп кылат. Атап айтканда, ушундай эле мисалдары менен ала түсүнүн-жети, боз сөзүнүн жети, кашка сөзүнүн-сегиз, көк түсүнүн-тогуз, куу сөзүнүн-ондон ашык түшүнүгүн ыр менен таап айтат. Булар менен, автор балдарга эне тилиндеги түстөрдү билдирген сөздөрдүн табиятын түшүндүрүүгө эң сонун мисал болорун дидактикалык каражат болор ырлар түрмөгүн жараткан. Мунун өзү учурдагы балдар адабиятындагы дидактикалык поэзиябызга сөзсүз өз салымын кошору шексиз.

Ы.Кадыровдун бул жыйнагындагы дагы бир көңүл коер ыр саптары– ушундай эле дидакатикалык поэзиябыздагы өз ордун сөзсүз табар «Сөз оюндары» аттуу ырлар түрмөгү болуп саналат. Сөздүн барк-баасын айтып келип, автор мындай дейт:

Сөз берсең-аткар аны

Өзүңдү сыйла, демек.

Ата Журт очогундай,

Сөздү да коргоо керек (24 бет)

Автор туура айтат. Анда ал Ата Журтту кандай коргосок, эне тилибизди да ошондой коргообуз керектигин, Ата Журтту коргоодо кас душмандар менен кандай кармашсак, эне сөзүн коргоо да, эне тилин унуткан, аны сыйлабаган, сүйбөгөн, эне тилин чанган, башка тил менен алмаштырган манкуттар менен дал ошондой эле кармашуу керектигин эске салат. Чындыгында, балдарга деклоративдик маанидеги ырлар эмес, эне сөзүнүн

маани-маңызын, түпкү тегин чечмелеп түшүндүргөн дал ушундай дидактикалык ырлар да абдан керек.

Албетте, төл адабиятыбызда мындай сөз оюн-ырларын түптөп-өнүктүрүүдө акындар А.Кыдыров, Т.Самидинов жана Б.Асаналиевдер кыйла ырларын жазып, балдарды сүйүптүп келүүдө. Ушул жагдайда, акын Ы.Кадыров да, аталган жыйнагында: «Аннаграмма, Логогриф, Метаграмма, Шарада, Акро ыр сыяктуу түрлөрүнө мыкты мисал болор, балдардын акыл-ишкердүүлүгүн арттырар оюн-ырларын сунуш кылган.

Алсак, анаграмма түрүндөгү оюн-ырларындагы дидиктикалык тапшырма: негизги сөзгө салыштырмалуу экинчи сөздүн тамгаларын орун алмаштыруу аркылуу табышмак катуу, анын «жандырмагы» сыяктанган жаңы сөздү табуу, тапканда да айтылган ойго жараша катылган жаңы сөздү ой жүгүртүп таптыруу максатын көздөө өзгөчө маанилүү.

Мисалы: Жолборс түстүү бир өңдү

Жакшы ойлосоң табасың.

Албетте, бул сөз чаар болду дейли. Айтмакчы, бала бул сөз жогоруда айтылган негизги сөз экенин туят. Эми, ага салыштырмалуу түрдө табышмактантып катылган, айрым тамгалар орун алмаштыруудан улам пайда болор:

Тамгаларын которсоң

Бир идишти табасың,– дегендеги **чара** - деген сөздү бала өз алдынча ойлонуп табуусу керек. Чындыгында, чара деген сөздөгү, **ч, р, а,** деген үч тыбышты орун алмаштыруу менен гана, башка тыбыш кошулбастан жаңы сөз жасалып жатканын, андагы коюлган дидактикалык максатты туура түшүнгөн бала сөз оюнду өз эрежеси менен туура «ойной алары» шексиз.

Китепте, албетте мындай дидактикалык тапшырмаларды камтыган: өтүк-өкүт, чачпак-чапчак, өөк-көө сыяктуу сөзордүн жасалышын табуу милдети коюлган кызыктуу сөз оюндары да арбын.

Ушул эле сыяктуу, негизги айтылган сөзгө салыштырмалуу–сөзгө башка тамга уланып, же кемитилип пайда болгон жаңы сөздү табууну максат кылган Логорифтери да орун алган.

Адегенде таап ал,

Бирдиктин бир санын.

Баш тамгасын окусаң

Алоолонгон от-жалын. – дейт бирөөндө. Албетте, – бирдиктин бир саны–төрт болсо, анын баш тамгасын кемитип окусак өрт деген сөздүн келип чыгышы күмөнсүз.

Ошондой эле:

Толук жазылып турса,

Ичине кирип жат.(чатыр)

Баш тамгасыз айтылса,

Жыты аңкыган зат (атыр)

Аяккы эки арибин окусаң,

Көңүлү болот шат (ыр) -деген Логогрифи да абдан логикалуу, баланын сөз маанисин форма менен мазмунун элестүү ой жүргүтүү менен түшүнүүнү көздөгөн, акылын да, сөз байлыгын да өстүрүүгө шык кошкон дидактикалык мүнөзгө ээ.

Ы.Кадыров метаграммаларды да түзүүгө устат экенин байкайбыз. Аларда сөздүн бир гана тамгаларын алмаштыруу менен жаңы сөздү табуу сыяктуу логикалык милдеттерди чечүү коюлганын байкоо кыйынга турбайт.

Мындай метограммаларына: турак-курак, жол-жон, элет-элек, жалбырак-жалтырак, уй-үй, акыл-акыр-акын, төрт-торт, акча-алча – деген сыяктуу түрдүү тематикада балдарды ой жүгүртүп сөз маанисин табууга түрткөн логикалуу ырлары мисал болот.

Мындан сырткары–сөзгө жаңы мууну кошуп жаңы сөздүн жасалышын тапшырган шарадалар (Мисалы: чаар+чык, кур+ак, кара+кур, чым+чык ж.б.) ырдагы мазмундаш саптардын баш тамгалары аркылуу жаңы сөздү окуп-табууну көздөгөн акро ырлар да Ы.Кадыровдун педагогдук чеберчилигин, лингвистикалык түшүнүгүн кеңири экендигин айгинелеп турат.

Анткени: Темирден

Аттын бутуна

Кадалгандын

Аты эмне?

же,

Жадырап тийип күн нуру,

Ала шалбырт жаз келет,

Заматта гүлдөйт тал-терек–деп суроо коюу менен, анын натуралдык жактан да аты така экендигин, баш тамгаларынан ылдый тике окуганда да жаз деген сөздөрдүн келип чыгышын шарттаган мындай ыр эне тил сабагынан окуган мугалимдин ролун аткарган акын-автордун да максаты бирдей болуп турганын байкоо эң маанилүү.

Мындан сырткары, түрдүү жан-жаныбарларды айдоонун кыргызча аталышын билдирген «Айдаганда дейт экен», түрдүү түшүнүктөрдүн аталышын туюнткан «Сөздүк ыр» жана башка ырлары да дидактикалык мүнөзгө ээ ырлардан. Анда автор мындай деп жазат:

Ууртунан жылмаюу–мыйык,

Тил албас кежир–кыйык,

Шаардын бир аты –калаа,

Жалган доомат–жалаа.

Электин алкагы–карскан,

Балканын чоңу–барскан, жана башка. Же болбосо, «Баш тамгасын өзүң тап» деген табышмак ырын окуйлу:

Суюк болсо –...уу,

Ысытсы–...уу,

Чурулдаса –...уу,

Кол чабышса –...уу,

Учса –...уу,

Көтөрсө –...уу,

Мунун жооптору: суу, буу, чу, дуу, куу, туу.–деген сөздөр экени балдарды сөзсүз кызыктырат.

Ы.Кадыровдун  салтуу ырактагы ырлары да дүйнө таанытуу, тарбия-таалим идеяларына жык. Анын «Уят болдум», «Үч жарык», «Тез жардам», «Аргасыздан күлөмүн», «Сыр», «Кылган экен чекилик», «Ким күнөөлүү» деген ырларында балдарды адеп-ахлакка, ыйманга, адамга жакшылык кылууга, ички дүйнөнү тазартуу, күндөлүк турмуш эрежерин таанытуу сыяктуу идеяларга чакырууга өзгөчө маани берилет.

Мисалы: «Уят болдум» ырында:

«Токтой турчу, жаманым»,

Кайда сенин саламың.

Алдың бекен? жок бекен,

Тарбиясын атанын...» деп, улууга салам айтуу парзы тууралуу кеп кылса,

Кызыл жарык «токто» дейт,

Сары жарык «даярдан»,

Жашыл жарык «өтө» бер,

Бирок, «сак бол, аярдан»-деп, көчөдөгү күндөлүк жашоо турмуш эрежелерин балдардын эсине салат.

Же болбосо:

«Жаркылдатып жарыгын,

Шашып барат «тез жардам».

Адаштырып ажалды,

Качып барат «тез жардам»-деп, «тез жардам» ырында бирде, оорулууга шашып бараткан дарыгерди элестете, бирде оорулууну ажалдан адаштырып баратат деп гуманистик идеяны айтуу менен, ак халатчан ак ниет дарыгердин элесин даана тартат. Же, ойноп жүрүп машинанын алдына чыга калып, ошонун кесепетинен эки машинаны сүзүштүрүп койгон Урмат деген бала («Кылган экен чекилик») бир кейитсе, талашканы таш, боз ала чаң болуп мушташыкан балдар («Таш») мыйыгыңдан күлкүңдү келтирет.

Иши кылса, акын Ы.Кадыровдун аталган ырлары мына ушундай алгылыктуу тарбия берчү ойлору менен атайын сөз кылууга арзыйт. Анын мындай стили улуттук балдар поэзиябыздын учурдагы алп өкүлдөрү А.Кадыров менен Т.Самудиновдордун дидактикалык поэзиясынын таасиринде калыптанса да, өз үнүн, өз жолун табууга кылган аракети айрыкча экенин туюнтуп турат.

## Балдарга кыргыз турмушун таанытууну көздөгөн акын

## (Исабек Токтогуловдун «Кап көтөргөн карышкыр» аттуу жыйнагы тууралуу)

Эгемендүүлүгүн алып, элибиз өз алдынчалуу жолуна түшкөнү адабиятыбыздын өнүгүү багыты өрлөп, тематикасы байып, жаңыча образдар жаралат – деп күткөнүбүзгө жетише албай турган чак. Ошентсе да, «Көч жүрө-жүрө түзөлөт» дегендей, «Улуу Манас» дастанын, жүздөгөн керемет жомокторду жараткан түптүү калкыбыз дагы деле болсо жаңы замандын духундагы жаңы рухий туундууларды жарата береринде шек жок. Ушундай илгери үмүттөр улуттук балдар адабияты жаатында да жоогазын гүлүндөй кылтайып, мамлекеттин камкордугун күндүн нуру сымал самап турганы турган.

Бирок күтүп тура берүүгө болбойт. Мектептин окуу китептеринен башка окуучунун көркөм ой жүгүртүүсүн өстүрөр аңгеме, жомок китептерге суусап турганда биздин бир катар акын-жазуучуларыбыз өз демилгелери менен китеп чыгарууга белсенип отурганы эң жакшы көрүнүш.

Ошолордун ичинде көп жылдардан бери бөбөктөрүбүзгө арнап ырлары менен жомок-уламыштарын жазып, чыгарып келаткан акыныбыз Исабек Токтогулов дагы бар. Ал, башка темада чыккан айрым китептерин эсепке албаганда, көпчүлүк убактысын балдарыбызга ыр жазып арнап келатканы байкалат. Буга чейин чыккан «Жылан менен Куркулдай», «Өрүккө илинген ай» аттуу татынакай эки жыйнагы бөбөктөрүбүздүн сүйүктүү китебине эчак эле айланган. Ал эми КРнын Мамлекеттик тил боюнча улуттук комисиянын конкурсунун жеңүүчүлөрүнүн чыгармаларынын топтому болгон «Кубан, бөбөк» жыйнагындагы ырлары акын И. Токтогуловду нагыз балдар акыны катары дагы бир ирет таанытkан.

Мына ушул акыныбыз соңку жылдардан бери жазып жүргөн ыр түрүндөгү жомок, уламыштарын топтоп, кайтадан минтип колубузга салып отурганы кубанарлык көрүнүш.

Китептин аты эле баланы өзүнө тартып, ойго салып, «мени оку» деп тургансыйт. Деги, бул жагынан алганда, чыгармага ат коюуда эле И. Токтогулов ийгиликке барар жолду издегендей көрүнөт. Анын «Өрүккө илинген ай» аттуу жыйнагынын да аталышы китептин ичиндеги ырлардын поэтикалуу көркөм этюддардын топтомун элестетип турчу. Эми минтип,

жаңы китебинин атын «Кап көтөргөн карышкыр» деп атап отурганы да буга чейинки стилин сактап, аны андан ары өнүктүрүп отургандай ой түшүрөт.

Китеп таанытуучу жана тарбия берүүчүчү багытты көздөгөн олуттуу ыр-жомоктордон жана уламыштардан түзүлгөн экен. Ал «Дос болгула» деген аталыш менен жергебизде жашаган түркүн канаттуулар жана жан-жаныбарлар менен тааныштырууну көздөгөн ырлар топтому менен ачылган.

Анда: «Өзгөчө мен таң калдым,

Арасынан жандардын,

Өтө жакын мына ушул,

Сүйгөн досу балдардын.- деп, тоолук кыргыз балдары күн сайын көрүп-билип жүргөн: кекилик, торгой, бөдөнө, үкү, чычкан, мышык, бака тууралуу ырлар топтомун берген. Андан соң, «Билип ал» деген аталыш менен табият таанытуу максатын көздөп:

Табияттан билип ал,

Көңүлүңө түйүп ал,

Даракпы, же бадалбы,

Бактын түрүн билип ал,- деп, шилби, ыргай, кожогат, арча, карагай, ж.б. бадалдарды, алардын мүнөздүү белгилерин, бири-биринен өзгөчөлүктөрүн чебер тил менен бере алган. Ал ырлар табият таанытуу менен адабият предметин айкаштырып (интеграциялап) өткөрүп отурган көрсөтмөлүү жандуу сабак сымал балдарга табият туралуу билим берип отургандай. Андан аркы «Кап көтөргөн карышкыр», «Жөө күлүк», «Чаркы кеткен чаарчыктар», «Жетим мамалак», «Ит төрөсү кумайык» аттуу кызыктуу уламыш, жомок, поэмалары бир кыйла жандуу, ар тараптуу мазмунга ээ.

Кийинки мезгилде улуттук адабиятыбызда фантастика жанры дээрлик унутта калып баратат. Балдардын кыял чабытын өнүктүрүүдөгү ордун эске алсак, фантастикалык чыгармалар бизге эң эле керек. Ушундай мүмкүнчүлүк И. Токтогуловдун колубуздагы жыйнагынан да жолугуп отурат. Анын «Кереметүү жандыктар» аттуу фантастикалык поэмасы космосту изилдөөчү Роботтор, алардын Ай, андан ары Марс планетасын изилдеши, Марстагы турмуш, андагы түрдүү жандыктар, алардын жашоосу жана башкалар жөнүндө кызыктуу баян кылат.

Мындан сырткары, «Ажыдар аткан мерген», даректүү окуядан алып жазган «Аңчынын ыйы», «Карышкыр алган барчын», «Балыкчы мышык» ж.б. поэмалары да кызыктуу чыккан.

Негизинде, жыйнак кызыктуу,ар тараптуу, ар бир чыгарма өзүнүн жүгүн татыктуу көтөрө алган, нагыз кыргыз турмушун, кыргыз жан дүйнөсүн таанытуучу жана ага тарбия берерлик мазмунга ээ ыр, жомок, поэмалардан түзүлгөн. Анын ар биринде кыргыз элинин турмуш элеси тартылып, анын добушу угулуп, тоолорунун атыр жыт абасы буруксуп тургансыйт. Аларды акын кыргыз баласы таанысын, билсин деп тартуу кылып отурганы эң сонун болгон.

Китеп ушундай сапаттары менен мектеп курагындагы балдарга айрыкча баалуу болмокчу.

МАЗМУНУ

Баш сөз.

Балдар адабиятыбыздын учурдагы абалы тууралуу учкай сөз…………....3-4

Токтогул Сатылгановдун дидактикалык чыгармаларынын таалим-тарбиялык мааниси..............................................................................................

Барпы Алыкуловдун дидактикалык поэзиясынын дүйнө таанытуучулук жана адеп маданиятына тарбиялоочулук маңызы...............................................

Тоголок Молдонун поэма-тамсилдеринде балдарга акыл-тарбиясын берүүнүн маанилүүлүгү тууралуу.........................................................................5-8

Акын Алыкул Осмоновдун балдарга калтырган рухий мурастары ...............

Ш.Бейшеналиевдин чыгармаларындагы балдардын мүнөзүн калыптандыруунун педагогикалык-психологиялык жагдайлары тууралуу.............................................................................................9-14

Ш. Садыбакасовдун бала көңүлүн шат кылган аңгемелериндеги ыймандык тарбия берүү идеялары ......................................................15

Т.Самудиновдун ырларында баланы интеллектуалдык жактан өнүктүрүүчүлүк идеяларынын берилиши...............................................19.

Б.Асаналиевдин чыгармаларындагы этнопедагогикалык тарбия берүүжана дүйнө таанытуу идеялары………………….................................34

К.Жунушевдин ырларында балага дүйнөнү, ал жашаган чөйрөнү таанытуу идеялары .........................................................................48

Ж. Абдылдаевдин « Бал челек» аттуу жыйнагындагы билим берүү жана тарбия идеялары...............................................................64

Ы.Кадыровдун ырларындагы балдардын таанып-билүүсүн өстүрүү идеялары.......................................................................................... 67

Балдарга кыргыз турмушун таанытууну көздөгөн акын (Исабек Токтогуловдун «Кап көтөргөн карышкыр» аттуу жыйнагы тууралуу).......

*Окуу басылмасы*

**С.Рысбаев, К.Миңбаева**

**Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы**

**педагогикалык идеялар**

Редактор: С.Момуналиев, п.и.д., профессор

Рецензент: Б.Абдухамидова, п.и.к

Басууга: 25-июль, 2014-ж. берилди.

Көлөмү:…..

Буйрутма №….

Нускасы:500

Китеп………………………………..басылды, Бишкек, 2015-ж.